
This project is funded
by the European Union

INNOVATIVE SOLUTION INC.

UN WOMEN
United Nations Entity for Gender Equality
and the Empowerment of Women

EU, «INNOVATIVE SOLUTION INC.», UN WOMEN оноктош долбоору

# Жергиликтүү деңгээлдеги саясаттар менен бюджеттерди гендердик талдоонун инструменттери



This project is funded by the European Union

**EU** алдыңкы жетишкендиктерин, ресурстарын жана өз элдеринин тагдырын бириктирген 28 мүчө-мамлекеттер киришет. 60 жылдан бери биргелешкен аракеттер менен алар ар бир өлкөнүн маданий көп түрдүүлүгүн, жеке эркиндиктерин жана бирин чыдамдуулук чөйрөнү сактоо менен туруктуулуктун, демократиянын жана туруктуу өнүгүү зонасын түзө алышты. EU өз чегинен тышкары жайгашкан өлкөлөрдүн жана элдердин өз жеңишине ортоктош болуусуна умтулат.

United Nations Entity for Gender Equality and the Empowerment of Women

**Проект «Гендердик теңдик үчүн каржылоодогу отчеттуулукту күчөтүү»** долбоору – UN WOMEN менен EU гендердик теңдик боюнча биргелешкен глобалдуу демилгеси. Долбоор UN WOMEN түзүмү тарабынан дүйнөнүн 15 өлкөсүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасында (2013-2015) ишке ашырылууда. Долбоор гендердик теңчилик маселелерин улуттук пландоо, бюджеттөө жана мониторингдөө процесстерине, ошондой эле тышкы жардам көрсөтүүнүн башка ар кандай формаларына интеграциялоонун механизмдерин иштеп чыгууга багытталган.

**Innovative Solution Inc.** – коомдук бирикме, демократиялык баалуулуктарды, тең мүмкүнчүлүктөр саясатын, ачык коом идеяларын алга жылдыруу анын вазийпасы болуп саналат.
Улуттук, аймактык, эл аралык бир катар долбоорлордун алкагында өз алдынча, ошондой эле Innovative Solution Inc. коомдук уюмунун уюштуруучулары жана мүчөлөрү менен бирге гендердик, социологиялык, укуктук жана башка чөйрөлөрдө иликтөөлөр жүргүзүлдү. Азыр Innovative Solution Inc. коомдук уюму кызыкдар коомдук институттарга маалыматтык-билим берүү, аналитикалык кызмат көрсөтүүчү жана технологияларды иштеп чыгуучу аналитикалык борбор катары өнүгүүдө.
«Innovative Solution Inc.» коомдук уюму, өнүгүү процесстерин мониторингдөө, баалоо, аудиттөөнү кошкондо, аналитикалык иштердин бардык түрлөрүн аткарат; ошондой эле социалдык долбоорлорду демилгелейт; ошону менен коомдук институттардын потенциалын жогорулатууга көмөктөшөт.

INNOVATIVE SOLUTION INC.

Бул жарыялоо «Innovative Solution Inc.» коомдук уюму – UN WOMEN түзүмүнүн EU каржылаган «Гендердик теңдик үчүн каржылоодогу отчеттуулукту күчөтүү» долбоорун ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасындагы өнөктөшү тарабынан даярдалды.

Бул басылманын мазмуну үчүн авторлор жооп беришет жана ал EU менен UN Women түзүмүнүн көз карашын чагылдырбайт.

# Жергиликтүү деңгээлдеги саясаттар менен бюджеттерди гендердик талдоонун инструменттери

УДК 316.3/4
ББК 60.55
И 70

Жергиликтүү деңгээлдеги саясаттарды жана бюджеттерди гендердик талдоонун инструменттери. UN WOMEN, Innovative Solution Inc. - Б.:2015.-98 б.

**Авторлор: Бахрамова И.Р, Жусупова Ч.Т., Иванченко О.В., Юсипова Р.Т., Кузнецова Л.В., Пак С.А., Кыдыралиева М.А.**

**Топтун жетекчиси: к.с.н. Ибраева Г.К.**
**Түзүүчү: к.ю.н. Ниязова А.Н.**

ISBN 978-9967-27-776-2

Бул басылма EU каржылаган “Гендердик теңчиликти каржылоо үчүн отчеттуулукту күчөтүү” долбоорунун продуктусу болуп эсептелет.
Жарандык активисттер, эксперттер, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге багытталган.

И 0302020000-15

УДК 316.3/4
ББК 60.55

ISBN 978-9967-27-776-2

**© UN WOMEN 2015-ж.**
**© Innovative Solution Inc. 2015-ж.**

**МАЗМУНУ**


Ош областында аялдар ишкерлигин колдоону карталаштыруунун натыйжалары ………................................ 7

Жалал-Абад областында аялдар ишкерлигин колдоону карталаштыруунун натыйжалары ……………………………………………. 29

Ысык-Көл областында аялдар ишкерлигин колдоону карталаштыруунун натыйжалары ..………………………………………….. 36

Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын гендердик талдоо 44

Ош шаарынын 2013-жылдагы бюджетинин аткарылышын гендердик талдоо......................................................................

Кызыл-Кыя шаарынын 2013-жылдын 9 айлык бюджетинин жана 2014-жылга чыгым бөлүмүнүн долбоорунун аткарылышын гендердик талдоо………………………………………………………………........ 62

Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Барпы айыл аймагынын бюджетинин аткарылышын гендердик талдоо………………………………………………………………………....................... 70

Ош областынын Кара-Суу районундагы Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2013-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышын гендердик талдоо ……………………………………………………………….. 78

Каракол шаарынын 2014-жылдын 9 айы үчүн бюджетинин аткарылышын гендердик талдоо.............................. 88

## КИРИШҮҮ

Innovative Solution Inc. коомдук уюму тарабынан 2012-2015-ж.ж. UN WOMEN түзүмү менен бирге EU каржылоосу астында ишке ашырылган «Гендердик теңдик үчүн каржылоодогу отчеттуулукту күчөтүү» долбоорунун милдеттеринин бири – улуттук деңгээлде каржылоо жана бюджеттөө маселелерин талдоодо жарандык активисттердин жана гендердик адвокаттардын потенциалын жогорулатуу.

Башкаруучулуктагы функциялардын чаташкандыгынан, анын ичинде стейкхолдерлердин – ар кандай кызыкдар топтордун аракеттерин жөнгө салуунун жоктугунан улам көпчүлүк учурда жергиликтүү деңгээлде өнүктүрүү стратегияларын жана программаларды ишке ашыруу олуттуу тоскоолдуктарга туш болоору айгине.

Аялдар ишкерлигин колдоо саясатын талдоо үчүн эксперттер тарабынан колдонулган карталаштыруу инструменти аялдардын экономикалык чөйрөдө ыйгарым укуктарын күчөтүүгө багытталган программаларды ишке ашыруунун практикасын айгинелөөгө көмөк болду.

Бюджеттин ар дайым жетишсиздигинин шарттарында бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүн пландоону жана аткарууну гендердик талдоо жынысына карата жергиликтүү коомчулуктун кызыкчылыктарын жана муктаждыктарын эске алуу менен жергиликтүү маанидеги маселелердин артыктууларын тактоого жардам берет. Андан тышкары, эксперттер тарабынан колдонулган гендердик талдоо ар кандай кызыкчылыктагы топтордун – эркектердин/балдардын жана аялдардын/кыздардын гендердик теңчиликке жетишүүсүнө бюджеттин тийгизген таасиринин натыйжаларын баалоого мүмкүндүк берди.

Эксперттер тарабынан иштелип чыккан жергиликтүү бюджеттерди гендердик анализдөө Нускамасы талдоо процессинин алгоритмин жана талдоонун параметрлерин аныктады. Бул эксперттерге жергиликтүү бюджеттерди талдоого мамилени унификациялоого көмөктөштү.

Авторлор долбоордун продуктыларын даярдоого жана иштеп чыгууга уюштуруучулук жана методикалык мүнөздөгү жактан көрсөткөн ар тараптуу жардамы үчүн программанын Улуттук координатору Анар Мусабаевага ыраазычылык билдиришет.

Эксперттер иштеп чыгышкан долбоордун продуктыларын ар кандай кызыкдар тараптар – жергиликтүү кеңештер, өз алдынча башкаруу органдары, жарандык коом жергиликтүү деңгээлде саясатты, анын ичинде бюджеттик саясатты ургаалдаштыруу үчүн пайдаланса болот.

# Аялдар ишкердиги
# саясатын гендердик талдоо

# ОШ ОБЛАСТЫНДА АЯЛДАР ИШКЕРДИГИН КОЛДООНУ КАРТАЛАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**Карталаштыруунун максаты:** Ош областында аялдар ишкердигинин структурасын жана аялдар ишкердигин өнүктүрүүнү колдоо практикасын иликтөө, аялдар ишкердигин колдоо боюнча милдеттердин мамлекеттик органдардын, ошондой эле Кыргызстанда гендердик теңчиликтин өнүгүшүн жана/же ишкердиктин өнүгүшүн каржылаган донродук уюмдардын күн тартибине киргизилишинин деңгээлин аныктоо.

**Карталаштыруунун методологиясы:**

Карталаштыруунун методологиясы төмөндөгү изилдөө усулдарын колдонуу менен пилоттук областта аялдар ишкердигин колдоо чөйрөсүндөгү кырдаалды изилдөөгө негизделген:

1) Аял-ишкерлер жөнүндө маалыматтарды топтоо;
2) ишкердик структуралар менен тыгыз иштешкен мамлекеттик органдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
3) ишкердикти жана/же жарандардын укуктарын жана гендердик теңчиликти алга жылдыруу чөйрөсүндө иш алып барган областтын аймагындагы донордук уюмдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
4) донордук уюмдардын өкүлдөрү менен интервью өткөрүү;
5) мамлекеттик органдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин өкүлдөрү менен фокус-группаларда талкууларды өткөрүү;
6) айрым аял-ишкерлерди иликтөө (телефон аркылуу сурамжылоо).

Карталаштыруу процесси областтагы аял-ишкерлердин тизмесин түзүүдөн башталды. Маалымат базасын түзүү үчүн бир катар мамлекеттик, жергиликтүү коомдук уюмдардын, эл аралык уюмдардын жана бизнес-структуралардын - «Партнер» КФ, «Диа» КФ, Ош шаарынын ишкерлер Ассоциациясынын, Ноокат шаарынын аял-ишкерлер Ассоциациясынын, АЦПГО, «Ноокат BPN», FTI, ACDI/VOCA, «Ак-Өргө Азия»МКК, статистического управления Араван районунун статистикалык башкармалыгынын, Ош шаарынын мэриясынын жана Ош областтык мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү менен жолугушуулар өткөрүлдү.

Талкууга ишкерлер менен иш алып барган ар кандай структуралардын көптөгөн өкүлдөрү тартылганына карабастан, Ош областынын аял-ишкерлеринин толук тизмесин түзүү бир катар себептерден улам абдан оор болду:

- жарандык коомдогу өнөктөш уюмдар маалыматтар менен бөлүшүүнү каалабагандыгы даана көрүнүп турду. Бул таза атаандаштыктын жок экендигин далилдеди. Көпчүлүк уюмдар долбоорлорду биргелешип ишке ашыруу учурунда гана кызматташууга даяр.

- көп кездешкен прагматисттик мамиледе гана болууга умтулуу, бардык маалыматтар менен алмашуу үчүн акы талап кылуу учурлары ишкерлер менен түздөн-түз иштешкен айрым мүчө уюмдардын өз карамагындагы тизмелер жана маалыматтар менен бөлүшүүдөн баш тартуусуна алып келди;

• айрым мамлекеттик уюмдар да коммерциялашуу жолуна түшүштү. Статистикалык маалыматтарды берүүгө жооптуу уюмдар тийиштүү акы төлөгөндөн кийин гана маалымат берүүгө даяр;

• мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын коомдук мааниси бар маалыматтарга жетүү процедураларын ашкере бюрократташтыруусу, жазуу түрүндөгү расмий талаптарга жооп берүүнүн мөөнөттөрүнүн узундугу жана берилген маалыматтардын сапатынын төмөндүгү.

Ар кандай булактардан терип-тепчүү менен 300 аял-ишкерлерди камтыган тизме түзүлдү. Ушул тизменин негизинде капыстан тандоо жолу 100 аял-ишкерди камтыган тизме жаралды.

Ушул тандалган топ экспресс-ыкма боюнча телефон аркылуу сурамжыланды. Сурамжылоонун натыйжалары төмөнкү таблицада берилди.

Таблица 1. – Аял-ишкерлерди телефон аркылуу сурамжылоонун натыйжалары


| Категориялар | % |
|---|---|
| Ишмердигин улантып жаткандар | 22 |
| Ишмердигин токтоткондор | 9 |
| Телефон чалууга жооп бербегендер | 51 |
| Мындай номер жок | 16 |
| Каза болгондор | 1 |
| Тизмедеги эркектер | 1 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, бул сурамжылоонун жыйынтыктары көңүл толорлук болгон жок: сурамжыланган аялдардын 22 пайызы гана ишкер бойдон калышууда, анын ичинен 3 пайызы өз бизнесин күйөөлөрүнө каттатышкан. Аял-ишкерлердин маалымат базасындагылардын 42 пайызынын даректери туура эмес жазылган болуп чыкты, чейреги телефон чалууга жооп берген жок, ал эми 9 пайызы жооп беришти, бирок, өз ишмердигин токтотконун билдиришти. Башкача айтканда, түзүлгөн тизменин тактыгына кепилдик берүү кыйын.

Бизнес-сегментте иштеп жаткандардын арасында: 4,5 пайызы акционердик коом, 31 пайызы – жоопкерчилиги чектелген коом жана 64,5 пайызы – жеке менчик ишкана.

Өз биснесин улантып жаткан аялдардын ичинен 7 пайызынын гана жалданма иштөөчүлөрү бар. Респондент-ишкерлердин орточо жашы – 40-45 жаш.

Сурамжыланган аял-ишкерлердин ишмердигинин негизги багыттары 1-диаграммада берилген.




Мурдагы аял-ишкерлерди сурамжылоо алардын өз бизнесин жабуу жөнүндө чечим кабыл алуусуна таасир эткен негизги себептердинг негизги топторун аныктады:

- Ден соолугунун начарлашы;
- Ош шаарында 2010-жылы июнь айында болгон окуялардын кесепетинен финансы банкроттугуна кабылуу;
- жергиликтүү чиновниктердин коррупциясынан чарчоо («Бардык жерде колдоочуң болуш керек»);
- бизнести каттоо реалдуу ишкерлик демилгеге эмес, кредит алуу зарылдыгына байланыштуу болгон.

Сурамжыланган аялдардын 19 пайызы алардын бизнесине тоскоол болгон башка себептерди белгилешти (2-диаграмма).




**Жыйынтыктар**

1. Ири бизнес кылууга тобокелдик кылышпагандыктан, аялдар негизинен чакан жана орто бизнес менен аракеттенишет.

2. Мамлекеттик органдардын карамагындагы маалыматтар базасы өз убагында жаңыланбайт, андан каза болуп калгандарды да жолуктурууга болот. Жалпысынан маалыматтардын кемдиги жана так эместиги – эсептин башкы проблемасы.

3. Коомдук мааниси бар маалыматтарга жетүүнүн жабыктыгы бар/бериле турган маалыматтын сапатына карабастан, ар кандай формадагы коррупциялык практиканы жана опуза-талап кылууларды пайда кылууда.

**Ишкердиктин өнүгүшүнө бөгөт болгон тоскоолдуктар**

1. Ишкердиктин коррупциялык тоскоолдуктары:

- санэпидстанциянын көбөйүп кеткен формасындагы опуза-талап кылуулар;
- налог кодексин кызматтын чиновниктери тарабынан интерпретациялоо мүмкүндүгү;
- аялдар ишкердигинин социалдык-маданий тоскоолдуктары – бизнес кылган аялга калыс эмес мамиле.

2. Аялдардын ички саясаттын кебелбестигине жана туруктуулугуна ишениминин деңгээлинин төмөндүгү.

3. Кыйла сандагы бизнесмендердин ишмердигинин көмүскө мүнөзү.

**Ишкердикти колдоо субъектилеринин картасы**

Ош областында аялдар ишкердигин колдоону карталаштырууну жүргүзүү боюнча иш-чаралар аялдар ишкердигинин өнүгүшүнө кызыкдар болгон бардык стейкхолдерлер, б.а. адамдар, уюмдар, чтруктуралар жөнүндө маалымат чогултууну камтыды. Бул аймакта аялдар ишкердигин колдоого багытталган программалардын максаттары, потенциалы жөнүндө так маалыматтарды чогултуу зарыл эле. Ошондой эле биздин алдыбызда аялдар ишкердигин колдоо боюнча ишке ашырылып жаткан программалардын натыйжалуулугунун индикаторлору жөнүндө кызыкдар тараптардын пикирин билүү милдети турган эле. Бул үчүн стейкхолдерлер төмөндөгү суроолорго алдын-ала жооп бериши керек болчу: Эмне эске алынбай калды? Биринчи кезекте эмнеге көңүл буруу зарыл? Кандай ийгиликтүү натыйжалар бар?

Толук маалымат алуу үчүн Ош шаарында төмөнкүлөрдүн катышуусу менен тегерек стол өткөрүлдү:

- мамлекеттик структуралар (салык кызматынын шаардык Башкармалыгы, Ош мэриясынын ишкердикти өнүктүрүү бөлүмү, Ош областтык мамлекеттик администрациясынын экономикалык өнүктүрүү бөлүмү);
- Финансы-кредиттик мекемелер (ОФ МКА «ММС», МКК «Ак Орго Азия», «Айыл Банк», РСК, Банк Бай Тушум);
- Бизнес-консультанттар (BAS, BPN, «TES- борбор», СКС Ош, PUM, ЦК, ССК «Топ Агро групп», АППП КР);
- Өкмөттүк эмес уюмдар (ДССА, Мехр-Шавкат);
- Бизнес өкүлдөрү (Центр Контрактации Борбру, ОсОО «Азык Трейдинг» ЖЧК);
- ЖОЖдордун окутуучулары.

Ош областында ишкердикке колдоо көрсөтүүчү жана бизнес-процесстерди жөнгө салуучу **мамлекеттик структураларга:** КР экономика министрлигинин жергиликтүү структурасы – ишкердикке мамлекеттик колдоо көрсөтүү жана өнүктүрүү бөлүмдөрү, муниципалдык бийликтин структуралары (мэриянын жергиликтүү өнүктүрүү бөлүмдөрү, райондук жана шаардык мамлекеттик администрациялардын экономикалык бөлүмдөрү, салык, бажы кызматтардын жергиликтүү структуралары ж.б.). Бирок маалыматтарды чогултуп, талап кылгандарга берүүгө милдеттүү мамлекеттик органдар бүгүн толук өлчөмдөгү маалыматтарга ээ эмес, сайттары иштебейт, бюрократташкан жана өз ишин аткаруудан эринишкен жергиликтүү чиновниктер процедураларды сактоону сурангандан башканы билишпейт жана качан болбосун колдору бошобойт. Статкомитеттер, финансы бөлүмдөрү жана башка органдар тарабынан берилген маалыматтар карапайым жарандар үчүн кол жеткис жана гендердик жактан сегрегацияланбаган. Салык инспекциясында аял-ишкерлер тууралуу маалыматтар жок, бирок анда «ставка» дегенди жакшы билишет. Натыйжада ар кайсы

булактардан алынган маалыматтарды салыштыра келгенде дал келбейт. Бул алардын тактыгынан шек туудурат.

Бир караганда мамлекет аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө кызыкдардай сезилет. Анткени кийинки жылдары ар түрдүү стратегиялар жана программалар кабыл алынып жатат. Бирок ал программалардын белгилүү бөлүктөрүн аткарууга жооптуу мамлекеттик органдар өз жоопкерчиликтерин сезишпейт. Алар өздөрүнүн ролун жеткилең түшүнбөйбү деген пикир туулат. А балким, алардын компетенттүүлүгү төмөндүр, же көзөмөлдөөнүн механизмдери эффективдүү эмеспи? Мунун себептери көп болушу мүмкүн, бирок факт деген факт бойдон калат – ушунун баары Кыргызстанда ишкердиктин өнүгүшүнө тескери таасир этүүдө.

Мамлекеттик органдар сыяктуу эле ассоциациялар жана жарандык тармактар да ишкердиктин өнүгүшүнө чындап кызыкдар экендигин көрсөтүшпөй жатканын белгилеп кетүү маанилүү. Бизнес-сектор жабык бойдон калууда жана көпчүлүк учурларда өзүн өнүктүрүү үчүн жетишерлик потенциалы жок экендигин көрсөтүүдө. Жада калса айрым ассоциациялардын ичинде да бирдиктүү стратегия жок.

Мына ушул аргументтер азырынча республикада таза конкуренция калыптана элек, аймактарда менеджменттин деңгээли төмөн, ишкердикти өнүктүрүүнүн максаттары жана милдеттери жөнүндө түшүнүк жетишпейт, айрым уюмдар долбоорлордун алдында жана тырмакча үчүн түзүлөт.

**Аялдар ишкердигин колдоочу эл аралык уюмдар.**

Бул уюмдар жөнүндө маалыматтар эл аралык уюмдардын, донордук уюмдардын долбоорлорунун жана программаларынын өкүлдөрү менен областтын аял-ишкерлерин колдоо механизмдерин талкуулоо боюнча атайын уюштурулган жолугушууларда алынды.
Бул жолугушуулардын жүрүшүндө максаттуу топтор, эл аралык уюмдардын ишмердигинин артыкчылыктуу багыттары жана ишмердикти баалоонун критерийлери (МиО индикаторлору) тууралуу кеңири маалымат алынды.

Жолугушуулардын жүрүшүндө жана кабинеттик иликтөөлөрдүн натыйжасында бизнес менен өз ара аракеттенүү боюнча релеванттуу чөйрөдө иштеген 9 эл аралык уюмдар (BPN, BAS, ПРООН, ФЕЦА, ACDI\VOCA, UNICEF, GIZ 2 программалар) аныкталды. Мунун ичинен экөө Оштогу кеңселерин жаап коюшкан. Калган жетөөсүнүн ичинен бирөөнүн гана – ACDI\VOCA – Кыргызстандын түштүгүндө аялдар ишкердигин өнүктүрүү боюнча программалары жана долбоорлору бар. Бул уюмдардын өкүлдөрүнүн арасында сурамжылоо жүргүзүлүп, төмөндөгү маалыматтар алынды: Уюмдардын 8 өкүлүнүн (5 аял, 3 эркек) ичинен бирөө аялдар менен аларды бизнеске тартуу боюнча түздөн-түз иштешерин белгиледи; 7 уюмдун отчетторунда аялдарды программалык/долбоордук ишмердикке тартуу өзүнчө индикатор катары каралат, бирок, алардын ишмердигинде аялдар артыкчылык

берилген максаттуу топ эмес. Ырас, бир катар учурларда, эгерде бизнеске байланышы жок маселелердин (мисалы, тынчтыкты коргоо, жаштарды өнүктүрүү, айыл чарбасы ж.б.) үстүндө иштесе, аял-ишкерлер максаттуу топ болушу мүмкүн. Аялдар ишкерлигин өнүктүрүү менен шугулданган эл аралык уюмдардын ишмердигин координациялоо үчүн аянтча жок, ар кимисинин малыматтары ар башка, ар кимиси өз алдынча долбоорлорун ишке ашыруу боюнча иш алып барып жатышат. Эл аралык уюмдардын ортосунда тыгыз кооперация жана кызматташуу жок. Ошондуктан бирдиктүү маалымат базасы да жок. Кээде бир эл аралык уюмдун алкагында эки программа ишке ашырылып калат, бирок, анда иштегендер бири-биринин эмне иш кылып жатканы менен кабары жок. Ош областында аялдар ишкерлигин колдогон программалар жөнүндө жалпы маалыматтар (2-табл. караңыз).

Ишкерлер менен иштешкен жана иштөөнү ниет кылган эл аралык уюмдарда максаттуу топтор жөнүндө такталган маалыматтар жок болуп чыкты, алар мурда ишке ашырылган жана ишке ашырылып жаткан долбоорлор боюнча өз ишмердиктерин синхрондоштуруу боюнча толук карталаштырууну жүргүзүшпөгөн, жада калса, аялдар ишкердигин колдоо боюнча өз ара эффективдүү коммуникацияны да жөнгө салышкан эмес.

Аялдар ишкердигин колдоо ишиндеги маанилүү проблемалардын бири – бул чөйрөдөгү прогрессти мониторингдөө системасынын жолго коюлбагандыгы. Мындай мониторингди киргизүү биринчи кезекте прогресстин көрсөткүчтөрүнүн сапаттык жана сандык индикаторлорунун болушуна байланыштуу болот. Эл аралык уюмдардын өкүлдөрү менен талкуулоо аялдар ишкердигин колдоо үчүн төмөндөгү нгегизги көрсөткүчтөрдүн тизмесин түзүүгө мүмкүнчүлүк берди:

- Бизнеске тартылган аялдардын саны;
- аял-ишкерлердин бизнесинин түрүнүн, деңгээлинин өсүшү;
- аялдар бизнесиндеги жаңы технологиялардын саны;
- аялдар ишкерлигинин ар түрдүү секторлорундагы жаңы кызмат көрсөтүүлөрдүн саны;
- алдыга коюлган милдеттерди биргелешип ишке ашыруу үчүн өнөкөштөрдүн/акторлодун саны;
- бизнес-өндүрүштүн экономикалык пайдасынын өсүш пайызы;
- өндүрүштүн иш жүзүндөгү динамикасы;
- түзүлгөн жумушчу орундардын саны;
- иштөөчүлөрдү жалдоо мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү пайызы;
- жаңы бизнес ачууну каалаган аялдардын саны;
- аялдар бизнесинин стартаптарынын саны, анын ичинде бизнести өнүктүрүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик программалардын колдоосу астында;
- сатуулардын жана кирешелүүлүктүн пайызы;
- айлануудагы каражаттын көлөмү;
- аял ишкерлердин бизнес менеджмент чөйрөсүндө тажрыйбасы жана билими;

- финансы боюнча сабаттуулук, анын ичинде салык мыйзамы боюнча окутуудан өткөндөрдүн саны;
- бизнестеги финансы менеджменти системасынын көрсөткүчтөрү;
- финансы институттары жана башкалардын алдындагы милдеттенмелерин аткарган аялдардын саны, аймактагы аял-ишкерлерге карата % менен;
- Финансы-кредиттик мекемелердин депозиттик кызматынан пайдаланган аял-ишкерлердин саны;
- Ийгиликтүү аял-ишкерлер тууралуу медиа кабарлардын саны.

**2-таблица. Ош областында аялдар ишкерлигинин өнүгүшүн колдогон программалар жөнүндө жалпы маалыматтар**

| № | Ишкерчи-лик боюнча ким иштейт? | Артыкчылык багыттар кантип аныкталат? Аялдардын максаттуу топтору барбы? | Кимди жана кантип колдоо маселеси эмненин негизинде чечилет? | Аялдар бизнесин колдоонун формасы? | Бизнести өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн баалоонун индикаторлору кайсылар (анын ичинде аялдар бизнеси да бар)? |
| --- | --- | --- | --- | --- | --- |
| 1 | BPN Программасы | Калкка кызмат көрсөтүү, өндүрүшчүлөр, кайра иштетүү, бизнести өнүктүрүү, бизнес-консультация-лар, ишкердик боюнча окутуу, бизнес-кредиттерди берүү | Иштеп жаткан бизнес (3 айдан 6 айга чейин), бизнес-план консультанттар-дын жардамы менен түзүлөт | Билим берүү (бизнести түшүнүүсү, инструменттер) – ишкерлер үчүн акысыз жана акы төлөнүүчү консультациялар. Тренингдерди өткөрүү. Жабдуу сатып алуу үчүн 13 пайыздык 1 млн. сом суммасындагы алгачкы кредиттер (лизинг); 17 пайыздык 1 млн. сомдон жогорку кийинки кредиттер | Ишкер өз ишинин адиси болуш керек; жаш категориясы – 50 жаштан жогору (эгерде мураскору жок болсо) кардар эмес |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **Байкоо:**Эркектерге караганда аялдар жоопкерчиликтүү келишет 14 адам окутуудан өтүштү, анын ичинен 7-8и аялдар | |
| 2 | BASПрограммасы | консультанттар-ды тартуу менен чакан жана орто бизнестин ишканаларына консультациялык кызматтар ишкерлер менен иштөө | • консультациялар,финансы менеджменти, мерчендайзинг саясаты боюнча өнүгүү | • аял ишкерлерин жана жаштарды колдоо<br><br>**Байкоо:**2 жылдан бери иштеп жатышкан ишкерлер менен иштөө, гранттын суммасынын 75% консультанттын ишин төлөөгө<br>Бизнести секторлорго бөлүү (12 сектор) ар бир секторго өзүнчө индикатор –капиталдын айланышы, сатуулар жана экспорт (канча % буга чейин жана андан кийин экспорттолгон), кайталанган | Долбоорду жана консультант менен клиенттин ортосундагы мамилени мониторингдөө (2 жолу), Бир жылдан кийин кошумча мониторинг жүргүзүү<br>-менчик ишканага жеке мамиле, 1-2 жыл бою мониторинг жүргүзүү, айлануудагы капитал, кандай кызматтарды көрсөтөт, түзүлгөн жумушчу оруңдардын саны, жаңы технологияларды |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | проблемаларды (рейдерлик, салыктар, кредиттер) эсепке алуу, СМС-дилдирүүлөр аркылуу мыйзамдагы өзгөртүүлөр жөнүндө кабарландыруу | киргизүү, салыштырма талдоо жүргүзүү |
| 3 | ФЕЦА («Тынчтык үчүн аялдар демилгеси” долбоору») | тынчтыкты орнотуу аркылуу ишкердикти колдоо аялдарды чечимдерди кабыл алуу процессине катыштыруу | • бизнес-пландардын негизинде конкурстарды жана тандоолорду жүргүзүү | • СВ ЦГ<br>• 16 аялдар банкы (11и Ошто)<br>• 9000$ чейинки мини-гранттар до – соц. ишкердик (30-35%);<br>**Белгиленди:**Аялдар банкы – бул этностор аралык элдешүүгө жана адамдар ортосунда ишенимди орнотууга багытталган 60 тан ашуун долбоорлорду ишке ашырып жатышкан Ош жана Жалал-Абад шаарларында жашаган | • Долбоорлорду ишке ашыруунун сапаты;<br>• Тынчтык курулушка багытталган долбоорлорду жана иш-чараларды ишке ашыруу үчүн жергиликтүү бийлик менен алака түзүү;<br>• Банк мүчөлөрүнүн коммуникативдик аянтчаларга кирүүсү;<br>• Жергиликтүү коомчулуктун проблемаларын чечүү үчүн кошумча ресурстарды тартуу |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жигердүүү аялдардын тобу. Айкындуулук принциби боюнча аялдардын топтору алардын коомчулугундагы жалпы жана артыкчылыктуу милдеттерди чечүү үчүн чакан долбоорлорду өздөрү аныкташып, өздөрү ишке ашырышат. Бүгүнкү күнгө чейин 16 Аялдар банкы (АБ) бар. | (биздин гранттардан башкасын) |
| 4 | ACDI/VOCA Аялдар ишкердиги Программасы | Академиялык мамилени пайдаланышат – тоскоолдуктар менен түздөн-түз иштешүү (проблемалар-ды талдоо), 4 тоскоолдук: 1)бизнес жүргүзүү | кызыкдар аялдардын баардыгы үчүн ачыктуулук Критерийлер боюнча: бизнести башкаруу; | • 4 тоскоолдукту чечүүгө колдоо; • атайын тренингдер, көргөзмөлөрдүн ишине катышуу • бизнес-пландардын конкурсу аркылуу инновациялык өсүү Фондусуна жакындашуу (мини гранттар аркылуу); | Тез арада болуп өткөн өзгөрүүлөрдү – программадагы аялдардын санын, аялдардын тренингдерге катышуусун (адам/сааттар), көргөзмөлөргө катышкан аялдардын санын чагылдырган |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | маселесин жеткилең түшүнбөгөндүк, өзүнө ишенүү жок (капитал адам);<br>2) ишкер аялдарда рынокторго жана ар түрдүү тармактарга чыгуу тажрыйбасынын жоктугу – (соц. Капиталдын жетишсиздиги);<br>3) финансы ресурстарынын кол жетпестиги, тобокелчиликтерди сезүү жөндөмүнүн төмөндүгү; | Эң аз дегенде 1 кызматкердин болушу;<br>Пилоттук секторлордогу бизнес: тикмечилик, айыл чарба азык-түлүктөрүн кайра иштетүү жана айыл чарба туризми | • гендердик сезимталдык менен мамиле жасоо<br>**Белгиленди:** Грант – бул колдоо эмес, гранттардын эффективд. талдоо зарыл | мониторингдер пайдаланылат.<br>Мамлекеттик программалар үчүн: аялдардын саны, аял-ишкерлер үчүн бизнестин өсүшүн өлчөө, көрсөткүчтөр катары түзүлгөн жумушчу орундар, сатуулар жана кирешелүүлүк; жаңы бизнес ачууну каалаган аялдардын саны же мамлекеттик программалардын алкагындагы стартаптарды колдоо. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 4) тышкы регулятивдик чөйрө | | | |
| 5 | ЮНИСЕФ | •Жаштар борборлорун өнүктүрүү аркылуу жаштарды колдоо, алардын туруктуулугу (3 жаштар борбору – жетекчилери - аялдар) | GIZ сунуш кылган жалданган бизнес-консультантар, | 7 чакан гранттар (5 ЮНИСЕФ, 2 GIZ). Белгиленди: Финансылык туруктуулук үчүн социалдык ишкердик ачуу үчүн материалдык гранттар берилет, алардын кирешелеринин 40% операциялык чыгымдарга берилет | Индикаторло жок, жаңы эле иштелип чыгууда |
| 6 | ПРООН – Тынчтык жана Өнүгүү программасы | социалдык-экономикалык өнүктүрүү боюнча жергиликтүү демилгелерди колдоо Соодага көмөк | жаштардын жана аялдардын потенциалын күчтөндүрүү жана алардын активдүүлүгүн өстүрүү | чакан гранттар адистештирилген тренингдер | гранттарга караганда кредиттик ресурстар аркылуу өнүгүү мажбурлуктар боюнча консультациялар адистештирилген тренингдер(тар багытта), практика |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 7 | GIZ, ишке ашырылуу-да | туруктуу экономикалык өнүгүүгө көмөктөшүү түштүктө турмуш деңгээлин жогорулатуу жана КР түштүгүндөгү кагылышуулар-ды трансформация-лоо айыл чарбасы | конкурстар, гранттар, талаптар жана сунуштар | аялдар приоритет эмес **Белгиленди:** 35 жаштан улуу аялдар менен иштешет (андан кичүүлөр лидер эмес, башка шаарларга кетип калышат, турмушка чыгышат, социалдык иш-чараларга катышпайт) 6-7 долбоор | |
| 8 | ФАО | акыркы эки жылда түштүктө иштешпейт | | | |
| 9 | Хельветас, Алайдагы жаңы долбоор | өз ишмердигин изилдөө жана пландоо стадиясында | | | |

**Ош областында аялдар ишкердигин колдоону карталаштыруунун натыйжалары боюнча төмөндөгүдөй жыйынтыктар чыгарылды:**

1. Бизнеске катышкан аялдардын саны жана алардын бизнесмендердин арасындагы үлүшү жөнүндөгү коомдук мааниси бар маалыматтар коомчулук үчүн жабык.
2. Областтардагы статистикалык башкармалыктардагы бизнесмендердин тизмеси так эмес, гендердик сегрегация жок, жалпысынан мамлекеттик органдарда аялдар ишкердигинин абалы тууралуу толук маалымат жок.
3. Аялдар ишкердигин өнүктүрүү боюнча иштеген уюмдардын аракеттерин координациялоонун механизмдери жок.
4. Эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрү Ош шаарында гана бар.
5. Мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттерде аялдар ишкердигин колдоону каржылоо үчүн атайын каражаттар бөлүнбөйт.
6. Өкмөттүк эмес уюмдар сектору калктын социалдык көйгөлөрүн чечүүгө багыт алышкан, ал эми ишкерлерге консультациялык кызмат көрсөтүшкөн уюмдар көбүн коммерциялык негизде иштешет.
7. Эл аралык уюмдардын долбоолор жана программалар боюнча ишмердигинин приоритеттери ишкер аялдарга максаттуу түрдө багытталган эмес.
8. Бүгүн күнгө карата аялдар ишкердигин өнүктүрүү боюнча иштеген уюмдардын аракеттерин координациялоонун механизмдери жок.
9. Финансы-кретдиттик мекемелер өз көмөчүнө күл тартышып, ишкердиктин тобокелчиликтерин тең бөлүшүүнү каалашпайт (камсыздоо системасы жок, ишкерлер үчүн атайын жеңилдетилген кредиттер жок).
10. Финансы-кретдиттик мекемелердин ишмердигин теске салган мамлекеттик саясат жок.
11. Салыктардын коюмдары (ставкалары) рационалдуу эмес.
12. Тескөөчү мамлекеттик органдардын ишмердигиндеги коррупциялык механизмдер, ачык-айкыдуулуктун жоктугу жана алардын кызматкерлеринин таза эместиги бизнестин өнүгүшүнө кедерги болууда (ишкердикти колдоо программаларын ишке ашырууда ачык-айкындуулук жок).
13. Аялдар кредит алганда күрөө тоскоолдуктарын аттап өтө алышпайт.
14. Кредит алуудан кооптонуу жана тобкелчиликке даяр эместик социалдык-маданий стереотиптер менен шартталат.
15. Мамлекеттик органдарга жана финансы-кретдиттик мекемелерге элдин ишениминин төмөндүгү.

**Аялдар ишкердигин колдоо боюнча чаралардын системасы үчүн сунуштамалар**

- Ишкер аялдар боюнча бирдиктүү маалыматтар базасы түзүлсүн жана ал маалыматтарга коомчулуктун ал маалыматтарга жетүүсү камсыз кылынсын (аны КР экономика министрлигинин сайтында

жайгаштырса болот);

- Проблемаларды каттоо жана калк менен байланышты камсыз кылуу үчүн “түз байланыштар” түзүлсүн, келип түшкөн талаптарды жана арыздар системалуу түрдө талданып, жалпыланып, алар боюнча ыкчам чараларды көрүү жөнгө салынсын;

- Бизнес жүргүзүүнүн эрежелерине жана ченемдерине киргизилген өзгөртүүлөр жөнүндө ишкер аялдарга маалымат өз убагында жеткирилсин;

- Ишкер аялдардын финансылык сабаттуулугун арттырып, алардын Финансы-кредиттик мекемелерден кредиттеринен жана депозиттик кызматтарынан эффективдүү жана активдүү пайдалануусуна жетишилсин;

- Аялдар ишкердигин өнүктүрүү боюнча мамлекеттик колдоонун эффективдүүлүгүн мониторингдөө жана талдоо киргизилсин (анын ичинде гранттар жана кредиттик каражаттар боюнча);

Ийгиликтүү ишкер аялдардын тажрыйбаларын кеңири жайылтуу максатында маалымат кампаниясы иштелип чыгып, турмушка ашырылсын;

- тар профилдерде бизнес жүргүзүүнүн технологиялары боюнча атайын окутуулар, жеңилдетилген салыктарды киргизүү, ишкер аялдар алган насыяларды мамлекеттик камсыздоо системасын түзүү аркылуу кайра иштетүү жана өндүрүш тармактарында иштеген ишкер аялдар үчүн ыңгайлуу шарттар түзүлсүн;

- Аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө тартылган бардык стейкхолдерлердин ишмердигин коомдук көзөмөлдөө практикасы киргизилсин;

*Тиркеме 1*

## Ош областында ишкердикти өнүктүрүү боюнча иштеп жаткан эл аралык уюмдардын ишмердиги жөнүндө маалымат

**1. BPN/ (Business Professionals Network)** –бизнесмен-профессионалдардын эл аралык тармагы.

BPN фонд XX кылымдын 90-жылдарынын башында Швейцарияда түзүлгөн. Азыркы кезде компания Кыргызстанда, Бенинде (Африка) и Никарагуада (Түштүк Америка), Руандада, Монголияда үзүрдүү иштеп жатат.

BPN Central Asia өкүлчүлүгү Кыргызстанда 1999-жылдан бери иштейт. Программанын негизги максаты жумушсуздук менен күрөшүү жана ишкердикти өнүктүрүү.

**2. BAS –** программа көбүнчө ата-мекендик консультанттар тарабынан берилүүчү бизнес-консультацияларды каржылоо менен чакан жана орто ишканаларды өнүктүрүүгө багытталган. BAS Программасынын негизги максаттары:

- чакан жана орто ишканалардын өнүгүшүнө көмөктөшүү,
- жергиликтүү консультанттардын профессионалдык сунушун колдоо.

Программа консультациялык долбоорлордун алкагында чакан жана орто бизнестин ишканаларына бизнес-консультанттарды издөөгө жардам берет. Алардын жардамы аркылуу ишканалар жаңы рыноктурго чыгышат, өздөрүнүн ишмердигин жана продукцияларынын сапатын жакшыртышат, өндүрүштүк чыгымдарды азайтышат, жаңы каржылоо булактарын табышат, ошондой эле бизнести өнүктүрүү боюнча келечекке пландарды түзүшөт. BAS кардарларга консультанттарды тандоодо жардам берет, долбоордун аткарылышын көзөмөлдөйт жана долбоордун натыйжаларын баалоого жардам берет. Программа консултациялык долбоордун 50 пайызын жаба турган грант бөлүп берет. Программа төмөнкү чөйрөлөрдөгү долбоорлорду колдойт:

- маркетинг изилдөөлөрү жана маркетинг стратегиясын иштеп чыгуу;
- финансылоо үчүн бизнес-пландарды түзүү;
- Сапаттын ISO стандартын жана башка стандартты киргизүү;
- Эсеп жана көзөмөлдөө системасын жакшыртуу;
- Башкаруунун компьютерлештирилген маалыматтык системасын киргизүү;
- Жабдууларды тандоо жана баалоо;
- Ишкананы реорганизациялоо жана реструктуралаштыруу;
- Энерго үнөмдөөчү технологияларды киргизүү;
- Соода маркаларын иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Өнөктөштөрдү жана инвесторлорду издөө;
- Башка ишкер консультациялык кызматтар (BAS аудитти жана юридикалык же салык маселелери боюнча консультацияларды каржылабайт).

BAS Программасына катышууга заявка берүү үчүн ишкана төмөнкү критерийлерге дал келиши керек:

- Ишкана капиталынын басымдуу көпчүлүк бөлүгү (80%) Кыргызстандын жеке адамдарында же юридикалык жактын карамагында болушу керек;
- штатта 500дөн ашпаган кызматкер болушу зарыл;
- 1 жылдан кем эмес мөөнөттө ийгиликтүү иштеп жаткан ишкана болсун;
- финансылык жактан туруктуу иштеген, туруктуу өнүгүп жаткан жана өнүгүүнүн реалдуу келечек планы бар ишкана болушу керек.

**3. ПРООН** – БУУнун өнүгүү чөйрөсүндөгү глобалдык тармагы болуп саналат. Уюм кайра түзүүлөрдү колдойт жана өлкөлөргө билим булактарына, адамдардын турмушун жакшыртууга көмөктөшүү максатында тажрыйбаларга жана ресурстарга жетүүгө жардам берет. ПРООНдун программалары 177 өлкөдө (анын ичинде Кыргызстанда) иштейт, аларга глобалдык жана улуттукөнүгүү проблемалары боюнча өз чечимдерин иштеп чыгууга көмөктөшөт.

**Максаттары:** калктын жарды катмарларынын кызыкчылыгы үчүн өнүгүүнү тездетүү, өкмөт, жарандык коом, жалпыга маалымдоо

каражаттары, БУУнун агенттиктери, жеке сектор жана донор уюмдар менен өнөктөштүктө Кыргызстанда ак ниет башкарууну жана экологиялык туруктуулукту күчтөндүрүү. Кагылыштарды болтурбоо, жаратылыш кырсыктарынын кесепеттерин азайтуу, гендердик теңчилик жана адам укуктарын сактоо сыяктуу маселелерде кабардар болууну жана потенциалды жогорулатуу дагы бир артыкчылыктуу багыт болуп саналат.

**4. ФЕЦА (Евразия Фонду)** 1993-жылы мурдагы СССРдин курамындагы 12 жаңы көз карандысыз мамлекеттерде (КМШ) демократиялык жана рынок институттарын өнүктүрүү максатында негизделген. Чакан гранттар программасы бул максатка жетүүнүн негизги каражаты болуп эсептелет. Чакан гранттар программасына кошумча иретинде Фонд ошондой эле Фонддун максаттарын ишке ашыруу аракеттерди топтоштурууну талап кылган тематикалык багыттарда максаттуу программаларга жетекчилик кылат. Евразия Фонду Эл аралык Өнүктүрүү боюнча АКШ Агенттигинин (USAID) каржылоосундагы, ошондой эле башка фонддордон, корпорациялардан, жеке адамдардан жана башка мамлекеттердин өкмөттөрүнөн кошумча жардам алуучу жеке менчик башкаруудагы уюм болуп саналат.

Евразия Фонду 12 өлкөлөрдө демократиялык институттардын жана жеке ишкерликтин өнүгүшүнө көмөктөшөт. Алар: Азербайжан, Армения, Беларусь, Грузия, Казахстан, Кыргыз Республикасы, Молдова, Россия, Тажикистан, Туркменистан, Украинажана Өзбекстан.

Азыркы кезде Фонд төмөндөгү программаларды ишке ашырууда:

1. Чакан бизнес үчүн насыялар *Программасы*.Бул программа жергиликтүү коммерциялык банктар аркылуу ишке ашырылып, жеке менчик чакан ишканаларга ыңгайлуу шарттар менен кредиттерди берүүнү алдына максат кылат. Андан тышкары, бул программа жергиликтүү банктарда кредиттик талдоонун жана кредиттөө системасынын батыш моделдерин киргизүүгө умтулат.

2. Экономикалык билим берүүнү жана изилдөөлөрдү колдоо боюнча *Консорциум*.Консорциумду түзүүнүн максаты – экономиканы башкарууда профессионализмдин деңгээлин көтөрүү программалары аркылуу КМШ өлкөлөрүндө прогрессивдүү экономикалык саясатты калыптандыруу. Бул программа боюнча Фонддун өнөктөштөрү: Ачык коом институту (Сорос Фонду), Дүйнөлүк банк, Форд Фонд жана «Пью Черитэбл Трастс» кайрымдуулук уюму.

3. Эркин жалпыга маалымдоо каражаттарын колдоо *Программасы*. Бул Евразия Фонду менен ЖМК Өнүктүрүү Кредиттик Фондунун биргелешкен демилгеси. Эркин жалпыга маалымдоо каражаттарын колдоо Фонду КМШ өлкөлөрүндөгү эркин басма сөз ЖМК ларына жеңилдетилген кредиттерди жана гранттарды берет. Эркин жалпыга маалымдоо каражаттарын колдоо Фонду конкреттүү географиялык региондордо аракеттенет. Ошентип, бир нече ЖМК курч

финансылык, профессионалдык жана башкаруу проблемаларын чечүү үчүн кредит же техникалык жардам алуу мүмкүнчүлүгүнөн пайдалана алышат.

**5. ACDI/VOCA**

**Миссия** – ишкердиктин инновациялык тажрыйбаларын пайдалануу аркылуу кооперативдердин, ишканалардын жана общиналардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн өстүрүү.

ACDI / VOCA бүт дүйнө жүзүндө экономикалык жана социалдык жакшы өзгөрүүлөргө, жардычылык менен күрөшүүгө көмөктөшөт. ACDI / VOCA бизнес-модели кирешелерди жана байлыкты арттырууга багытталган. Бу болсо, анын бенефициарларына глобалдык экономикага толук кандуу катышууга мүмкүндүк берет.

ACDI /VOCA программалары иштин жогорку сапаты жана отчеттуулуктун катуу стандарттары менен мүнөздөлөт. Долбоорлор экономиканы өнүктүрүүгө багытталган, программа мамлекеттик органдар менен эле эмес, ошондой эле жеке менчик сектор жана коммерциялык союздар жана бирикмелер менен да кызматташат.

6. **UNICEF** – 1994-жылы ачылган ЮНИСЕФтин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү балдардын абалын жакшыртууда жана баланын укуктары жөнүндөгү БУУнун Конвенциясында бекитилгендей, алардын укуктарын сактоону камсыз кылууда Өкмөттүн башкы өнөктөшү болуп калды. 2012-2016 жылдарга карата ЮНИСЕФтин Программасы өлкөдөгү ар бир баланы камтыган жана жаш жарандардын чечим кабыл алууга жана тынчтыкты орнотууга катышуусуна шарт түзгөн туруктуу системаны түзүүгө багытталган.

**7. GIZ-** 1992- жылдан Кыргызстандын борбору Бишкек шаарында GIZ өкүлчүлүгү иштейт.. GIZ бир катар министрликтерде жана ведомстволордо ар кандай долбоорлорду ишке ашыруунун үстүндө иштеп жатышкан 170тен ашуун кызматкерлери бар. Бир катар кызматкерлер жергиликтүү жана аймактык өнөктөш уюмдарда консультант болуп иштешет.

GIZ Программалары төмөнкү багыттарда иштейт:

- саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү, баңги заттарды колдонууга жана мыйзамсыз айлантууга каршы күрөш;
- башталгыч жана орто билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, кесиптик билим берүүнү реформалоо, менеджерлерди даярдоо;
- укуктук жана сот реформаларын жүргүзүүгө жардам;
- суу ресурстарын башкаруу боюнча трансчекаралар диалогу, жаратылыш ресурстарын туруктуу башкарууну колдоо;
- чыр-чатак көп чыккан райондордо улуттар аралык ынтымакты орнотууга көмөктөшүү;
- татаал үй-бүлөлөрдөн чыккан жаштар менен иштөө;
- чакан бизнести өнүктүрүү долбоорлору үчүн Фонд аркылуу жарандык коомдун уюмдарына көмөктөшүү;
- Кыргызстандагы немис общинасын колдоо.

**8. ХЕЛЬВЕТАС** – Швейцариядагы өнүктүрүү боюнча эң ири уюмдардын бири болуп саналат. 1994-жылы ноябрь айында айыл чарба жана суу ресурстары министрлиги менен тыгыз байланышта иштеген Кыргыз-Швейцариялык агрардык программа (КШАП) болуп кайра түзүлгөн агро долбоор менен Хельветас Кыргызстанда иштеп баштаган. Бул ассоциация Кыргызстанда мейманкана бизнесин, экотуризмди, курчап турган айлана-чөйрөнү сактоо ишинин өнүгүшүнө да салым кошуп жатат.

Хелветас экономикалык, экологиялык жана социалдык проблемалардын ортосунда баланс табууга умтулат. Бул уюм социалдык адилеттүүлүктү, гендердик теңчиликти, ошондой эле жаш курагына, тегине, тилине, динине, маданиятына жана социалдык-саясий көз караштарына карабастан, тең укуктарды жана мүмкүнчүлүктөрдү берүүгө көмөктөшкөн программаларды каржылайт.

**9. ФАО**. Кыргызстанда ФАО 1997-жылдан бери иштейт. Азыркы кезде ал өлкөдө 25тен ашуун программаларды ишке ашырууда. Азык-түлүк коопсуздугуна жетишүү боюнча БУУнун Азык-түлүк жана айыл чарба уюму калкты жигердүү жана дени сак өмүр сүрүүнүн негизи болгон жогорку сапаттагы тамак-аш продуктылары менен камсыз кылууну көңүл борборунда кармайт. ФАОнун мандаты тамак-аштын сапатын, айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, элетттиктердин турмушун жакшыртууга жана дүйнөл экономиканын өнүгүшүнө көмөктөшүүгө багытталган.

**10. FTI** – «Эл аралык толеранттуулук үчүн» Фонду (ФМТ), кагылышууларды болтурбоо, аларды күч колдонуу аркылуу чечүүгө жол бербөө чөйрөсүндө иш алып барган өкмөттүк эмес уюм. 1988-жылы түзүлгөн. БУУнун качкындардын иштери боюнча Жогорку Комиссариатынын Башкармалыгынын колдоосу алдында ишке ашырылган «Чыр-чатактарды трансформациялоо жана толеранттуулукка үйрөтүү» долбоору бул уюмду уюштуруунун негизи болгон.

Фонддун командасында ар кайсы улуттагы, курактагы жана квалификациялуу 30дан ашуун кызматкерлер бар. ФМТнын башкы офиси Бишкекте, Баткенде, Ошто жана Жалал-Абадда үч филиалы, Лейлекте аймактык офиси бар. Фонд Кыргызстан менен Тажикистандын өкмөттүк эмес уюмдарын бириктирген «Тынчтык өрөөнү» деп аталган тармактын негиздөөчүсү болуп саналат.

Фонддун тажрыйбасы жана кызматкерлеринин потенциалы чыр-чатактардын алдын алуу жана чечүү ишинде лидер болууга мүмкүндүк берет. Фонддун кызматынан мамлекеттик уюмдар менен катар жергиликтүү коомчулуктар, социалдык статусуна, этникалык тегине жана ишенимине карабастан жөнөкөй жарандар да колдоно алышат.

Фонд 100дөң ашуун долбоорлорду жана программаларды иштеп чыгып, турмушка ашырды. Азыр «Эл аралык толеранттуулук үчүн» Фонду чыр-чатактарды болтурбоо жана чечүү боюнча

**ФМТ көз карашы** – Борбор Азия – тынчтык тын, кызматташуунун жана өнүгүүнүн аймагы. Ал полимаданиятуу, адилеттүү мыйзамдары жана активдүү жарандары бар демократиялык коом.

**ФМТ миссиясы** – Борбор Азияда чыр-чатактардын алдын алуу жана аларды күч колдонуу аркылуу чечүүгө жол бербөө, бул аймакта диалог мейкиндигин кеңейтүү жана зомбулуксуз маданиятты жайылтуу.

**ФМТ негизги программалык багыттар:**

- Кырдаалды системалык түрдө мониторингдөө жана талдоо;
- стейкхолдерлердин чыр-чатактарды трансформациялоо боюнча потенциалын жогорулатуу;
- тармактык өз ара аракеттерди консолидациялоо жана координациялоо;
- тынчты билимди жайылтуу;
- чыңалууларды азайтуу үчүн инфраструктураны өнүктүрүү;
- сүйлөшүүлөр жана ортомчулук;
- диалог аянтчаларын түзүү жана зомбулксуз коммуникацияны колдоо;
- эдвокаси жана сүрөмөлөө (лоббирлөө).

# ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНДА АЯЛДАР ИШКЕРДИГИН КОЛДООНУ КАРТАЛАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**Карталаштыруунун максаты:** Ош областында аялдар ишкердигинин структурасын жана аялдар ишкердигин өнүктүрүүнү колдоо практикасын иликтөө, аялдар ишкердигин колдоо боюнча милдеттердин мамлекеттик органдардын, ошондой эле Кыргызстанда гендердик теңчиликтин өнүгүшүн жана/же ишкердиктин өнүгүшүн каржылаган донордук уюмдардын күн тартибине киргизилишинин деңгээлин аныктоо.

**Карталаштыруунун методологиясы:**

Карталаштыруунун методологиясы төмөндөгү изилдөө усулдарын колдонуу менен пилоттук областта аялдар ишкердигин колдоо чөйрөсүндөгү кырдаалды изилдөөгө негизделген:

1) Аял-ишкерлер жөнүндө маалыматтарды топтоо;
2) ишкердик структуралар менен тыгыз иштешкен мамлекеттик органдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
3) ишкердикти жана/же жарандардын укуктарын жана гендердик теңчиликти алга жылдыруу чөйрөсүндө иш алып барган областтын аймагындагы донордук уюмдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
4) донордук уюмдардын өкүлдөрү менен интервью өткөрүү;
5) мамлекеттик органдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин өкүлдөрү менен фокус-группаларда талкууларды өткөрүү;
6) айрым аял-ишкерлерди иликтөө (телефон аркылуу сурамжылоо).

Карталаштыруу ар кандай мамлекеттик структуралардагы ишкер аялдардын маалымат базаларын тактоо менен башталды. Бул ишке эки жумага чукул убакыт коротуудан соң бир дагы мамлекетик уюмда маалымат базалары жок экендиги аныкталды. Экономикалык багытта иштеген эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү менен байланыштык. Ишкер аялдардын тизмесин ACDI/VOCA уюмунан ала алдык. Бирок ал тизме Кыргызстан боюнча ишкер аялдардын тизмеси болуп чыкты, Жалал-Абад областынан анда 6 гана аял бар экен. Тизмени ишкерлер Ассоциациясынан алсакпы деген аракет да толук жыйынтык берген жок. Анткени бизге берилген тизме эски болуп чыкты, анда ишкерлердин так даректери көрсөтүлбөгөн, гендердик жактан бөлүнбөгөн.  Жалал-Абад шаарынын мэриясынын экономика бөлүмү шаарда жашаган 20 ишкер аялдын тизмесин берди.

Ишкер аялдардын тизмесин берүү өтүнүчү менен областтык администрацияга кайрылганыбызда 10 күндөн кийин областтагы 5 район боюнча (областта 8 район) тизмелерди беришти. Ишкер аялдардын бирдиктүү тизмесин алуу үчүн салык кызматына, статистика башкармалыгына да кайрылдык.

Салык кызматы маалыматтардын конфиденциалдуулугуна шылтоо менен ар түрдүү салыктарды төлөп жатышкан бизнесмендер жөнүндө маалыматтарды берүүдөн баш тартышты. Статистика башкармалыгы ишкер аялдардын тизмесин бере албады. Бул ишкерлик тууралу улуттук деңгээлдеги статистикалык маалыматтардын тактыгынан күмөн саноону пайда кылды.

Ошентип, ишкер аялдар жөнүндө маалыматтарды топтоонун эң башталышында эле Жалал-Абад областы боюнча алдын ала жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк пайда болду:

1. Мандаты боюнча жергиликтүү ишкердикти өнүктүрүүгө тийиш болгон мамлекеттик органдарда жергиликтүү ишкерлер тууралуу алгачкы базалык маалыматтар жок болуп чыкты. Демек, мамлекеттик органдарда аймактагы жергиликтүү бизнес жөнүндө маалыматтар жок болгондуктан, ишкердикти колдоо боюнча эң эле күчтүү кандай гана программаны ишке ашырган күндө да ишкердикти колдоо чараларынын максаттуу топторго жетпей калуу, бул процесске көптөгөн ишкерлердин тартылбай калуу коркунучу бар. Аймактагы бизнес-структуралар жөнүндө маалыматтар жок болгон соң, мамлекеттик органдарда ишкер аялдар жөнүндө эч кандай маалымат жок экендиги түшүнүктүү. Сыягы, мамлекеттик кызматкерлерде маалымат базаларын түзүү зарылчылыгы азырынча жок окшойт.

2. Жарандык коомдун уюмдарында да, бизнесмендердин ар түрдүү ассоциацияларын кошо алганда, максаттуу топтор боюнча толук кандуу маалыматтар жок. Бул таң каларлык. Анткени бул ассоциациялар өз мүчөлөрү жана алардын муктаждыктары жөнүндө билүүгө тийиш эле. Бирок жарандык коомдун ушул чөйрөдө иштеген бир катар уюмдарында бизнес-структуралардын жана жеке ишкерлердин өкүлчүлүктүү органдарынын аты бар заты жок экендиги белгилүү болду.

3. Ишкердикти колдоо мандаты бар эл аралык уюмдардагы ишкердиктин субьектилери жөнүндөгү базалык маалыматтар аймактар боюнча дал келбейт.

4. Аймактарда ишкердиктин өнүгүшү тууралуу коомдук мааниси бар маалымат жабык болуп чыкты. Жеке байланыштар, тааныштык, тууганчылык сыяктуу салттуу каналдар жана механизмдер аркылуу да бул маалыматтарды алууга мүмкүн болбоду.

Тандап алуу жолу менен (жогоруда көрсөтүлгөн бардык булактардан) 100 ишкер аялдардын жалпылаштырылган тизмесин түзүү ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНДА АЯЛДАР ИШКЕРДИГИН КОЛДООНУ КАРТАЛАШТЫРУУНУН экинчи кадамы болду. Тандалма тизмеге Жалал-Абад жана Майлуу-Суу шаарларынан 50дөн ишкер аялдар кирди. Тандалып алынган жалпы тизмеге киргендерди телефон аркылуу сурамжылоонун максаты – алардын азыркы абалын тактоо болду: алар чынында эле ишкердик менен алектенишеби жана алардын бизнеси кандай юридикалык формада катталган? Экспресс-сурамжылоонун натыйжалары таң каларлык болду:

- 6 респонденттер ишкер эмес болуп чыкты. Алар өздөрүнүн ишкерлердин тизмесине кирип калганына аң-таң болушту.

Алардын ичинен экөө эч качан ишкерлик кылбаганын жана эч качан эч жерден кредит албаганын айтышты;

- 16 респонденттин телефондору өчүрүлгөн болуп чыкты;
- 13 респонденттин уюлдук телефондорундагы автоответчик мындай номерлер жок экендигин кабарлады;
- дагы 8 респондент телефон чалууларга такыр эле жооп беришкен жок;
- 3 респондент тизмеде ишкер катары катталып жүргөн ушул телефондун мурдагы ээсин тааныбай тургандыгын билдиришти ;
- 5 адам өз статусу жөнүндөгү суроого жооп берүүдөн баш тартышты;
- 4 респондент ишкер эмес экендиктерин айтышып, бирок, ушундай статус менен кредит алгандарын моюнга алышты;
- 4 респондент өз бизнесинин сезондук мүнөздө экендигин белгилешти, б.а. телефон аркылуу экспресс-сурамжылоо учурунда ишкерлик менен алектенишкен эмес.

Ошентип, сурамжыланган 100 адамдын 46 пайызы гана ишкер аялдар болуп чыкты. Аялдар телефон чалууларга көңүлсүз жана кооптонуу менен жооп беришкенин белгилеп кетүү керек. 40 респондент жеке ишкана катары катталышып, ыктыярдуу патент негизинде иштешет. 4 аял учурда чачтарач болуп, милдеттүү патенттөө негизинде иштешет, 40 аялдын ичинде алардын үлүшү 10 пайызга барабар. Биздин экспресс-сурамжылоонун натыйжасында тандалма тизмеге кирген эки шаардын ишкер аялдары негизинен чакан жана микро бизнес менен алектенишери белгилүү болду. Тизмеде орто жана ири бизнес менен алектенген бир да аял жок болуп чыкты.

Карталаштыруунун бул этабында ишкер аялдардын маалымат базасы боюнча кошумча жыйынтыктарга келип чыкты:

- Учурда колдонулуп жүргө ишкер аялдардын тизмеси так эмес. Суроолорго жооп берүүдөн баш тарткандардын көптүгү да аялдардын бизнес-демилгелеринин квазилегалдуу же легалдуу эмес мүнөзүнө далил болот;

- ишкердиктин субьектилери чынында эле бар болгон учурда да алардын ишкерлерге колдоо көрсөтө ала турган структуралар менен байланышы жок.Тизмелерде аялдардын бизнесинин мүнөзү жана түрлөрү тууралуу маалыматтардын жоктугу, так эмес же төгүн байланыш маалыматтары аларды ишкердиктин өнүгүшүн колдоо боюнча башталган атайын программалар жөнүндө кабарландырууга тоскоол болушу мүмкүн;

- ишкер аялдар менен байланыш маалыматтарынын так эместиги жана башка маалыматтардын жоктугу, ошондой эле экспресс-сурамжылоо учурунда суроолорго жооп берүүнүн каалабагандыгы айрым себептерден улам ишкерлердин мамлекеттик органдардын көңүл чордонунда болуудан кооптонуусунун кыйыр күбөсү болуш мүмкүн.

**Ишкердикти колдоо субъектилеринин картасы**

Жергиликтүү ишкер аялдарды колдоону карталаштыруу ошондой эле бардык стейкхолдерлер (кызыкдар адамдар, уюмдар, структуралар ж.б.) жөнүндө маалыматтарды чогултууну жана алардын аймактагы ишкер аялдарды колдоо тууралуу көрсөтмөлөрүн жана көз караштарын аныктоону камтыды. Бул багыттагы маалыматтарды чогултуу үчүн мамлекеттик органдардын, ишкер аялдардын, ушул чөйрөдө иштеген өкмөттүк эмес уюмдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен тегерек стол өткөрүлдү. Бул иш-чараны өткөрүүгө Жалал-Абад шаарынын мэриясынын экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн кызматкерлери активдүү көмөк көрсөтүштү. Бирок тегерек столго чакырылган Жалал-Абад областтык администрациясынын экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн өкүлдөрү жана гендердик маселелер боюнча кызматкер келишкен жок.

*Ишкердикке колдоо көрсөтүүгө жана бизнес-процесстерди жөнгө салууга тийиш болгон мамлекеттик органдарга булар кирет: мэриянын экономикалык өнүктүрүү бөлүмү, ошондой эле райондук жана шаардык мамлекеттик администрациялардын экономикалык өнүктүрүү бөлүмдөрү, салык, бажы кызматтарынын жергиликтүү структуралары ж.б.*

Жалал-Абад шаарынын мэриясынын адистеринин айтымында, негизинен айыл чарбасы жана кайра иштетүү жергиликтүү ишкердиктин приоритеттерине кирет. Бирок Жалал-Абад шаары өнөр жайлуу шаар болгондуктан, муниципалитет өнөр жайды өнүктүрүү маселелерине көп көңүл бурат. Бирок аялдар ишкерлигин өнүктүрүүгө өзгөчө мамиле жок, кызматкерлер бизнести жыныстык белги боюнча бөлүүнүн себептерин көрүшпөйт. Ушул кезге чейин мамлекеттик органдар тарабынан ишкерлерге төмөнкүдөй колдоолор көрсөтүлүп келген:

- Финансы-кредиттик мекемелер аркылуу кредит бөлдүрүү;
- финансы-кредиттик мекемелер менен ишкерлер ортосунда диалог уюштуруу.

Азыркы кезде кепилдик фонд 2 миллион сомдон ашат. Бул каражаттарды ишкерлер үч банк аркылуу 20-24 пайыздык үстөк менен ишкердиктин төр түрүнө – өндүрүшкө, айыл чарбасына, кызмат көрсөтүүгө жана кайра иштетүүгө алышкан.

Мамлекеттик органдардын алдындагы ***коомдук кешердин*** (мисалы, ОСК) ишмердигинде жеке секторду өнүктүрүү багыттары бар, бирок алардын гендердик теңчлиги маселелерине тийешеси жок, тынчтык курулушка жана чыр-чатактарды болтурбоого багытталган. ОСК курамында жеке сектордун өкүлдөрү бар. ОСК донорлор тарабынан ишке ашырылып жаткан программалардын жана көрсөтүлүп жаткан колдоолордун эффектитивдүүлүгүн көзөмөлгө алуу тилектери бар.

***Жарандык коомдун уюмдарынын*** арасында гендер маселелерин менен алектенип, теңчилик саясатын алга жылдырып жаткандары бар. Алар өлкөнүн Улуттук гендердик стратегиясы жана

НПД пландары жөнүндө кабардар, өлкөнү туруктуу өнүктүрүү Программасы менен тааныш болсо да, алардын ишмердигинде аялдар ишкердиги сейрек камтылат. «Жалал-Абад лидер аялдардын» ассоциациясы сыяктуу аялдар үчүн тең мүмкүнчүлүктөрдү түзүү жана аялдарга зомбулукту болтурбоо менен алектенишкен уюмдар бар. Бирок айыл чарба чөйрөсүндө ишкерлерге консультациялык кызмат көрсөтүп жаткан уюмдар (мис., азыркы кезде коммерциялашып калган СКС «Айыл кенеш кызматы») бар. Ошондой эле ЦПГО Жалал-Абад да ЮСАИДдин колдоосу астында экономикалык өнүгүү боюнча эки жылдык гранттык долбоорду аяктап жатат. Бирок анын максаты – бизнес-топторду түзүү аркылуу жер которуп келгендер менен жергиликтүү 500дөн 1500 АКШ долларына чейинки жалпы суммасы 40 000 АКШ долларына барабар гранттар жана ар бири 1500 АКШ долларлык жалпы суммасы 32 000 АКШ долларына барабар кайтарылма каражаттар бөлүнгөн. Андагы 65 топтун ичинде курамында аялдар гана болгон 11 эле топ бар. Долбоордун акырында алты пилоттук коомчулуктарда коомчулуктарды өнүктүрүү Фонддору түзүлгөн. Бул фонддор келечекте ар кайсы булактардан, анын ичинде эл аралык уюмдардан түшкөн каражаттарды топтойт.

Ишкердикти колдоо чөйрөсүндө Жалал-Абад шаарында аймактык офиси бар ***эл аралык уюмдар*** жок.

Тегерек столдун катышуучуларынын арасында **Финансы-кредиттик мекемелердин** өкүлдөрү көп болду: мамлекеттик «Айыл банк» и менчик банк «БайТушум». Бул банктар 2014-жылдын январынан баштап АБР менен өнөктөштүктө аялдар ишкердигин колдоо боюнча пилоттук долбоорду жана ACDI/VOCA менен өнөктөштүктө аялдар ишкердигин колдоо боюнча дагы бир башка долбоорду ишке ашыруу башталганын тегерек столдун катышуучуларына кабарлашты. Катышуучуларга киргизилип жаткан финансы кызматтарынын мүнөзү жана өнөктөш долбоорлордун алкагында банктардын алдында турган милдеттер тууралуу кыскача презентацияларды тартуулашты.

Биринчи кезекте, чыгып сүйлөгөндөр банктарда ар түрдүү кызматтар жана кредиттик портфелдер бар экендиги жөнүндө ишкерлер арасында түшүнүктүн жана маалыматтын жетишсиз болуп жатканын белгилешти. Маселен, карапайым адамдар керектөө кредиттери менен бизнести өнүктүрүү берилүүчү кредиттердин ортосундагы негизги айырмачылыкты түшүнө беришпейт. Натыйжада кредит алуу үчүн өздөрүн жеке ишкер катары каттоодон өткөрүүгө мажбур болгон адамдар пайда болууда. Ошол эле учурда кепилдик фонд сыяктуу ишкерлерди колдоонун формасы жөнүндө көпчүлүк ишкерлердин кабары жок. Бул механизмди колдонуу ишкер аялдарга өз бизнесин өнүктүрүүнүн келерки баскычына көтөрүлүүгө жардам болмок.

Банктардын пайыздык коюмдарынын тегерегинде чоң талаш-тартыштар болду. Азыр банктардын жана микрокредиттик финансы уюмдарынын (МФУ) минималдуу пайыздык коюмдары 9-10 пайыз (агрокредиты – банк «Оптима» и «АйылБанк»). Бирок ишкер

аялдардын пикири боюнча, кредит беруунун шарттары өтө татаал, кардарларга мамиле өтө бюрократташкан. Ошондуктан аялдар бул кредиттерге жетүү кыйын деп эсептешет. Банкирлер жана МФУ кызматкерлери негизинен алар үчүн насыя алуучулардын жыныстык абалы маанилүү эмес деп эсептешет. Айрым финансы-кредиттик мекемелерде, мисалы, МФУ «Финкада» – аялдар банктын негизги кардарлары, ал эми, мисалы, Казкоммерцбанкта, гендердик баланс бар.

Талкуунун жүрүшүндө ар бир банк тобокелчиликтерди эске алат, ошондуктан, мүмкүн болушунча өздөрүн камсыздандырууга умтулушат. Бул үчүн, биринчи кезекте, кардарды иликтөө үчүн кредиттик-маалымат база системасын пайдаланышат. Көпчүлүк банктардын жана МФУлардын ишмердигинин эффективдүүлүгү төмөнкү критерийлерге негизделет: кредит портфелинин өсүш деңгээли; кредиттердин кайтарымдуулугунун деңгээли; кардарлардын санынын өсүшү; кызмат көрсөтүүлөрдүн багыттарынын кейиши. Ошол эле учурда тегерек столдун катышуучулары эгерде колдоо (финансы жана мамлекеттик камсыздоо кепилдиктери түрүндө) болсо, өз ишмердигинде гендер маселелерин да эске алууга болорун моюнга алышты.

Тегерек столдун алкагындагы талкуу ишкердиктин ар кайсы топторунун, анын ичинде ишкер аялдардын да, пикирин, каалоо-тилектерин аныктоого мүмкүн болду. Ишкер аялдардын пикиринде:

1. Бизнести өнүктүрүү үчүн кредиттерге жетүүнүн эң башкы проблемасы пайыздык коюмдардын өтө көп экендигине, документтерди даярдоо учурунда бюрократиянын жогорку деңгээли, күрөө суммасынын алынуучу кредиттин суммасынан 2-3 эсеге көптүгүнө байланыштуу.

2. Ишкер аялдар арасында мамлекетке же башка стейкхолдерлерге ишеними өтө төмөнкү деңгээлде: алардын ою боюнча, бизнести өнүктүрүүдө бир дагы структурадан эч кандай жардамы жок. АБРдин долбоорунун алкагындагы кредиттөөнүн жеңилдетилген шарттарына аялдар ишенишпейт. Алар ак ниет насыя алуучулар үчүн 8 же 5 пайыздык коюм – бул чыныгы жеңилдик эмес, куулук менен ойлонуп табылган жүрүш, көз бойомочулук. Ошол эле учурда аялдардын финансы-кредиттик мекемелер комиссиянын чечимдерине же акчаны накталоо суммасынын өтө көптүгүнө шылтап, заявкада көрсөтүлгөн кредиттин суммасын толук бербей алдашат деген сөздөрүн угуп, ишкер аялдардын финансылык сабаты төмөн экендигине, ошондуктан алар өздөрүнүн бизнесин пландай албагандыгынын да, айрым уятсыз банк кызматкерлеринин да курмандыгы болуп жаткандыгына ынанасың.

Ошентип, карталаштыруу аялдар ишкердигин колдоо боюнча төмөнкү чараларды көрүү зарылчылыгын көрсөттү:

- жергиликтүү бизнес субьектилерин инвентаризациялоо жана ишкер аялдардын маалыматтар базасын түзүү, бул маалыматка коомчулуктун эркин жетүүсүн камсыз кылуу;

- финансы-кредиттик мекемелердин финансылык жана кредиттик кызматтарын жана продуктыларын алга жылдырууда мамлекеттин ролун жогорулатуу. Ишкер аялдардын демилгелерин каржылоо булактарын табууга көмөктөшүү, алардын финансылык сабатын жогорулатуучу окууларды уюштуруу, аялдар бизнесин колдоо үчүн кепилдик камсыздандыруу фонддорун түзүү ;

- аймактык ишкерлер үчүн лизинг программаларын практикасын изилдөө жана киргизүү;

- ишкер аялдар үчүн жеңилдетилген салыктарды киргизүү;

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында ишкер аялдарды укуктук жактан колдоочу консультативдик кызматтарды же маалымат борборлорун түзүү;

- экономикалык өнүктүрүү бөлүмдөрүнүн ишмердигине гендердик мамилени киргизүү;

- аялдар ишкердигин колдоо программаларын турмушка ашыруу боюнча коомдук мониторингдөө топторун түзүү.

# ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫНДА АЯЛДАР ИШКЕРДИГИН КОЛДООНУ КАРТАЛАШТЫРУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

**Карталаштыруунун максаты:** Ысык-Көл областында аялдар ишкердигинин структурасын жана аялдар ишкердигин өнүктүрүүнү колдоо практикасын иликтөө, аялдар ишкердигин колдоо боюнча милдеттердин мамлекеттик органдардын, ошондой эле Кыргызстанда гендердик теңчиликтин өнүгүшүн жана/же ишкердиктин өнүгүшүн каржылаган донродук уюмдардын күн тартибине киргизилишинин деңгээлин аныктоо.

**Карталаштыруунун методологиясы:**

Карталаштыруунун методологиясы төмөндөгү изилдөө усулдарын колдонуу менен пилоттук областта аялдар ишкердигин колдоо чөйрөсүндөгү кырдаалды изилдөөгө негизделген:

1) Аял-ишкерлер жөнүндө маалыматтарды топтоо;
2) ишкердик структуралар менен тыгыз иштешкен мамлекеттик органдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
3) ишкердикти жана/же жарандардын укуктарын жана гендердик теңчиликти алга жылдыруу чөйрөсүндө иш алып барган областтын аймагындагы донордук уюмдар жөнүндө маалыматтарды топтоо;
4) донордук уюмдардын өкүлдөрү менен интервью өткөрүү;
5) мамлекеттик органдардын жана финансы-кредиттик мекемелердин өкүлдөрү менен фокус-группаларда талкууларды өткөрүү;
6) айрым аял-ишкерлерди иликтөө (телефон аркылуу сурамжылоо).

Результаты картирования поддержки женского предпринимательства в Иссык-Кульской области

Ысык-Көл областынын ишкер аялдарынын тизмесин түзүүгө областтын жана Балыкчы шаарынын статкомитети и салык инспекциялары активдүү көмөк көрсөтүштү. Бул маалыматтарды чогултуу учурунда төмөнкү проблемалар белгилүү болду:

- статистика органдарында ишкер аялдардын эсеби жок, б.а. отчеттуулуктун формаларында ишкерлер жөнүндө маалыматтарды гендердик дезагрегациялоо каралган эмес;

- статмаалыматтар так эмес, тизмелерде ишкерлер тууралуу маалыматтар эскирип калган, анда алда качан бизнес менен алектенбей калган ишкерлер жөнүндө маалыматтар жүрөт. Статоргандардын кызматкерлери муну мурда статоргандарда каттоодон өткөн адамдарды бизнес менен алектенбей калгандан кийин статоргандардан каттоодон өз убагында чыгууга түрткү боло турган таасирдүү нормативдик механизмдер жоктугу менен түшүндүрүшөт. Статоргандан алынган тизмелерде башка жакка көчүп кеткен, ал гана эмес, каза болуп калган адамдар да бар болуп чыкты. Тизмелердин так эместиги статоргандардын маалыматтар базасы жыл

сайын көчүрмөлөнүп, чыныгы кырдаалды чагылдырбай тургандыгын күбөлөндүрөт. Ал эми маморгандардын бизнес-коомчулук менен өз ара аракеттенишүүнүн жоктугу тизмелерди жыл сайын жаңыртуу зарылчылыгын жокко чыгарат;

- статоргандардын карамагындагы маалыматтарда ишкер канча жылдан бери бизнес менен алектенери, анын жаш курагы, ишмердигинин чөйрөсү туралуу ж.б. маалыматтар жок;

- салык органдарынан алынган маалыматтар тагыраак болуп чыкты. Анткени, салык инспекциясынын кызматкерлери ай сайын ишкерлерге патент беришет жана райондун, шаардын жана областтын ишкерлеринин жайгашуусу боюнча “карта” түзүшөт. Анда мындай маалыматтар бар: ИНН, ишмердигинин түрү, обьекттин аталышы жана дареги. Ишкер өз ишмердигин токтотсо, алар ошол замат салык органдарына маалымдашып, салык төлөөнү токтотушат. Ошентип, маалымат базасы дайыма жаңыланып турат. Бирок салык кызматынын бөлүнмөлөрү кимдер катталбастан, “көлөкө” бизнес менен шугулдангандардын эсебин ала алышпайт. Чынында бул көрүнүштүн масштабы бизнес сектордун үлүшүндө чоң орунду ээлейт (жалпысынан, эксперттик баа боюнча көлөкөдөгү экономиканын көлөмү ИДПнын 39 пайызын түзөт[1]). Бул, демек, ишкерлик менен алектенген аялдардын кыйла бөлүгү мамлекеттин эсебине кирбей калган жана аялдардын чоң тобу жогорку тобокелчилик зонасында турушат жана мамлекеттик колдоо ала алышпайт дегенди билдирет.

Изилдөө тандалып алынган 100 ишкер аялды (Чолпон-Атадан – 50 адам, Балыкчыдан – 50 адам) сурамжылоодон башталды. Тандалып алынган жалпы тизмеге киргендерди телефон аркылуу сурамжылоонун максаты – алардын азыркы абалын тактоо болду: алар чынында эле ишкердик менен алектенишеби жана алардын бизнеси кандай юридикалык формада катталган?

Сурамжылоонун натыйжасы төмөнкүдөй болду:

- 5 респондент жооп берүүдөн баш тартышты, номерди кайдан алганыбызга, кайдан чалып жатканыбызга, бул маалыматтар эмне үчүн керек экендигине ж.б. кызыгышты;
- 8 номер жок болуп чыкты;
- 3 респондент телефон чалууга жооп беришкен жок, бирок, телефондор иштейт;
- 20 респондент алар туристтик кызмат көрсөтүүгө байланышкан сезондук иш менен алектенерин айтышты;
- 5 респондент бизнес менен алар эмес, туугандары алектене турганын айтышты;
- 6 жашаган жерин которуп, башка жакка көчүп кетишкен;

Текшерилген 100 аялдын 70 пайызы чынында эле ишкерлер болуп чыкты, бирок, көпчүлүгү туристтик сезонго байланыштуу сезондук бизнес менен (боз үйдү ижарага берүү, меманкана бизнеси, кафе, коттеджлер ж.б.

[1]http://www.tushtuk.kg/econom/6173_obyem_tenevoy_ekonomiki_kyirgyizstana_sostavlyaet_39_ot_vvp_stranyi/

Аялдар ишкерлигин тереңиреек изилдөө үчүн биз «скрининг»– бул чөйрөнүн  субъекттери боюнча баалоо жүргүздүк, андан соң стейкхолдерлерди (бардык кызыктар структураларды) тегерек столго чакырып, бизди кызыктырган проблемаларды талкууладык. Тегерек стол Балыкчы шаарында бири-бири менен тыгыз байланышкан структуралардын: жергиликтүү мамлекетик органдардын, финансы мекемелеринин, бизнес-ишканалардын, жеке ишкерлердин жана коомдук бирикмелердин катышуусу менен өттү..

Балыкчыдагы ишкердикти өнүктүрүүнү колдогон стейкхолдерлердин арасынан төмөнкүлөрдө көрсөтүүгө болот:

***- Коомдук уюмдар*** –«АВЕП» коомдук Фонду,Туристтик маалымат борбору, «РЦП» коомдук уюму, Балдардын жана майыптардын Коому, Балыкчы шаарынын ишкерлер Ассоциациясы, шаардын аялдар Кеңеши.

- ***Жеке менчик бизнес-структуралар жана алардын бөлүнмөлөрү*** – «Кумтөр» компаниясынын Балыкчыдагы маалымат бюросу, финансы-кредит мекемелери жана банктар, анын ичинде «БайТушум» менен америкалык ACDI/VOCA уюмунун өнөктөш долбоорунун өкүлдөрү.

- ***Мамлекеттик структуралар*** – мэрия, шаардык кенеш, социалдык өнүктүрү бөлүмү.

## Аялдар ишкердигин изилдөөнүн негизги натыйжалары

Чакан жана орто бизнестин өнүгүшүндө улуттуу гендердик айырмачылыктар бар, өнүгүү чөйрөсү жана шарттар көпчүлүк учурда ишкер аялдардын пайдасында эмес. Аялдар негизинен чакан жана микро (60%), сейрегирек – орто (30%) жана өтө сейрек ири (10%) бизнес менен алектенишет. Анткени ири ишкана ачуу үчүн көпчүлүк аялдардын каражаты жок жана тобокелчиликтен коркушат.

Тегерек столдогу талкуу жана ишкер аялдардын сурамжылоонун жүрүшүндө берген жооптору Ысык-Көл областынын ишкер аялдарынын негизги ишмердиги төмөнкүлөр экендигин көрсөттү:

- туризм, анын ичинде мейманкана бизнеси;
- кызмат көрсөтүү чөйрөсү, анын ичинде коомдук тамактануу;
- оймо-тикмечилик;
- соода;
- тикмечилик бизнес;
- билим берүү.

Ишкер аялдардын баасы боюнча, каржылоонун негизги булагы алардын өз каражаттары жана кредиттер болуп саналат. Биз изилдөөдө Балыкчы шаарынын ишкер аялдарынын катышуусу менен жүргүзүлгөн сурамжылоого жана телефон аркылуу сурамжылоого таяндык. Сурамжылоого сезондук бизнес (жээкте майда-чүйдө сатуу, конок үйлөрүн, коттедждерди ижарага берүү, кафе ж.б.) менен алектенген 10 аял катышты. Аялдардын иш тажрыйбасы 5 жылдан 20 жылга чейинки мезгилди камтыйт, бул туруктуу бизнеске тете. Бизнестин түрүнө жана сезондуулугуна жараша ишкер аялдардын

ишканаларында 1 ден 35 ке чейин жалданма иштөөчүлөр иштешет. Ишкердиктин башка субъекттери сыяктуу эле ишмердигинин түрүнө жана бизнесинин деңгээлине жараша сурамжыланган аялдар төмөнкү салыктарды төлөшөт:

- ыктыярдуу патент;
- мүлккө салык;
- жер салыгы;
- жердин ижара акысы;
- унаа салыгы;
- сатуудан салык;
- кирешеге салык;
- киреше салыгы.

Ысык-Көл областынын ишкер аялдары үчүн өз бизнесин өнүктүрүүгө финансылык колдоо алуунун бир нече мүмкүнчүлүгү бар. Жакындан бери ACDI/VOCA америкалык уюму «Бай Тушум» жана «Чакан жана орто бизнестеги аялдар лидерлиги» микрофинасылык банк тобу менен бирге өнөктөш долбоорду турмушка ашыра баштады. “Бай Тушум” жана «Айыл Банк», Азия өнүктүрүү банкы менен бирге 2014-жылы аялдар ишкерлигин өнүктүрүүгө багытталган кредиттик продукты иштеп чыгышты. «Айыл Банктын» кредиттери 20 пайыздык үстөк менен 4 жылга берилет, бирок кредитти төгүү мөөнөтү аяктаган соң 8 пайызын ишкерге өз бизнесин өнүктүрүү үчүн кайтарылып берилет. Кредиттин суммасы 100 миң сомдон 500 миң сомго чейин. «АКБ Кыргызстанда» Ислам өнүктүрүү Банкы менен бирдикте үстөгү 22 пайыздык кредит бар. Кредиттин суммасы боюнча чектөө – 2500 АКШ долларына чейин. ОФ МК «Балыкчы финанс» микрокредит коомдук Фонду «Кумтөр» компаниясы менен бирдикте аял ишкерлерге үстөгү 5 пайыздан 12 пайызга чейинки кредиттерди берет. Бул кредит кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүүчү долбоорлорду жана бизнес-пландарды каржылоого багытталган.

Айрым коомдук уюмдар да салттуу өндүрүш, маркетинг стратегияларын өнүктүрүү жана сатуу рынокторун табуу менен алектенген ишкер аялдарга колдоо көрсөтүшөт. Мисалы, туристтик маалымат борбору кол өнөрчү аялдарга алардын товарларын жана кызматтарын сатууга көмөктөшөт. Бирок ушуну менен ишкер аялдарды колдогондордун саны түгөнөт.

Салттуу түрдө Ысык-Көл областында туризм өнүккөн, бирок, ал сезондук мүнөзгө ээ. Сезон бүткөндө ысыккөлдүктөр негизинен мал чарбачылык жана жер иштетүү менен алектенишет. Аймакта кайра иштетүү өнөр жайы начар өнүккөн. Көптөгөн ишкерлер соода кылышат. «Балыкчы Финанс» финансы-кредиттик мекемесинин жеңилдетилген кредити сыяктуу кайра иштетүү өнөр жайын өнүктүрүү боюнча демилгелерди колдоого алган кошумча стимулдаштыруучу финансы программалары бар экендигине карабастан, бул кредитке болгон талап жокко эсе.

Тегерек столдун натыйжалары, жеке жолугушуулардын жана маектешүүлөрдүн, финансисттер (16 финансы мекемелеринин 11инин

өкүлдөрү) катышкан сурамжылоонун жыйынтыктары төмөнөдөгүдөй жыйынтыкка келүүгө түрткү болду. Балыкчы шаарындагы коммерциялык банктардын кардарларынын басымдуу көпчүлүгү – эркектер (болжол менен 60% эркектер жана 40% аялдар, же 70тен 30). Финансы кызматкерлеринин байкоосу боюнча, көпчүлүк учурда кредиттер эркекке катталат, бирок, аны аялдар иштетишет. Микрокредиттик уюмдардын статистикасы боюнча, алардан кредит алгандардын басымдуу көпчүлүгү аялдар (78,5 пайызга жакын). Ишкер аялдарды сурамжылоо көрсөткөндөй, мунун себеби – кредитти алуунун жөнөкөйлүгү.

Финансы-кредиттик мекемелер тарабынан берилген кредиттердин түрлөрү: айыл чарба кредиттери, коммерция, мал чарбасы, дыйканчылык экспресс-кредиттер, микрокредиттер, өндүрүш жана кайра иштетүү, кызмат көрсөтүү, кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү кредиттер, соода, негизги каражаттарды сатып алууга кредиттер ж.б. Эреже катары бул кредиттерди берүүдө насыя алуучунун жынысы эске алынбайт.

Финансы-кредиттик мекемелердин ишмердигиндеги гендердик көңүл коштук бул мекемелердин эффективдүүлүгүн баалоонун негизги индикаторлорунда камтылган(төмөндө индикаторлордун тизмеси берилди):

- РППУ – потенциалдык чыгашалардын жана жоготуулардын резерви.
- Долбоордун кирешелүүлүгүнүн жана эффективдүүлүгүнүн деңгээли.
- Долбоордун социалдык портрети.
- Долбоордун экологиялык портрети.
- Активдердин жетиштүүлүгү.
- Күрөө менен камсыз болуусу.
- Кредит портфелинин сапаты.
- Банктын ички экономикалык нормативдери.
- Кредиттик лимит.
- Рефинансылоо.
- Жеңилдетилген мезгил ж.б.

Насыя алуучулардын кредитти алуу жана кайтарып берүү маданияты жөнүндө сөз болгондо ишкер аялдардын субъективдүү баасы боюнча, 80 пайызга чейинки кредиттер максатка ылайык пайдаланыларын белгилөөгө болот. Финансы-кредиттик мекемелердин статистикасы боюнча, кредиттердин кайтарымдуулугу областта 90 пайыздан ашат. Бирок тегерек столго атаандаш тараптар катышкандыктан, алар кредиттердин кайтарымы жана каражаттардын максатка ылайыктуу пайдаланылышы боюнча так маалыматты жашырып коюшу да мүмкүн.

Тегерек столдун катышуучулары аялдар ишкердигинин өнүгүшүнө кедерги болуп жаткан себептер катары төмөндөгүлөрдү белгилешти:

- Жаңы бизнес ачкан аялдар үчүн финансы каражаттарынын жетишсиздиги;

- Тандап алган чөйрөнү жеткиликтүү билбегендик, бизнес-пландарды түзүү тажрыйбанын жоктугу, анткени, ишкер аялдар – бул мурдагы мугалимдер, врачтар, үй кожейкелер, мамлекеттик кызматкерлер ж.б., б.а. бизнес жүргүзүүнүн негиздерин билбеген адамдар;

- юридикалык сабатсыздык, лицензиялоо-уруксат берүү документтерге байланышкан кыйындыктар;

- жагымсыз салык саясаты;

- административдик тоскоолдуктар (соода түйүндөрү үчүн жер тилкелерин бөлүүдөгү бюрократизм, бажы, кагаз толтуруудагы ашкере формалдуулук – «мамлекеттик органдардан бир маалым кат алуу да оор»);

- демилгесиз, үй-бүлө багууга жөндөмсүз, экономикалык сабаты төмөн киши катары коомдун жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн аялдарга болгон салттуу түрдөгү адилетсиз мамилеси;

- аялдардын бизнес-лидерлигинин өнүктүрүүгө үй-бүлө тарабынан колдоонун жоктугу, үй тиричилиги менен бизнес-ишмердикти шайкеш кармоонун кыйындыгы, анткени, үйдүн түйшүгү, үй-бүлөгө камкордук көрүү көп убакытты талап кылат;

- ишкердикти колдоо боюнча маалыматка жетүүнүн чектелиши жана байланыш тармактарынын жоктугу;

- экономиканы жана коомду өнүктүрүүгө ишкер аялдардын кошкон салымдарын эсепке алуунун жоктугу, жалпыга маалымдоо каражаттарында аялдар ишкерлигинин жетишкендиктерин чагылдыруунун жетишсиздиги.

## Жыйынтыктар

### Ишкердикти колдоо субъектилеринин картасы

Аялдар ишкердигин колдоону карталаштыруу үчүн мамлекеттик органдардан Балыкчы шаарынын мэриясынын адистери, мэриянын экономикалык бөлүмү, Балыкчы шаарынын салык инспекциясы, шаардык кеңештин депутаттары жана шаардык Аялдар кеңешинин өкүлдөрү чакырылышкан. Жолугушууга чакырылган Балыкчы шаарынын мэриясынын экономикалык бөлүмүнүн жана салык инспекциясынын өкүлдөрү келишкен жок.

Балыкчы шаарынын мэриясынын адистеринин айтымында, аялдар ишкердигин өнүктүрүүгө өзгөчө мамиле жок, жада калса кээде мамлекеттик органдардын ишкерлер менен байланышы да жок болуп калат. Мисалы, Балыкчы шаарында эки базар бар, алар жеке менчикте, ишкерлер анда зарыл шарттардын жоктугун, соода орундарынын жетишсиздигин айтышып, мэрияга кайрылышат. Ошондуктан азыр мэрия ишкердикти өнүктүрүүнү колдоо максатында шаарда муниципалдык базар куруп жатат. (http://rus.azattyk.org/archive/ky_News_in_Russian_ru/20130531/4792/4795).

Ишкерлер өз кезегинде мамлекеттик органдардан алар бизнес жүргүзүүнүн артыкчылыктуу багыттарын аныктап, ири бизнести өнүктүрүү үчүн жер тилкесин алуунун процедураларын жөнөкөйлөтүп, маалыматтык колдоо көрсөтүүнү күтүшөт.

# Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын гендердик талдоо

# ОШ ШААРЫНЫН 2013-ЖЫЛДАГЫ БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫН ГЕНДЕРДИК ТАЛДОО

**Талдоонун максаты:**

Ош шаарында 2013-жылы бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын социалдык-экономикалык керектөөлөрдү жана эркектер менен аялдардын, анын ичинде камкордук көрүү жана багуу экономикасында алектенгендердин, кызыкчылыктарын ишке ашырууга тийгизген таасирин аныктоо; ишке ашырылган бюджеттик чараларды талдоонун негизинде гендердик теңдикти алга жылдыруунун мүмкүнчүлүктөрү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Милдет – жергиликтүү бюджеттин киреше саясатынын гендердик мүнөзүн жана чыгымдоо саясатынын гендердик сезим талдыгын аныктоо, бюджеттөөнүн өнүгүүгө кандай көмөк болуп жатканын, эркектер менен аялдардын ресурстарга жетүүсүн кантип камсыз кылып жатканын ачып көрсөтүү.

**Изилдөөнүн усулу**

1. Баштапкы жана экинчи финансы документтерин иликтөө, анын ичинде:
   - Ош шаарынын 2012-2013-ж.ж. үчүн бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы тууралуу отчет;
   - Ош шаарынын 2012-2013-ж.ж. үчүн бюджетинин чыгашалар бөлүгүнүн аткарылышы тууралуу отчет;
2. Статистикалык маалыматтарды топтоо жана талдоо, анын ичинде:
   - 2009, 2012, 2013-ж.ж. калктын демографиялык көрсөткүчтөрү боюнча статистикалык маалыматтар;
3. Ош шаарынын бюджетин түзүүгө жооптуу ар кайсы кызматтардын жетекчилери жана кызматкерлери (мэрия, финбашкармалык, салык инспекциясы, шаардык билим берүү башкармасы, соц. өнүгүү, саламаттык сактоо координатору) менен интервью; секторлор боюнча жооптуу адамдар менен жолугушуулардын жыйынтыктарын жазуу.

2013-жылдагы Ош шаарынын бюджетинин аткарылышын талдоонун жүрүшүндө, тактап айтканда, маалыматтарды тактоо этабында, жумушчу топ зарыл болгон так жана толук маалыматты алуу проблемасына тушукту.

Бул проблемалар объективдүү жана субъективдүү факторлорго байланыштуу эле:

- мамлекеттик органдар өткөн мезгил үчүн отчетторду биринчи кварталда берет. Ошондуктан мурунку жыл үчүн өлкө калкы жөнүндөгү статистикалык маалыматтар кийинки жылдын март-апрелинде гана жарыяланат. Андыктан жумушчу топ маалыматтарды ар кайсы булактардан – Ош ш. мэриясынан, статистика башкармалыгынан, областтык саламаттыкты сактоо башкармалыгынан, шаардын финансы башкармалыгынан чогултту;
- толук талдоо үчүн бюджеттин аткарылышы боюнча деталдаштырылган маалыматтарды алуу татаалдыгы. Эреже катары

бюджеттин аткарылышы боюнча отчеттор чыгымдардын бардык беренелери боюнча деталдаштырылган толук маалыматтарды камтыбайт. Сыягы, бул финансы структураларынын уюштуруучулук маданиятына жана бюджеттин аткарылышына коомдук көзөмөлдүн жоктугуна байланыштуу болсо керек.

**Жалпы маалымат**

Ош шаары Кыргызстандын байыркы ири шаарларынын бири. Ал Ош областынын борбору болуп, Фергана өрөөнүнүн түштүк чыгыш чет жакасында, Кичи Алай тоосунун түндүк этегиндеги Ош-Кара-Суу түздүгүндө деңиз деңгээлинен 700-1000 м бийиктикте жайгашкан. Ош — калкынын саны боюнча Бишкектен кийинки экинчи орунда турган Кыргызстандын шаары. 2012-жылдын үчтүн айынын (январь) бирине карата шаар калкынын саны 230 200 адамды түзгөн. Ош шаарына шаардык администрациядан тышкары 25,6 миң жашоочусу менен шаар четиндеги 11 айыл-кыштак каратйт. Ош шаарынын калкы саны шаар четтери менен 500 миң жашоочу деп бааланган. Бишкектен Ошко чейинки автожолдун аралыгы 730 чакырымдай.

Азыр шаардык кеңеш 5 депутаттан турат, анын ичинен тогузу (20%) – аялдар.

Шаарда 14 муниципалдык мекемелер бар, анда 188 кызматкер иштейт.


2013-жылы шаардын аймактык дүң продукциясы (АДП)10 449,8 тыс. сом болду. Акыркы 5 жылда АДПнын физикалык көлөмү өсүүдө. Жан башына эсептегенде 2013-жылы АДП 40 099 сом болду, бул 2009-жылга салыштырмалуу 53 пайызга көп жана 2011-жылдын деңгээлинен 10,7 пайызга жогору.

**Таблица 1. – Аймактык дүң продукция, 2009-2913-ж.ж.**

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **2009** | **2010** | **2011** | **2012** | **2013** |
|---|---|---|---|---|---|
| Аймактык дүң продукция, иш жүзүндөгү көрсөткүчтөр | 6 746,3 | 6 088,2 | 9 263,2 | 9 813,3 | 10 449,8 |
| **Жан башына** | **26 148,4** | **23 497,5** | **36 212,7** | **38 348,2** | **40 099,0** |

Статистикалык маалыматтар боюнча, 2013-жылга карата Ош шаарынын туруктуу жашаган калкынын саны 260 451 адам, калктын санынын өсүшү 2012-жылга салыштырмалуу 1,8% (4 603 адам), анын ичинен эркектер – 125 004 (48%), аялдар – 135 447 (52%). Калктын жайгашуусунун орточо жыштыгы 1 чарчы чакырымга 1 427 адам.

**Диаграмма 1. 2009-2013 ж.ж. үчүн Ош шаарынын калкынын санынын динамикасы жыныстары боюнча (адам)**





2011-2012-ж.ж. аралыгында шаардын калкынын курамында эркектердин саны 1898 адамга азайып кеткен, ошондой эле 2010-жылга салыштырмалуу аялдар менен эркектердин ортосундагы ажырым бир нече жүз адам болгон. Сыягы, бул 2010-жылдын июнь айындагы трагедиялуу окуялардын кийин көптөгөн жаш эркектердин жаңы киреше булактарын издеп, башка жактарга жер которуп кеткенинен улам болгон көрүнш болсо керек.

Шаар калкынын этникалык курамы: 48,2% – кыргыздар, 44,2% – өзбектер, 7,6% – башка этностор.

Жашы жана жынысы боюнча Ош шаарынын калкы үч негизги топторго бөлүнөт:

- Эмгекке жарамдуу курактагылардан кичүү калк (15 жашка чейинкилер) – 72 292 человек (37 027 – эркектер, 35 265 – аялдар), бул шаар калкынын 27,7 пайызына барабар;
- эмгекке жарамдуу курактагы калк (эркектер 16-59 жаштагылар, аялдар 16-54 жаштагылар) – 169 046 человек (82 119 – эркектер, 86 927 – аялдар), бул шаар калкынын 64,9 пайызына барабар;
- эмгекке жарамдуу курактагылардан улуу калк (59 жаштан жогорку эркектер, 54 жаштан жогорку аялдар) – 19 113 человек (5 858 – эркектер, 13 255 – аялдар), бул шаар калкынын 7,4 пайызына барабар.

**Диаграмма 2.**




**2009,2013-ж.ж. Ош ш. калкынын жынысы жана жашы боюнча структурасы**

Ош шаарынын калкы салыштырмалуу жаш жана жаш жумушчу күчтөрүнүн жогорку потенциалына ээ. Бирок экономикалык проблемалардан улам жергиликтүү эмгек рыногунда аларга талап жок болгондуктан, чет өлкөлөргө чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. Диаграмма 2 гендердик теңдемсиз (дисбаланс) 20 жаштан башталарын көрсөтөт. Бул да негизинен жаштар эмгекке жарамдуу куракка келген кезде эмгек миграциясына кетип жаткандыгына байланыштуу, ошондой эле көбүнчө эркектерге тобокелчилик жүрүш-туруш мүнөздүү болгондуктан, алар өлүмгө учуроосу да көбүрөөк экендиги менен да түшүндүрүлөт.

**Билим берүү.** 2013-жылы Ош шаарынын территориясында:

- 11 234 баланы камтыган 32 мамлекеттик жана 600 балалык 14 жеке менчик мектепке чейинки мекемелер болгон;
- 49 950 окуучуну камтыган (2 521 жеке менчик мектептердин окуучулары) 59 (анын ичинен алтоосу жеке менчик) жалпы билим берүүчү уюмдар;
- 1 545 окуучуну камтыган 3 баштапкы кесиптик окуу жайлар;
- 16 238 студентти камтыган 19 кесиптик орто окуу жайлар;
- 45 534 студентти камтыган 8 жогорку окуу жайлары бар.

*Билим берүүнүн сапаты:*

1. 2012-2013 окуу жылы –36,6% түздү; 99,4%, жетишпегендер – 0,6%.

2. 2013-2014 окуу жылы – билим берүүнүн сапаты 33,5% түздү; сабакка жетишкен окуучулар 97,1%, жетишпегендер – 2,9%.

Орто мектептерде 3 006 мугалим иштейт, алардын 2 649у аялдар (88,1%). Алардын ичинен – 2 757 мугалим жогорку билимдүү, толук эмес жогорку билимдүүлөр – 106 мугалим; атайын орто билимдүүлөр – 136 мугалим, жалпы орто билимдүүлөр – 7 мугалим. 644 мугалим башталгыч класстарда сабак беришет. Мугалимдердин 10,7%, же 323 адам – пенсия курагында, ал эми жаш мугалимдердин үлүшү 14,4%, же 434 адам.

Кыргыз тилинде билим берген мектептер 100% педагогдор менен куралган.

2012-2013 окуу жылында Кыргыз тилинде билим берген мамлекеттик мектептердин саны 14, (6 569 окуучу), орус тилинде билим берген мектептер – 12 (11 755 окуучулар), кыргыз жана орус тилдеринде билим берген мектептер – 12 (13 092 окуучулар), өзбек тилинде билим берген мектептер – 6 (3 671 окуучулар), өзбек жана орус тилдеринде билим берген мектептер – 14 (14 344 окуучулар).

2013-2014- окуу жылында мектептердин жана окуучулардын саны боюнча өзгөрүүлөр болду: эми кыргыз тилинде билим берген мектептердин саны 13 (7 007 окуучулар), орус тилинде билим берген мектептер – 8 (11 734 окуучулар), кыргыз жана орус тилдеринде билим берген мектептер – 9 (12 858 окуучулар), өзбек тилинде билим берген мектептер – 4 (2 328 окуучулар), өзбек жана орус тилдеринде билим берген мектептер – 17 (16 023 окуучулар).

Ошондой эле жеке менчик мектептер да бар: 2 кыргыз тилинде, 4 орус тилинде сабак берген мектептер (окуучулардын жалпы саны – 2521 адам).

2013- жылы мектептерди 1 998 окуучу аяктады, алардын ичинен: 11-класcты бүткөндөр – 51% кыздар, 9-класcты – 45 659 адам, алардын 51% кыздар.

Ош шаарынын жогорку окуу жайларын 2013-2014-окуу жылында 8 353 студент аяктады, алардын 56,5% кыздар; ал эми атайын орто окуу жайларын 3 220 студент бүтүрүштү, алардын 69% кыздар. Ошентип, эгерде орто билим алууга балдар менен кыздар паритеттүү негизде жетишкен болсо, кесиптик орто жана хогорку профессионалдык билим берүүнүн деңгээлинде профессионалдык билим берүүнүн ачык эле феминизациялана баштайт.

Талдоо учурунда жеке менчик мектептерде калкка эффективдүү билим берүү кызматын көрсөтүү үчүн мыкты шарттар түзүлгөнү аныкталды. Бардык жеке менчик мектептер зарыл жабдуулар жана инвентарлар менен камсыз болушкан жана ишке жогорку квалификациялуу мугалимдерди тартышат.

Мамлекеттик мектептер көптөгөн чектөөлөргө дуушар болушат: азыр бул мектептерде окуу куралдары жана окуу китептери,

окутуунун техникалык куралдары, көрсөтмө куралдар жетишпейт, квалификациялуу мугалимдер, айрыкча орус тили мугалими тартыш.

2010-жылдагы июнь окуяларынан кийин балдарын орус класстарда окутуунун каалагандардын саны көбөйгөндүгүн белгилей кетүү маанилүү. Класстарда 45-50гө чейин балдар окушат, мындай класстарда окутуунун сапаты да начар.

Мамлекеттик мектептерде башталгыч класстардын мугалимдери жетишпейт. Окуу адабияттарынын Фонду, эреже катары, өтө эле начар. Окуучуларды окуу китептери менен камсыз кылуу үчүн айрым мектептерде ата-энелер фондун түзүп, окуу китептери менен камсыз кылууну ата-энелердин мойнуна артууга мажбур болушкан. Окуу жылы аяктаганда бул окуу китептери ата-энелердин каалоосу боюнча мектеп китепканасына белекке берилет.

Дагы бир практика орун алган. Шаардагы айрым мектептер ата-энелерден кошумча төлөмдөрдү алышат. Мисалы, «ОЛИМПте» билим алуу үчүн баласы же кызы 1-класска барып жаткан ата-энелер 5000 сомдон мүчөлүк акы төлөшөт. Бул каражаттар негизинен интернет-байланыш кызматы үчүн, мектептин кайтаруучуларынын эмгек акысына, сантехниктерге, жыгач усталарга, шыпыргычтарга ж.б сарпталат.

Шаарда билим берүү мекемелерине ар тараптуу жардамдарды көрсөтүп жатышкан көптөгөн донор гуманитардык уюмдар иштейт. Маселен, алар мектепти ремонттоону, эшик-терезелерди алмаштырууну, мектептин территориясын тоскон кашааларды курууну каржылашат.

Ош шаарындагы №12- көмөкчү мектеп бар. Анда 144 окуучу бар, алардын 92си балдар жана 52си кыздар. Алардын бардыгы олигофрения, ДЦП, синдром Дауна диагноздор менен психиатриалык диспансерде эсепте турушат.  Балдар 8-класска чейин билим алышат. 90 % жакын балдар начар үй-бүлөлөрдөн. Анда окуган балдардын баары психиатриалык диспансерде эсепте турганына карабастан, алардын 82си гана майыптыгы үчүн  пособие алышат. Бул көпчүлүк учурда балдардын ата-энелеринин өздөрүнүн ден соолуктары жакшы эмес, каражаттын жоктугунан документтерди толтурганга да мүмкүнчүлүктөрү жок, айрым учурда оорулуу балдардын ата-энелери да жардамга муктаж.

Мектеп түндө да иштейт. Түнкүсүң мектепте 40 бала: 20 кыз, 20 бала калышат. Ал эми окуу жайдын директорунун айтымында, «балдардын баары эле түнкүсүн калышса болмок, анда бардык шарттар бар. Бирок мектептин интернат статусу жок, ошондуктан мэрия 40 эле балага каражат бөлөт».

*Шаардык билим берүү бөлүмү.* Ички миграциянын айынан статистика дайыма өзгөрүп турат, анын тактыгы кыска мөөнөткө гана сакталат. Маалыматтар менен алмашууда жеке менчик балдар бакчалары шаардык билим берүү бөлүмү менен кызматташкылары келбейт.  Бөлүмдүн кызматкерлери барганда алар бул жеке менчик мекеме, ошондуктан шаардык билим берүү бөлүмүнүн биздин ишибизге кийлигишүүгө укугу жок дешип, жакын жолотушпайт.  Жеке

менчик балдар бакчалары лицензияны КР билим берүү жана илим министрлигинен алышат. Ата-энелер жакшы билим алышсын деген ниет менен балдарын көбүнчө жеке менчик балдар бакчаларына беришет. Бул балдар бакчаларында акы төлөө ай сайын 5 000 сомдон 10 000 миң сомго чейин.

**Саламаттык сактоо.** Шаардын территориясында 6 ооруканa, 7 фельдшердик-акушердик пункттар, 40 ГСВ жана 1 тез жардам станциясы бар. Дарылоо мекемелеринде 3096 медициналык персонал иштейт, алардын 708и врачтар, 1437 медайым, 515 санитарлар жана 436 кенже тейлөөчү персонал (МОП) и жана авто айдоочулар.

Жан башына врачтар менен камсыз болуу: 2012-жылы ар бир 10000 калкка 23,3 врач туура келет, 2013-жылы бул көрсөткүч 24кө жетти. Орто медперсонал менен камсыз болуу 2012-жылы – 45,5 бирдик, ал эми 2013-жылы – 48,5 бирдик. Саламаттык сактоо адистеринин пикири боюнча, бул жакшы көрсөткүч деп эсептелет. Анткени башка шаарларда жана аймактарда бул көрсөткүч бир кыйла төмөн (17-19 бирдик).





Диаграмма 3. 2012-2013-ж.ж. Ош ш. медицина кызматкерлеринин орточо айлык акысы

2013-жылы медициналык персоналдын орточо айлыгы 5 пайызга жогорулап, врачтардын айлыгы 8991 сом болду; орто медициналык персоналдын айлыгы 2 пайызга өсүп, 8472 сомду түздү; кенже медициналык персоналдыкы 25 пайызга көбөйүп 7981 сомго жетти (негиз: КР Өкмөтүнүн 2012-жылдагы №246-токтому). Бирок айлыктын көбөйгөнүнө карабастан, 2013-жылы саламаттык сактоо мекемелеринен 125 врач жумуштан кетип, 151 врач кабыл алынган. орто медициналык персоналдын ичинен 158 адам жумуштан бошотулуп, 264 адам жумушка кабыл алынган, 125 санитар иштен кетип, 140 адам кабыл алынган. Белгилей кетчү нерсе, штаттагы

медицина кызматкерлеринин санынын өсүшү ставкаларды эки, кээде андан да көпкө бөлүүнүн эсебинен болууда. Натыйжада жарым ставкада, же врачтын ставкасынын 0,3 ставкасына иштеген дарыгерлердин айлыгы өтө эле аз болуп, алар чектелген график менен иштешип, өз ишинин натыйжасы үчүн дарыгерлердин жоопкерчилиги төмөндөөдө.

Саламаттык сактоо кызматкерлеринин орточо жаш курагы 35 жаш жана андан жогору. Кадрлардын тез-тез алмашуусу айлыктын аздыгынан жаш адистердин арасында миграциянын деңгээлинин жогору болушуна байланыштуу. Белгилей кетчү нерсе, мурдагы Советтер союзунун аймагында медициналык окуу жайларын 2006-жылдан кийин аяктаган адистерге талап жокко эсе. Ошондуктан мигранттар көбүнчө башка иштерде иштешет. Бул факт бир жагынан мамлекеттик бюджеттин эсебинен медициналык кадрларды даярдоонун чыгымдарынын өсүшүнө алып келсе, экинчи жагынан медициналык чөйрөдө кесипкөй кадрлардын азайып баратканын көрсөтөт.

Аялдардын жана эркектердин турмуш образында, эреже катары, көп айырмачылыктар бар, ошондуктан алардын саламаттык сактоонун кызматынан пайдалануусу да ар кандай деңгээлде.




**Диаграмма 4. Аялдардын сыркоолору, 2009, 2012-ж.ж., адам**[2]

Оорулардын көрсөткүчтөрүн талдоо гендердик өзгөчөлүктү даана көрсөтүп турат. Маселен, 2012-жылы медицина мекемелерине кайрылган 79 миңден ашуун оорулуулардын 56 пайызы аялдар жана

[2] Талдоо үчүн 2012-жылга чейинки маалыматтар колдонулду.




44 пайызы – эркектер.

**Диаграмма 5. Оорулардын негизги кластары боюнча эркектердин оорулары, 2009,2012-ж.ж. адам**

2009-жылдан 2012-жылга чейинки мезгилде аялдардын да, эркектердин да арасында оорулардын бардык түрлөрү менен жапа чеккендер көбөйгөнү байкалат. Эксперттер муну калктын функционалдык сабатынын төмөндөшү, жалпы билим деңгээлинин төмөндөшүнө байланыштуу ден соолук маселелерин түшүнүү маданиятынын төмөндүгү, милдеттүү медициналык камсыздандыруу Фондунан бөлүнгөн каражаттардын чектелгендиги менен түшүндүрүшөт. Азыр эркектер менен аялдардын ден соолугунун абалы олуттуу кооптонууну туудурат. 2012-жылы анемия оорусу менен шаардын медициналык мекемелерине 4 357 адам кайрылган, алардын 65 пайызданы ашыгын аялдар түзөт.

2013-жылы 50 ВИЧ жуктуруу учурлары катталган, анын 26сы аялдар жана 24ү эркетер. ВИЧ жуктургандардын 18и СПИД-позитивдер, алардын 16сы эркектер, экөө аялдар.

2012-жылы энелердин өлүмү аябай өсүп кеткен жана республикалык деңгээлден да ашып түшкөн.

Таблица 2. – 2000-2012-ж.ж. энелердин өлүмү

| | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 |
|---|---|---|---|---|
| Ош шаары | 168,4 | - | 35,7 | **60,3** |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 63,5 | 51,3 | 54,8 | **49,1** |

Наристелердин өлүмү боюнча кырдаал жакшы эмес. Ош шаарында бул көрсөткүч республикалык көрсөткүчкө караганда 3 эсе көптү кылат.

Таблица 3. –2000-2012ж.ж. Наристелердин өлүмү жынысы боюнча, *(1 жашка чейинки тирүү төрөлгөн 1 000 балага карата)*

| Жылдар | г. Ош | | | КР | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Эркек, кыз бирге | балдар | кыздар | Эркек, кыз бирге | балдар | кыздар |
| 2009 | 58,4 | 65,6 | 50,7 | 25 | 27,7 | 22,2 |
| 2010 | 48,3 | 52,5 | 43,8 | 22,8 | 25,4 | 20,1 |
| 2011 | 54,7 | 58,7 | 50,3 | 21,1 | 23,2 | 21,9 |
| 2012 | 60,3 | 69,1 | 50,8 | 20 | 21,9 | 17,9 |

## Киреше саясаты

### Бюджеттин жалпы кирешелери жана өткөн жылдардын кирешелери менен салыштыруу

Жергиликтүү бюджеттин кирешелер боюнча аткарылышын талдоодо бюджеттин бекитилген жана такталган пландары боюнча көрсөткүчтөр, ошондой эле 2011-жылдан 2013-жылга чейин бюджеттердин иш жүзүндө аткарылышынын динамикалык көрсөткүчтөрү алынды.

2012-жылга салыштырганда 2013-жылы бекитилген план боюнча бюджеттин киреше бөлүгүнүн жыйынтык суммасынын 2 пайызга өскөнү байкалат. Ошол эле учурда трансферттерди (республикалык бюджет жана гранттар) эске албаганда кирешелер 50 пайызга өскөн. Бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшү чогултулган салыктардын көлөмүнүн өсүшүнүн эсебинен болду. Эгерде 2012-жылы бардыгы болуп 378 317,9 миң сом салык чогултулган болсо, 2013-жылы бул сумма 597 874,1 миң сомду түздү.





**Диаграмма 6. 2011-2013-ж.ж. үчүн Ош шаарынын бюджетин кирешелер боюнча аткаруунун динамикасы. (миң сом менен)**

2013-жыл үчүн бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы боюнча 2011-жылга салыштырмалуу иш жүзүндө келип түшкөн кирешелер 18,4 пайызга көбөйгөн, ал эми 2012- жылга салыштырмалуу – 19 пайызга төмөндөгөн.


2013-жылдын бюджетинин киреше бөлүгүнүн жалпы структурасында план боюнча 47 пайызы салыктарды чогултуунун эсебинен, 42% - трансферттер (республикалык бюджет жана гранттар) жана калган бөлүгү – 11% салыктан башка келип түшкөн каражаттар көрсөтүлгө Бюджет кирешелер боюнча иш жүзүндө 89 пайызга аткарылды. Талдоо көрсөткөндөй, болжолдонгон көрсөткүчтөрдү аткарбай калуу негизинен республикалык бюджеттен трасферттердин 77 пайызы гана келип түшкөндөн улам болду.

Ош шаарынын 2013-жылдагы иш жүзүндөгү бюджетинин киреше бөлүгүнүн структурасы:


- Жергиликтүү төлөмдөр 723 938,2 миң сом, бюджеттин жалпы суммасынын 63%,
- трансферттер (республикалык бюджет жана гранттар) суммасы - 419 088,1 миң сом, бюджеттик кирешенин 37%, ал эми 2012- жылы трансфертерден түшкөн сумма 65% болчу.

Жергиликтүү түшүүлөр 82,6% түзүп, алар салыктардан (17,4%), салыктан тышкаркы кирешелерден жана атайын каражаттардан чогулган. 2012-жылы бюджеттин структурасындагы салыктан түшкөн киреше трансферттерди эске албаганда 76% түзгөн.

Пландалган бюджеттик киреше бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышынан айырмаланып турган. Жалпысынан бюджеттин структурасындагы смещениялар 5% түздү. Маселен, эгерде план боюнча, план боюнча жергиликтүү түшүүлөрдүн салыштырма салмагы 58% жана трансферттердики 42% болсо, ал эми иш жүзүндө бул көрсөткүч 63% жана 37% түздү.




**2012-жыл**




**2013-жыл**

Ош шаарынын 2013-жылдагы бекитилген бюджетинин киреше бөлүгү боюнча пландуу көрсөткүчтөрдү аткаруу 89% болду жана такталган пландар 97% аткарылды.

Бюджеттин киреше бөлүгүнүн иш жүзүндө аткарылышы боюнча маалыматтарды талдоо пландалган көрсөткүчтөрдөн бир кыйла четтеп кетүүсү салыктан түшкөн кирешелердеги айырмадан улам келип чыкканын көрсөтөт. Б.а. мүлккө болгон салыктын эсебинен бюджетке 21 млн. сомго жакын каражат түшпөй калган, жер салыгынын эсебинен бюджет 4,5 млн. сомго кемиген.

«Кыймылсыз мүлккө салык» беренеси боюнча бюджетке пландалган кирешенин түшпөй калышынын негизги себеби шаардын ири базарлары жайгашкан борбордук көчөлөрдөгү жолдорду жана көпүрөлөрдү ремонттоо жана курулуш иштери менен байланыштуу. Натыйжада базарлар (Келечек, Борбордук базар) көчүрүлүп, соодагерлердин жана коомдук тамактануу ишканаларынын ишине тоскоолдуктар жаралды. Жыйынтыгында бул «Кыймылсыз мүлккө салык» беренеси боюнча 23 592,5 миң сомдун түшпөй калуусун шарттады.

Ал эми «айыл чарба багытындагы эмес жерлерди пайдалангандыгы үчүн салык» беренеси боюнча айырма Ош шаарынын бюджетинин кирешелер бөлүгү боюнча пландуу көрсөткүчтөрдү тактоодо Минфин тарабынан киргизилген түзөтүүлөргө байланыштуу болду.

Ош шаарынын бюджетине салыктан түшкөн кирешелердин структурасында 13 түрдүү салык бар, алардын негизгилери үчөө:

1. Жеке киреше салыгы (подоходный налог) – 2013-жылы – бардык салыктан түшкөн кирешелердин 32%, 2012-жылы – 46%;

2. ыктыярдуу патент негизиндеги салык – 2013-жылы – 18%, 2012-жылы – 13%;

3. сатык салыгы – 2013-ж. – 32%, 2012- ж. – 29%.

Бул үч салыктын түрү 2013-жылы бардык салык кирешелеринин 90%, ал эми 2012-жылыг – 88 пайызын түздү.

Суммалай келгенде 2013-жылы салыктан түшкөн кирешелердин 2012-жылга караганда бир кыйла өсүшү төмөнкүлөрдүн эсебинен болду:

- жеке киреше салыгынан –20,5 млн. сомдон ашык;
- ыктыярдуу патент негизиндеги салыктан – 61 млн. сом;
- сатык салыгынан –79 млн. сомго жакын;
- кыймылсыз мүлккө салык – 32 млн. сом;
- жер салыгы – 18 млн. сомдон ашык.

Талданып жаткан мезгил ичинде салык кирешелеринин көбөйүшүнүн себептеринин бири – бул, биздин божомолубузда, шаардын экономикасынын бардык негизги секторлорунда обороттун өсүшү:

- өнөр жайында – өсүш 8,4% пайыз болду (анын ичинде нан өндүрүү 32,8% өстү);
- жүк ташуу – 5,7%;
- кызмат көрсөтүү жана соода – 13%;

- мейманкана жана ресторандар – 8,1%.

Салык кирешелеринин өсүшүнүн дагы бир себеби – 2010-жылдагы июнь окуясынан кийин киргизилген ишкерлерди жана шаардын тургундарын салыктан бошотуу боюнча жеңилдетилген мезгилдин бүтүшү (патенттер, кыймылсыз мүлккө салык жана жер салыгы).





**Диаграмма 7. Ош шаары боюнча калктын жан башына бюджеттик каражаттар**

Акыркы эки жылда бюджеттин киреше бөлүгү 2 пайызга өскөнүнө карабастан, калктын жан башына туура келген бюджеттик кирешелердин көлөмү 4,9 миң сомдун деңгээлинде өзгөрүүсүз калууда. Бирок трансферттерди (республикалык бюджет жана гранттар) эсепке албаганда жан башына туура келген бюджеттик кирешелердин көлөмү 2012-жылдагы 1,95 миң сомдон 2013-жылы 2,9 миң сомго өскөнүн белгилей кетүү керек.

## Чыгымдоо саясаты

### Бюджеттик чыгымдардын көлөмдөрү жана мурунку жыл менен салыштырмалуу динамика

Административдик-функционалдык классификацияга ылайык бюджеттик каражаттар 9 категориялар боюнча бөлүштүрүлөт:

- жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар;
- коргоо;
- коомдук тартип жана коопсуздук;
- экономикалык маселелер;
- турак-жай жана коммуналдык кызматтар;
- саламаттык сактоо;

- эс алуу, маданият жана дин;
- билим берүү;
- социалдык коргоо.

Таблица 4. – Чыгымдар боюнча жергиликтүү бюджеттин иш жүзүндө аткарылышы

**2011 - 2013 ж.ж., миң сом**

| | 2011-жыл | 2012- жыл | 2013-жыл |
|---|---|---|---|
| жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | 93 752 | 83 939 | 88 904,0 |
| коргоо; | 3 378 | 4 381 | 2 817,2 |
| коомдук тартип жана коопсуздук | 14 261 | 746 | 490,0 |
| экономикалык маселелер | 16 417 | 19 095 | 20 680,1 |
| турак-жай жана коммуналдык кызматтар | 387 526 | 568 201 | 405 553,9 |
| саламаттык сактоо | 1 988 | 300 | 130,0 |
| эс алуу, маданият жана дин | 54 068 | 62 553 | 61 906,9 |
| билим берүү | 573 703 | 714 402 | 544 035,9 |
| социалдык коргоо | 17 097 | 22 003 | 19 776,1 |
| **Жыйынтыгы:** | **1 162 190** | **1 475 621** | **1 144 164,1** |

2013-жыл үчүн Ош шаарынын бюджетинин пландалган чыгымдоо бөлүмүнүн жалпы суммасы 1 282 874,2 миң сомду түзгөн. Бюджеттин пландалган чыгымдоо бөлүмүнүн иш жүзүндө аткарылышы 92,8% болду, калктын жан башына – 4,57 миң сом.

2013-жылдын 12 айында такталган бюджет 301 562,0 миң сомду түздү, анын 300 158,5 миң сому каржыланды, же бул көрсөткүч 99,7 % болду. 2012-жылы такталган бюджет 291 297,6 миң сом болгон, каржыланганы – 291 297,6. Б.а. 2013-жылы 9 460,9 миң сомго көп которулган.

2013-жылдын 12 айында каржыланган 300 158,5 миң сомдун 211 999,4 миң сому айлык акыларга чыгымдалган (70,5%), социалдык фондко чегерүүлөр 36 570,1 (12,2%), командировкалар чыгымдары – 370,1 миң сом (0,1%) болду, коммуналдык кызматтардын чыгымы – 12 102,8 миң сом (4,0%), унаа кызматы – 6 631,1 миң сом (2,2%), башка чыгымдар 5 087,0 миң сом (1,7%) болду, медикаменттерди сатып алууга – 5 422,3 миң сом (1,8%) сарпталды, тамак-аш продуктылары – 11 550,0 миң сом (3,8%), медициналык жабдууларды сатып алууга – 829,2 миң сом (0,3%), имараттарды ремонттоого – 10 196,5 миң сом (3,4%) сарпталды.

Бюджеттин иш жүзүндөгү чыгымдарынын структурасында 80% каражаттар негизги эки берене боюнча бөлүштүрүлөт: билим берүү – 47,5%, турак-жай жана коммуналдык кызматтар – 35,4%.

**Функционалдык чөйрөлөр боюнча бюджеттин структурасы**

***Билим берүү*** Ош шаарында жергиликтүү бюджеттин чыгымдарынын беренелиринин бири болуп саналат. 2013-жылы билим берүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын жалпы суммасы 774 019,8 миң сом болду, анын 229 295,6 миң сому (30%) – жергиликтүү салыктан алынган киреше, ал эми калган бөлүгү 544 724,2 (70%) категориалдык гранттардын эсебинен. Акыркы эки жылда бул берене боюнча чыгымдар 12 пайызга өскөнү байкалат.

Бюджеттин негизги бөлүгү билим берүүгө, анын ичинде 50 пайыздан ашыгы мугалимдердин айлык акысына сарпталат, коммуналдык кызматтарга – 17%; имараттардын ремонтуна – 12%; тамак-аш сатып алууга – 8%; калкка жеңилдиктерди берүүгө – 3%.

Шаардын мектептеринде мугалимдердин айлыгы 3 500–8 000 сом, айлык стажга (7 жыл – кошумча 15%, 15 жылдан жогору – кошумча 30%) жана мугалимдин билимине (жогорку билимдүүлөр – тариф 45 сом/1 саат, толук эмес жогорку билимдүүлөр – тариф 40 сом/1 саат) жараша белгиленет. Бир мугалимге жумалык жүктөм 31 сааттан ашпайт.

Кадимки мектептерге караганда лицейлерде айлык акы 10% көп. Лицейлердин мугалимдеринин орточо айлыгы – 9 000 сомго чейин, жеке менчик мектептерде – 15 000 сомго чейин.

2012-2013-окуу жылында шаардын бардык мугалимдерине коммуналдык кызматтарды (газ, жылуулук, жарык) төлөгөнгө колдоо иретинде суммасы 5 200-5 400 сомдук бир жолку жардам бөлүнгөн. Ошондой эле ай сайын жергиликтүү бюджеттен мектептердин окуу бөлүмүнүн башчыларына (2000 сомдон) жана башталгыч класстардын мугалимдерине (1000 сомдон) кошумча каражаттар бөлүнгөн. Бирок 2014 окуу жылында билим берүү Министрлигинин уруксаты болмоюнча бул төлөмдөр токтолуп коюлган.

2012-жылы ар бир башталгыч класстын окуучусунун тамактануусуна мамлекет 6,5 сом бөлчү, 2013-жылы бул сумма 5 сомго чейин түшүп кеткен. Тамак-аш сатып алууга тендерди шаардык билим берүү бөлүмү жарыялайт, андан соң мектептерге бөлүп берет. Мектептердин өкүлдөрү тендерлерди өткөрүүнү уюштурулушуна (ачык-айкыгдуулук жок) жана азык-түлүктөр менен жабдуучулардын тандалышына наразы.

Жеке менчик мектептерде окутуунун акысы жылына 35 000ден 100 000 сомго чейин. Бул мектептер жакшы окугандарга, тоголок жетимдерге жана майып балдарга акы төлөөдө бир катар жеңилдиктерди (50-70%) беришет.

***Социалдык коргоо.*** 2013-жыл үчүн бюджеттин чыгашалар бөлүгүнүн структурасында социалдык коргоого болгону шаардык бюджеттин 2% (19 776,1 тыс. сом) сарпталган. Бөлүнгөн акчанын 37%; айлык акыга, ар кандай кызматтарды (ремонт, жабдуулар жана материалдар) сатып алууга – 29%; калкка жеңилдиктерди берүүгө – 15%; тамак-аш сатып алууга – 7% сарпталган.

***Саламаттык сактоо.*** Жогоруда сөз болгон категориялардын ичинен эң аз бюджеттик каражаттар саламаттык сактоого бөлүнөт. 2013-жылы бул тармакка болгону 130 миң сом бөлүнгөн, бул жергиликтүү бюджеттин 0,01 % пайызын түзөт. Бул сектор дээрлик толук бойдон республикалык бюджеттен каржыланат. 2013-жылы республикалык бюджеттен Ош шаарынын саламаттык сактоо мекемелерине 300 758,5 миң сом бөлүнгөн, бул 2012-жылга салыштырганда 9 460,9 миң сомго көп.

**Таблица 5. – Саламаттыкты сактоону каржылоонун булактары:**

| | 2012 (миң сом) | 2013 (миң сом) |
|---|---|---|
| Республикалык бюджет | 417 084,9 | 420 277,4 |
| ОМС | 6 7672,0 | 70 651,0 |
| Кошо төлөө (сооплата) | 1 035,4 | 2 475,5 |
| Атайын каражаттар | 1 450,7 | 3 630,5 |

Медициналык кызматкерлердин айрым категориялары республикалык бюджеттен кошумча төлөмдөрдү (II категориядагы врачтар – 10%, I категория – 20%, жогорку категория – 50%, «КР эмгек сиңирген врач» наамы барлар жана рентгенологдор) алышат. Бул категориядагы врачтардын басымдуу көпчүлүгү эркектер болуп саналат. Жалгыз бой энелер, майыптар жана медициналык кызматкерлердин аярлуу топторуна кошумча төлөмдөр берилбейт.

2013-жылдын 12 айында бир медициналык мекемеге бир күндө сарпталуучу чыгымдар төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: медикаменттерге – 137,9 сом (2012-жылга караганда 18,6 сомго көп), азык-түлүк продуктыларына – 47,40 сом (4,8 сомго көп).

2013-жыл үчү милдеттүү медициналык камсыздоо Фондунунун трансферттери 65 655, 8 миң сом болгон, бул 2012-жылга салыштырмалуу 1 812,9 миң сомго көп. Түшкөн каражаттар төмөнкүчө сарпталган: айлыкка – 16 234,5 миң сом; социалдык фондко чегерүүлөр – 2 800,6 миң сом; медикаменттерге ж.б. чыгымдарга – 37 516,0 миң сом; кошумча программага – 9 104,7 миң сом. Б.а. саламаттык сактоону каржылоого бөлүнгөн ири суммалар эркектер менен аялдардын – медициналык кызматкерлер менен пациенттердин күндөлүк керектөөлөрүн камсыз кылууга сарпталат. Бул саламаттык сактоо тармагынын бюджети өнүгүүгө эмес, адамдардын базалык керектөөлөрүн гана камсыз кылган бюджет экендигинин далили болуп эсептелет.

Шаарда жана областта гендердик саясатты ишке ашыру толук бойдон гендер саясаты боюнча бөлүмдүн кызматкерлеринин айлыгын каржылоо менен гана чектелген республикалык бюджетке көз

каранды. Шаардын деңгээлинде гендердик саясатты ишке ашырууга түз багытталган бюджеттик каражаттар бөлүнбөйт.

**Ош шаарынын жергиликтүү бюджетин аткаруу боюнча жыйынтыктар**

1. Гендердик жактан так чектелген статистикалык маалыматтар жок болгондуктан, ар кайсы булактардан чогултулган маалыматтардын негизинде гендердик талдоо жүргүзүү кыйын.

2. Коомдук мааниси бар маалыматтар бир катар мамлекеттик органдар, мисалы, статистика башкармалыгы тарабынан коммерциялык баада сатылат. Статмаалыматтарды сатуудан түшкөн каражаттар кайда кетип, жергиликтүү бюджетте кандайча эсептелип жатканы белгисиз.

3. Бир дагы ведомство саламаттык сактоо жана билим берүү боюнча жеке менчик сектору тарабынан көрсөтүлгөн толук эсепке албайт. Мамлекеттик жана жеке менчик билим берүү жана медицина мекемелеринин кызматтары боюнча коомдук мониторинг жок.

4. Жергиликтүү деңгээлдеги мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин арасында финансы Министрлиги бюджет түзүлүп, такталып жатканда сандарды ойду-келди жогорулатып, же кемитип коёт деп эсептешет. Сандар өтө эле жогору болуп калган учурда мамлекеттик органдар кошуп жазуулар аркылуу реалдуу эмес пландарды «аткарууга» мажбур болушат.

5. Бюджет жөнүндөгү маалымат карапайым калк үчүн ачык эмес. Айлыктын кечиктирилип берилүүсү жана башка мамлекеттин милдеттенмелеринин аткарылышын үзгүлтүккө учуратуулар расмий түрдө комментарийленбейт. Бул ар кандай имиштердин пайда болушуна шарт түзөт жана калктын мамлекетке болгон ишенимине доо кетирет.

6. Гендердик теңдикке жетишүү боюнча НПД Ош шаарынын бюджетин пландоо учурунда да, бюджетти тактоо учурунда да эске алынбайт

7. Ош шаарынын айрым чөйрөлөрүн каржылоо кооптуу абалга кептелген. Маселен, социалдык коргоо системасында кыйын кырдаалга тушуккан улгайган адамдар күндүз баш калкалай турган бир дагы борбор жок, зордук-зомбулукка кабылгандар үчүн кризистик борборлорду мамлекеттик колдоо жок. Конституцияда Кыргызстан социалдык мамлекет катары жарыяланганына карабастан, жергиликтүү жана республикалык бюджеттерде биринчи орунда шаардын инфраструктурасын өнүктүрүү турат, ал эми социалдык көйгөйлөр приоритет катары каралбайт.

8. Жер-жерлердеги финансы органдарында бюджеттин аткарылышын олуттуу анализден өткөрүп, кетирилген каталарды келерки жылга бюджет түзүүдө эске алуу практикасы жок.

## КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРЫНЫН 2013-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫ ҮЧҮН БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫН ЖАНА 2014-ЖЫЛГА ЧЫГАШАЛАР БӨЛҮГҮНҮН ДОЛБООРУН ГЕНДЕРДИК ТАЛДОО

Биздин карамагыбызда Кызыл-Кыя шаарынын 2013-жылдын 9 айы үчүн бюджетинин аткарылышын жана 2014-жылга чыгашалар бөлүгүнүн долбоору. Бизге берилген маалыматтар жана жергиликтүү бюджеттин формасынын эки квалификациясы бар:

- **Экономикалык классификация**, мисалы, ст. 21111100 – эмгек акы, ст. 21211100 – социалдык фондко чегерүүлөр, ст. 22141900 – унаа кызматтары. Бул квалификациянын 8-11 статьялары баарынан көп кездешет. Кызык ст. 2217 «Медикаменттерди жана таңуучу каражаттарды сатып алуу» 706 «Турак-жай коммуналдык чарба», 708 «Эс алуу, маданият, дин», 710 «Социалдык коргоо» статьяларынан башка бардык чөйрөлөрдө кездешет.
- **Функционалдык классификация**, мисалы, ст. 701 – «Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар»; 702 – «Коргоо»; 703 – «Коомдук тартип жана коопсуздук»; 706 – «Турак-жай жана коммуналдык чарба»; 708 – «Эс алуу, маданият, дин»; 709 – «Билим берүү», 710 – «Социалдык корго». Бардыгы болуп, классификациянын 7 түрү.

**Гендердик сезгичтиктин көрсөткүчтөрү:**

Жергиликтүү бюджетте пайдаланылган экономикалык жана функционалдык классификациялар бюджеттин гендердик сезгичтигин шарттайт. Бюджеттин мазмунун жана аны пландоо процессинин өзүн коом турмушунун гендердик аспектилерине, адамзат чен-өлчөмдөрүнө жана жынысы, жаш курагы, социалдык статусу ж.б. сапаттары менен бири-биринен айырмаланган жергиликтүү калктын ар кыл топторунун турмуш шарттарына кош көңүлдүк катары баалоого болот.

### Кызыл-Кыя шаарынын калкы жана экономикасы боюнча статистистикалык маалымат

**Демографиялык маалыматтар.** 2013-жылдын 1-январына карата Кызыл-Кыя шаарынын жана Караван территориялык башкармалыктын (ТБ) калкы 46 495 миң адам, же област калкынын 11,3% жана республика калкынын 0,9%. Шардыктардын саны 31,8 миң адам (68%), айылдыктар – 13,6 миң адам (32%). Алардын ичинен эркектер – 22 823 (49%), аялдар – 23 672 (51%). Иштеп жатышкан жарандардын саны 19 миңден ашык адамдар, иштеп жатышкан эркектер менен аялдардын сандык катышы болжол менен бирдей. Шаардагы үч ЖОЖдордогу студенттердин саны – 11 миң адам; эки колледжде – 2 700 адам, үч кесиптик лицейлерде – 1 455 адам билим алышат. Студенттердин жалпы саны – 15 155 адам, анын ичинен 60 пайыздан ашыгы – Баткен жана Ош областтарынын жакынкы

айылдарынан келгендер. Анын ичинен: уландар – 53пайыздан ашуун, кыздар – 47 пайызга жакын. Шаардын 13 мектептеринде – 9 276 окуучу бар; алардын ичинен: балдар – 4655 (50,2%), кыздар –4621 (49,8%).

**Өндүрүштүк-техникалык потенциалы:**
Өнор жай ишканалары: 17
Курулуш уюмдары: 3
Транспорт уюмдары: 3
Чакан ишканалар: 184
- Алар иштеп чыгарган
- Өнөр жай продукциясы: жыл сайын 240-300 млн сом

Байланыш жана коммуналдык
чарба ишканалары: 5
Дыйкан чарбалары: 960
- Айыл чарба

продукцияларынын көлөмү: жыл сайын 170-250 млн сом
Банктар ж.б. финансы институттары: 18
- Жыл сайын берилген кредит: 500 млн. сомго чейин.

Шаардын өндүрүштүк-техникалык потенциалы камтыган өнөр жай, курулуш, транспорт уюмдарында, байланыш жана коммуналдык чарба ишкналарында, дыйкан чарбаларында иштегендердин 70 пайыздан ашыгы эркектер. Алардын көпчүлүгү жетекчи звеного, орто звеного киришет жана курулушчу, жумушчу болуп иштешет. Аялдар бул чөйрөдө негизинен бухгалтерияларда, кадрлар бөлүмдөрүндө жана техникалык кызматтарда чогулушкан. Ал эми ар кыл ЖЧК жана АК, банктар жана башка финансы мекемелер кирген чакан ишканаларда иштеген аялдар менен эркектердин саны бирдей эле.

## Бюджеттин киреше бөлүгүн талдоо

## Киреше саясаты

### Бюджеттин жалпы кирешеси жана мурунку жылдардагы кирешелер менен салыштыруу (динамика)

КР финансы Министрлиги берген бюджеттик божомолдор жергиликтүү субьектилердин финансы бөлүмдөрү алдын ала жиберген бюджеттин алдын ала цифраларына негизделип, түзүлөт. 2012-жылдагы кирешелер менен трансферлердин жалпы суммасы 134 601,6 млн сомду түздү. Бардыгы болуп кирешенин 43 статьялары бар, анын ичинде категориалдык грант жана мамлекеттик секторго трансферт бар. 2012-жылы иш жүзүндө алынган кирешелерден улам КР финансы Министрлиги 2013-жылга карата планды 142 188,8 млн. сом суммасында аныктады, бул иш жүзүндө түшкөн кирешеден 9,5

пайызга көп. 2013-жылдын жыйынтыгы боюнча, иш жүзүндө алынган кирешенин динамикасы КР финансы Министрлиги аныктаган пландан 650,8 миң сомго көп, бул план 100,5% ашыгы менен аткарылды дегенди билдирет. Б.а. 2012-жылдан 2013-жылга карата жергиликтүү бюджеттин кирешесинин динамикасы 10 пайыздык өсүш берди.

**Кирешелер боюнча бюджеттик божомолдорду иш жүзүндөгү аткарылышы менен салыштыруу**

КР финансы Министрлиги тарабынан иштелип чыккан бюджеттик божомолдор өткөн жылдын жыйынтыгында келип түшкөн кирешелерге негизденет. Маселен, 2013-жылы 2012-жыл менен салыштырганда кирешелердин 43 статьясынын 15и боюнча күтүлгөн божомол аткарылган жок, ал эми 26 статья боюнча (категориалдык грант менен трансфертти эсептебегенде) божомолдор ашыра аткарылды. Анын ичинде «Санкциялар, конфискациялар, штрафтар» статьясы боюнча 2013-жылы эч кандай киреше болгон эмес. 2013-жылга карата божомолдор «Бирдиктүү салыктан киреше» статьясы боюнча (ага ЖЧКлар жана акционердик коомдор кирет) – 143 пайызга, «Акы төлөнүүчү авто токтоочу жайлардан салыктар» статьясы боюнча – 148,8 пайызга; ст. «айыл чарба багытындагы жерлерден алынган жер салыгы» ст. боюнча – 149,6 пайызга; «Калктуу пункттардагы жерлерди жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерди ижарага берүү» ст. боюнча – 152,8 пайызга (бул аптекаларга,ларекторго, дүкөндөргө, гараждарга, чакан кафелерге ж.б. ижарага берилген муниципалдык жерлер), «Айыл чарба жерлерин кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүү» ст. боюнча – 116,6 пайызга; «Транспорт салыгы» ст. боюнча – 126,9 пайызга; «кыймылдагы мүлккө салык» ст. боюнча – 120,3% пайызга (автомобилдер, контейнерлер) ашыра аткарылган. Көрүнүп тургандай, 2013-жылы эркектер көбүрөөк иштеген чөйрөлөр баарынан көп киреше беришти. Аялдар көбүрөөк иштеген сфералар – бул жеке ишкерлер – милдеттүү патенттин (110,7 пайызга ашык аткарылган) жана ыктыярдуу патенттин (106,9 пайызга ашык аткарылган) төлөөчүлөрү. Бул чөйрөдө иштегендердин 35% эркектер, ал эми 65% - аялдар (шаардык статкомдун маалыматы).

2012-жылы категориалдык грант 59 385,5 миң сомду түздү, ал толук бойдон «Билим берүү» статьясына сарпталды, ал эми 2013-жылы республикалык бюджет тарабынан берилген категориалдык гранттын суммасы 11 пайызга азайган. 2013-жыл үчүн мамлекеттик секторго бөлүнгөн трансферттин суммасы да кыскарган. 2012-жылга салыштырганда ал 9 пайызга азайган. Шаардык финансы бөлүмүнүн кызматкеринин сөзү боюнча, трансферттер менен категориалдык гранттардын суммасынын азайышы жергиликтүү бюджеттин кирешелер бөлүгүнүн көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу. Шаар өзүнүн өсүп жаткан кирешелеринин эсебинен чыгашалардын бир бөлүгүн жаба ала турган болгон соң КР финансы Министрлиги билим берүүгө борбордон берилип келген категориалдык гранттын көлөмүн азайтууга болот деп эсептейт.

## Бюджет кирешелерин салык жана салык эмес кирешелерге бөлүү

2012-жылы жергиликтүү бюджеттин жалпы киреше 71 816,2 млн. сомду түздү, анын ичинен: салык кирешелери 59 232,1 млн. сомду (82,4%); салык эмес кирешелер – 11380,3 млн. сомду (15,8%) түздү.

## 2013-жылдын 9 айындагы Кызыл-Кыя шаарынын чыгымдоо саясаты жана 2014-жылга чыгашалар бөлүгүнүн долбоору

### Объем бюджет чыгымдарынын көлөмү жана мурунку жыл менен салыштырмалуу динамика

Жергиликтүү бюджеттин иш жүзүндөгү чыгымдарынын көлөмү 2013-жылга пландалган такталган санга салыштырганда 22 пайызга аз болуп чыкты. Маселен, 2013-жылга жергиликтүү бюджеттин такталган планы 144 301,3 млн. сом болсо, иш жүзүндө чыгымдар 112 325,1 млн. сом болду, бул пландалгандан 31 976,2 миң сомго аз. Бирок жалпысынан жергиликтүү бюджеттин иш жүзүндөгү жалпы чыгымдары азайганы менен айрым статьялар боюнча тескерисинче, өсүш бар. 2014-жылга чыгымдар 21 742,2 миң сомго көп пландалган, бул 2013-жылдагы иш жүзүндөгү чыгымдарга караганда 16 пайызга көп. Иш жүзүндөгү жана пландалган чыгымдардын айрым тенденцияларын талдап көрөлү:

- *«Социалдык коргоо», 710-статья* – 2013-жылга такталган план 2 896,8 млн. сом. Иш жүзүндөгү чыгым 4 140,5 млн. сом болду, бул 30% көп. 2014-жылга пландын долбоору 44 894,6 млн. сом болду, бул 2013-жылдагы иш жүзүндөгү чыгымдарга караганда пландалган чыгымдарды 9,2% көбөйтөт. 2013-жылы иш жүзүндөгү чыгымдар: а) «Эмгек акы» статьясынын 618,7 миң сомго, же 36% көбөйүшүнүн эсебинен болду. Бардыгы болуп ГУСРда 22 адам иштейт, алардын 17си аялдар (77,3%). Статьянын көбөйүшүн төмөнкүчө түшүндүрүшөт:

а) бөлүмдөрдөгү адистердин санын көбөйүшү (мис., ЛОВЗ тейлөө бөлүмүндө) жана Кыргызстандагы жашоо минимумунун көлөмүнө жараша индексацияланууч эмгек акынын өсүшү;

б) Чыгымдардын жаңы статьяларын киргизүү менен – «Чарбалык максаттар үчүн буюмдарды башка сатып алуу” жаңы статьясынын кошулушу (98,6 миң сом). По утверждению бухгалтера ГУСР бухгалтеринин ишениминде, бул статьяга ЛОВЗ жана улгайган адамдар үчүн ар кандай иш чараларды өткөрүүгө кетүүчү чыгымдар кирди (Жаңы жыл, Улгайган адамдар күнү, 9-май, Балдарды коргоо күнү, Нооруз ж.б.);

в) «Калкка жеңилдиктер» статьясынын 508,9 миң сомго (на 38,9%) көбөйүшү. Бул чыгымдардын көбөйүшүн ГМД көлөмүнө жараша индексацияланууч жеңилдиктердин суммасынын көбөйүшү, ошондой эле жеңилдиктерди алуучулардын санын өсүшү менен түшүндүрүшөт (аз камсыз болгон балдарга, каза болгон адамды

акыркы сапарга узатуу тажиясына, санаториялык-курорттук дарылануууга ж.б.).

Ошентип, ЛОВЗ жана улгайгандар массасы, майрамдарга катышкандарынан башкасы, бул чөйрөдө каржылоонун көбөйгөнүн байкабай да калат. Ал эми майрамдоого чоң суммадагы каражат чыгымдоо – бул чынында бюджет каражаттарын көмүскө жана натыйжасыз сарптоонун зыяндуу практикасы. Мындан тышкары, жеңилдик алуучулардын санын ашкере көбөйтүп жиберүү да коррупциялык механизмдердин бири болуп саналат.

- *«Жалпы багыттагы мамлекеттик кызмат 701статьясы (мэрия, кеңеш, ТУ Караван)»* – 2013-жылга такталган план 15 683,4 млн. сомду түзгөн. Иш жүзүндөгү чыгымдар 21 278,9 млн сом болду. Ушундан улам 2014-жылга чыгымдар планы 22 378,9 млн сомго көбөйтүлдү жана мурунку жылдагы иш жүзүндөгү чыгымдардын негизинде 5 % жогорулатылды. Бул негизинен «Өлкө ичиндеги командировкалар чыгымы» статьясынын – на 45,4%, «Байланыш кызматтар» статьясынын – на 26%, «Мүлктү күндөлүк оңдоо» статьясынын – на 35% эсебинен болду. Көрүнүп тургандай, эң эле чоң көбөйтүү командировка чыгымдары статьясы боюнча болгон. Бул каражаттардын 60-70 пайызы негизинен эркектерден турган мэриянын жетекчиигининин командировкаларын төлөөгө жумшалары белгилүү.

Талдоо көрсөткөндөй, 2013-жылы бардык учурларда иш жүзүндөгү чыгымдар мурда ушул жылга пландалган чыгымдардан ашып түшкөн. Ошондуктан келерки жылга чыгымдардын ар бир статьясы боюнча бюджеттин планы иш жүзүндөгү чыгымдардын суммасын эске алуу менен түзүлүп, автоматтык түрдө бул көрсөткүчтөр 5-10 пайызга өсөт. Бирок мамлекеттик кызмат көрсөтүүнүн тигил же бул чөйрөсүндө кырдаалдын өзгөргөнүнө карабастан, негизинен статьялардын структурасы жана багыттары жылдан жылга ошол бойдон калат.

## Бюджеттик чыгымдарды жергиликтүү жана борборлоштурулган кирешелер боюнча бөлүү

2013-жылдын 9 айында жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн көрсөткүчтөрү Кызыл-Кыя шаарынын бюджетинде бардыгы болуп 7 функционалдуу статьялар чагылдырылганын көрсөтөт. Алардын ичинен 4 статья: 701. «Жалпы негиздеги мам. кызматтар», 702 «Коргоо», 703 «Коомдук тартип жана коопсуздук», 706 «ЖКХ» – 100% борборлоштурулган бюджеттик каражаттардын эсебинен каржыланат. Ал эми атайын каражаттар акы төлөнүүчү кызматтарды (мис., жергиликтүү эс алуу паркында) көрсөтүүдөн келип түшкөн каражаттардан куралат. Атайын каражаттар ошондой эле ата-энелердин мектептердеги кошумча сабактар, факультативдер, жыйнап-тазалоо, кайтаруу үчүн төлөмдөрүнүн эсебинен түзүлөт. Ал каражаттар шаардык билим берүү бөлүмүнүн бухгалтериясы тарабынан кириштелип, иш жүзүндө ошол эле мектепте, же балдар

бакчасында иштеген мугалимдердин, тарбиячылардын жана нянялардын эмгек акысына кошумча төлөө үчүн пайдаланылат. Резервдик фонд – бул тийиштүү нормативдик документтердин негизинде түзүлүп, жергиликтүү бюджеттин жалпы суммасынын 1% барабар болот. Ал каражаттар жер-жерлерге республикалык бюджеттен жиберилет. Резервдик фонддун каражаттарын чыгымдоо толук бойдон мэрдин компетенциясына кирет. Тилекке каршы, бул фонддун чыгымдалышы тууралуу маалыматтын алуу мүмкүн болбоду, анткени жергиликтүү чиновниктер ал маалыматтарды конфиденциалдуу деп чечишти.

**Бюджеттик чыгымдардын функционалдык милдеттер боюнча структурасы**

709 «Билим берүү» функционалдык статьянын мисалында айрым чыгымдарды талдап көрөлү. Шаардык билим берүү бөлүмүнүн маалыматы боюнча, Кызыл-Кыя шаарынын жана Караван территориалдык башкармалыгынын (ТБ) 13 жалпы билим берүүчү мектептеринде иштеген мугалимдердин жалпы саны 460тан бир аз ашыгыраак. Биздин эсебибиз боюнча Кызыл-Кыя шаарынын мугалимдеринин ичинде: эркектер – 52 адам (11,2%), аялдар – 409 адам (88,8%). 13 мектеп директорунун ичинде: эркектер – 4 адам (30%), аялдар – 9 адам (70%). Ал эми 4 ЖОЖ, 2 колледждин, 2 кесиптик лицейдин жетекчилеринин 66,7% эркектер болуп саналат. Балдар бакчаларынын педколлективдеринде 60 адис иштешет, алардын 94,2% - аялдар, балдар бакчаларында бардыгы болуп, 2 116 бала тарбияланышат. Мектептерде жана балдар бакчаларында тарбия-билим алып жатышкан 11 392 баланы 521 адис окутат. Бул системада эмгек акыга кетүүчү чыгымдар 2013-жылга карата такталган план боюнча – 46 054,2 миң сом. Бул ар бир адис орточо жылына 88 395,4, ай сайын 7 366,3 сомдон айлык алат дегенди билдирет.

Тамак-ашка кеткен чыгымдарды карап көрөлү. «Тамак-аш продуктыларын сатып алуу» экономикалык 2218-ст. боюнча 2013-жылга карата башталгыч класстардын окуучуларын тамак-аш сатып алууга 5436,6 млн. сом бөлүнгөн. Шаардык статкомдун маалыматы боюнча, Кызыл-Кия шаарынын 13 жалпы билим берүүчү мектептерин башталгыч класстарында 3 957 окуучу бар, же бардык окуучулардын 42,7%. Алардын ичинде: кыздар – 1 872 (47%), балдар – 2 085 (53%). Эгерде бөлүнгөн сумманы 3 957 балага бөлсөк, окуу жылынын аягына чейин ар бир окуучуга 1,37 миң сомго тамак-аш алынат. Ал эми бул сумманы окуу күндөрүнө бөлсөк, ар бир окуучуга 12 сомдон туура келет. Меню түзүүдө балдардын жана кыздардын керектөөлөрү, алардын жаш өзгөчөлүктөрү ж.б. эске алынбайт. Мектеп ашканасында иштеген ашпозчулардан меню түзгөндө эмнени жетекиликке алаарын сураганыбызда алар мындай деп жооп беришти «…бөлүнгөн акча эч нерсеге жетпейт, ошондуктан тигил же бул азык-түлүккө болгон баага карайбыз жана балдардын адатта жеген тамактарын даярдаганга аракет кылабыз”. Б.а. балдардын жаш өзгөөчөлүктөрүн эске алуу

менен илимий жактан негизделип, тең салмакташкан тамак-аш даярдоо жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес.

Дагы бир мисал: “Өлкө ичиндеги командировка чыгымдары” статьясы боюнча 2013-жылдын 9 айында иш жүзүндөгү чыгымдар паландалган сумманын 38,8 пайызын гана түзөт. Ошол эле учурда мугалимдердин квалификациясын жогортууга болгон талап абдан чоң. Сурамжылоо учурунда 80% мугалимдер эгерде командировка чыгымдары бюджеттин эсебинен төлөнсө, Ош шаарына же Бишкек шаарына квалификациясын жогорулатуу курстарына барууга даяр экендиктерин билдиришкен. Бирок иш жүзүндө командировкаларга бөлүнгөн каражаттардан негизинен шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы, кээде – мектептердин директорлору жана окуу бөлүмдөрүнүн башчылары гана пайдалана алышат. Катардагы мугалимдер үчүн бул ресурс кол жеткис. Ал эми шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы болбоду дегенде айына бир жолу ар кандай маселелер боюнча Бишкекке келип кетет. Ошондуктан, бюджеттин бул статьясы боюнча каралган каражаттар шаардык билим берүү бөлүмүнүн жетекчилиги үчүн гана бөлүнгөндөй пикир туулат.

Талдоо үчүн дагы бир башка статьяны – «Жалпы багыттагы мамкызматтар» 701-ст. алып көрөлү. Бул статьяда мэриянын жана Караван ТБ чыгымдары каралган. Маселен, мэрияда 24 адам иштейт, алардын ичинде: аялдар – 11 адам (45,8%), эркектер – 13 адам (54,2%). Бардык 11 аялдын экөө гана бөлүм башчы, же мэрияда иштеген бардык аялдардын 18 пайызы, ал эми кызматкерлердин жалпы санынын 8,3 пайызы. Калган аял кызматкерлер орто жана ортодон төмөнкү звенолордогу аткаруучу кызматтарда иштешет. 2013-жыл үчүн мэриянын 24 адисинин жылдык эмгек акысынын фонду 3975,6 миң сом, же орточо ар бир кызматкерде бир жылда 165 625 сомдон туура келет, ал эми ар бир адистин айлык эмгек акысы 13 802 сомго барабар. Ал эми мэриянын жетекчилиги: мэр – 1 адам, вице-мэр-2, руководитель аппарата -1, бөлүм башчылар – 5, алардын баары эркектер. Алар мэрияда иштеген эркектердин жалпы санынын 69 пайызын, ал эми мэриянын бардык кызматкерлеринин 37,55 пайызын түзүшөт. Жыйынтыгында ушул коллективдин 37,5 пайызын түзгөн эркектерге эмгек акы фондусунун чоң бөлүгү таандык, анткени, алардын орточо айлык эмгек акысы коллективдин 62,5 пайызын түзгөн катардагы кызматкерлердикинен бир кыйла жогору. Мэриянын “Өлкө ичиндеги командировка чыгымдары” жана “Транспорт кызматтары” статьялары боюнча чыгымдары (буга мэриянын карамагындагы 3 кызмат машинасын тейлөөгө кеткен бардык чыгымдар кирет) да чоң сумманы түзөт. Транспорт кызматтары же кызмат автомобилдери мэриянын жетекчилеринин, же негизинен эркектерге таандык жана анын суммасы 471,0 миң сом, же чыгымдардын жалпы суммасынын 4,5 пайызына барабар. Ал эми 2013-жылга командировка чыгымдарын алсак, ал иш жүзүндө 196,6 миң сом болду, же жалпы сумманын 1,9 пайызы, бул статьяда каралган каражаттардан мэриянын техникалык кызматчылардан башка бардык 24 кызматкери пайдаланса болот.

**Жыйынтыктар**

Кызыл-Кыя шаарынын бюджетинин “Билим берүү” жана «Жалпы багыттагы мамкызматтар»(мэрия) статьялары боюнча чыгымдарды иргеп талдоо төмөндөгүлөрдү көрсөттү:

1. Жергиликтүү бюджетти социалдык багытталган деп айтууга болбойт. Бюджеттин түзүүчүлөрү да (шаардык финансы бөлүмү), аны бекиткендер да (жергиликтүү кеңештин депутаттары), чыгымдардын статьяларын классификациялоонун накта формалдуу принциптерин жетекчиликке алышат, алар коомдогу аялдардын, балдардын, улгайгандардын жана кары адамдардын, майыптардын ж.б. топтордун кызыкчылыктарын талдап, мониторинг жасашпайт. Башталгыч класстарда окуган балдардын тамак-ашына кеткен чыгымдарды талдоо ар бир баланын мектептен бекер тамактануусуна күнүгө 12 сомдон эле бөлүнөрүн, алардын жынысы, жаш өзгөчүлүктөрү, ден соолугу эске алынбай тургнын көрсөттү.

2. Бюджет көбүнчө бир топтун - эркектердин кызыкчылыктарын чагылдырат, ал эми башка топтун – аялдардын, мис., мектепке чейинки мекемелерде жана мектептерде иштеген адистердин суро-талаптары, керектөөлөрү эске алынбайт. Маселен, мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин 520дан ашуун педагогдорунун (алардын басымдуу көпчүлүгү – аялдар) квалификациясын жогорулатууга, тажрыйба алмашууга болгон керектөөлөрү командировка чыгымдарына киргизилген эмес. Ошол эле учурда мэриянын 24 кызматкеринин (алардын көпчүлүгү – эркектер) командировка боюнча кесиптик керектөөлөрү жергиликтүү бюджетке киргизилген жана мэриянын чыгымдарынын жалпы суммасынын 6,4 пайызын түзөт. Мында гендердик дисбаланс жана профессионалдык сегрегация жана педагогдорго караганда башкаруучуларга социалдык артыкчылык берүү бар.

3. Жергиликтүү бюджет адамдарды жынысы, жаш курагы же социалдык статусу боюнча ажыратып, таанууга мүмкүндүк бербейт. Ошонусу менен бюджет колдоо бар ресурстарды социалдык жоопкерчилик менен тең бөлүштүрүүнүн инструменти болуудан калат.

# ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫНЫН СУЗАК РАЙОНУНДАГЫ БАРПЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫН ГЕНДЕРДИК ТАЛДОО

## Муниципалитет тууралуу жалпы маалымат

Жалал-Абад областынын Сузак районундагы Барпы айыл аймагы областын административдик борбору Жалал-Абад шаарынын түштүк чыгыш тарабында 10 чакырым алыстыкта жайгашкан. Айыл Өзбекстан Республикасы менен чектешет. Территориясы 15 943 га. Курамында 19 айыл бар. Калкынын саны – 23 874 адам, анан ичинде: эркектер – 11 967, аялдар –11 907. Калкы көп улуттуу: кыргыздар – 20 093 адам; өзбектер – 3 077; түрктөр – 568; тажиктер – 83; башка этностордун өкүлдөрү – 58 адам.

Жергиликтүү кеңеш 31 депутаттан турат, анын курамында бир дагы аял жок, б.а. аймакты жалаң эркектер башкарышат.

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөр калктын жалпы санынын 25 пайызын түзөт (1 284 бүлө), анын ичинде: жардылар – 1 165 үй-бүлө, же калктын 22,9 пайызы керектөөнүн кепилденген минималдык деңгээлинде жашайт; 60 үй-бүлө өтө жардылыктын чегинде жашайт, же 1,1%; кедей үй-бүлөлөр – 59, же 1,16 %.

790дон ашык бүлө муниципалитеттен жөлөкпул алышат, пенсионерлердин саны – 1 400 адам.

Айыл округунда 11 мектеп бар, аларда 3 986 (статистика башкармалыгынын маалыматы) окуучу билим алат, алардын ичинде: кыздар – 1 919; балдар – 2 067. Мектептерде 308 мугалим иштейт, алардын 248и аялдар жана 60ы - эркектер. Жалпы билим берүүчү бул мектептердин орто мектептер, 1 мектеп-гимназия, 1 негизги, 1 башталгыч мектеп. Окуучулардын окуу китептер менен камсыз болушу 70%. Сегиз мектеп капиталдык ремонт талап кылат, дээрлик бардык мектептерде техникалык жабдуулар начар.

Айыл округунда 4 мектепке чейинки мекемелер бар, анын үчөөсү балдар бакчалардын салттуу режиминде иштейт, ал эми тортүнчүсү мектепке даярдоочу топ катары иштейт. 3 балдар бакчаларында 225 бала тарбияланат, аларда 25 кызматкер иштейт.

Муниципалитеттин территориясында 3 үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу иштейт, анда 5 тар багытта адистешкен дарыгерлер жана 3 үй-бүлөлүк врачтар иштешет. Медициналык мекемелер өтө зарыл болгон базалык жабдууларга – стерилизация жасоо үчүн автоклавдарга, чоңдор үчүн таразаларга, дары-дармектерге сактай турган сейфтерге муктаж, эмеректер жана стационардык керебеттер жетишпейт. Бул обьектилердин техникалык абалы начар, ремонт талап кылат, а Барпы, БозЧычкан, Ачы айлдарындагы медициналык мекемелер капиталдык ремонтко муктаж.

Сузак райондук ЦСМдин маалыматы боюнча, калктын саны 23 814 адам, анын ичинде: аялдар – 12 139, же 50,97%. Бойго жеткен аялдардын саны 5 937 адам, же аялдардын жалпы санынын 48,9%;

жаш балдардын саны: 1 жашка чейинкилер – 687 адам, же наристелердин жалпы санынын 9,44 %; 1 жаштан 5 жашка чейинкилер – 3 511 адам, же 14,7; 14 жашка чейинкилер – 7 277 адам, же 30,55%. 5 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү – 51,75%.

Айыл өкмөтүнүн маалыматтары ЦСМ берген маалыматтар менен дал келбей тургандыгын белгилей кетүү керек. Калк арасында ден соолуктун статусу анчалык жогору эмес. Маселен, анемия менен ооруган аялдардын саны – 867 адам, бул аялдардын жалпы санынын 7,14 % түзөт. 5 жашка чейинки балдар арасында анемия менен ооруган жана медициналык эсепке коюлган балдардын саны  320 адам, же баардык балдардын 9,11. Бул медициналык мекемелерге кайрылган оорулуулардын гана саны. Чынында жергиликтүү калктын ден соолугунун абалы олуттуу кооптондурууну пайда кылат. Айыл округунун территориясында жашаган 110 адам кант диабети менен ооруйт жана диспансердик эсепте турушат.

Округдун территориясында бир катар социалдык-маданий обьектилер: капиталдык ремонтко муктаж Б. Алыкуловдун музейи; чатырын алмаштырууга муктаж Азимканов атындагы маданият үйү; ремонтту талап кылган эки айылдык китепканалар бар. Боз-Чычкан айылында жеке менчик «Таймурас» спорт комплекси бар, аны каржылоону жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзүнө алууну көздөөдө.

Жергиликтүү калк негизинен талаачылык жана мал чарбачылыгы менен алектенет. Айыл округунда 3 208 га жер бар, анын 2 141 гектары айдоо жерлери, кайракы – 1 067 га, жайыттар – 8 654 га. Негизинен төмөнкү  сорттогу буудай, жүгөрү жана пахта өстүрүлөт. Айдоо жерлеринин асылдуулугу улам барган сайын төмөндөп бараткандыктан, пахта эгилген аянттардын көлөмү кыскарууда.

Айыл өкмөтүнүн расмий маалыматы боюнча, 7 236 баш ири мүйүздүү мал, 24 462 баш кой-эчки, 504 баш жылкы, 13 661 үй канаттуулары бар. Бирок айыл жашоочуларынын колундагы мал толук катталбагандыктан, чынында айыл округунун жашоочуларынын карамагындагы малдын башы мындан эң аз дегенде 20 пайызга көп болушу ыктымал.

Муниципалитеттин территориясында өнөр жай ишканалары да бар: алты кыш заводу, бир кийиз цехи, бир гипсти кайра иштетүүчү цех, бир нан бышыруучу цех, 3 пахта тазалоочу цех, 7 май чыгаруучу цех, ошондой эле «Маркай» и «Сай» көмүр өндүрүүчү ишканалар бар.

Айыл өкмөтүнүн маалыматы боюнча, айыл кеңешинде калктын 83 пайызы иче турган таза суу менен камсыз болгон. Бирок, бул маалымат так эмес, анткени, бир дагы айылда суу куурлары сутка бою иштебейт. Мисалы, Чоң-Чычкан айылында суу куурлары күн сайын эки эле саат иштейт. Ал эми башка айрым айылдарда суу күн сайын чыгат, бирок белгилүү бир сааттарда гана (күн сайын саат 2ден 5ке чейин). Округдун калкынын 16,7 % үчүн таза суу жеткирилиген эмес, анткени, алар жашаган жерлерде суу куурлары жок жана жашоочулар ташылып келинген, же арыктын суусунан пайдаланышат.

**Киреше бөлүгүн талдоо**

**Республикалык бюджеттен берилүүчү трансферттер боюнча маалымат**

| № | Кандай максатка багытталган | Иш жүзүндөгү чыгымдар 2012-жылга | Пландалган чыгымдар 2013-жыл үчүн | Мурунку жылга карата айырма |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Категориалдык грант | 51 330,3 | 29879,3 | 21451 |
| 2 | Түздөтүүчү грант | 4 197,7 | 3094,1 | 1103,6 |
| 3 | Мектептердин ремонтуна | 454,1 | 445,5 | 8,6 |
| 4 | Электрэнергиясы үчүн | 664,8 | 673,5 | 8,7 |
| 5 | Көмүр үчүн | 101,0 | 155,3 | +54,3(көп) |
| 6 | Мектеп окуучуларырын тамактандыруу үчүн | 1 778,9 | 1477,6 | 301,30 сом |
| 7 | **Жалпы сумма** | 58526,8 | 35077 | 1636,71 (аз) |

2012 жылга салыштырганда 2013-жылы трансферттер бөлүгүндө категориалдык жана түздөтүүчү гранттардын көлөмү кыйла төмөндөп кеткен. Бул 2013-жылдын акыркы кварталында категориалдык гранттар райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн карамагына өткөрүлүп берилгени менен түшүндүрүлөт. Ал эми түздөтүүчү гранттын суммасына муниципалитеттин кирешелери таасир этет. Сыягы, бул муниципалитетте киреше бөлүгүндө өсүш болгон окшойт, ошондуктан трансферттин суммасы азайган. Ошондой эле мектеп окуучуларын тамактандыруу үчүн бөлүнгөн каражаттардын да суммасы азайып кеткен.

**Жергиликтүү кеңештин өз кирешелери боюнча маалымат.**
**Киреше бөлүгүнүн өсүш динамикасы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын ролу.**

2013-жылга карата өз каражаттарынын эсебинен түшкөн кирешелер 8 945,6 сом суммасында пландалган болчу, иш жүзүндө кирешенин суммасы 9 507,5 сом болду. Бул өсүш темпи 6,3 %, 561,9 миң сомго көп дегенди билдирет.

Ашыра аткаруу бир нече статьялардын эсебинен болду: ыктыярдуу патент берүү (31,2 сомго), транспортко салык (на 116,2 сомго), айыл чарба багытындагы жерге салык (117,7 сомго), мампошлина (53,6 сомго), ошондой эле роялти (179,3 сомго). Бул аймакта милдеттүү патенттөө негизинде иштеген ишкердиктин

түрлөрү жок. Ал эми ыктыярдуу патенттөө боюнча маалыматтарды ала албагандыктан, кимдин канча салык төлөп жаткандыгына байкоо салуу мүмкүн болгон жок.

**Жергиликтүү деңгээлдеги инфраструктураны өнүктүрүү үчүн чегерүүлөр.** Пландалган сумма 392 миң сом, аткарылганы – 647,8 миң сом, сумму 255,8 миң сом. Эгерде киреше булактарындагы айырмаларды карап көрсөк, бул жылга салык эмес кирешелердин өсүш динамикасын байкайбыз. Б.а. пландан ашыкча чогултулган 561,9 сомдун 409,0 сому – салык эмес кирешелер, 152,8 сом – салык кирешелеринин суммасы. А эгерде андан ары деталдаштырсак, анда муниципалдык имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын төлөө сумасы 131,7 сомго көп; жаратылыш ресурстарын пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр 131,7 сомго көп; ФПСтин жерлерин ижарага берүү да 107,7 сомго көп.

Салык кирешелеринин өсүш темпин (2012-жыл менен салыштырмалуу) төмөнкү статьялар боюнча байкаса болот:

- Менчикке салык –иш жүзүндө аткарылган 2012-жылдын бюджети менен салыштырмалуу 2013-жылы кирешелер 180, 6 сомго көбөйгөн;
- мүлккө салык – 2012-жылга салыштырмалуу 152,7 сомго көп. Бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери салыктын бул түрүн чогултуунун механизмдерин жакшы түшүнө баштаганын билдирет (бул салык ӨАБО үчүн жаңы налог, көпчүлүк учурда жергиликтүү кеңештин бул иште тажрыйбасы жок);
- жер салыгы – 2012-жылга салыштырмалуу өсүш 279 миң сом, сыягы, бул быйылкы жылда кириштелген мурда өнбөй калган калдык бар экендиги менен түшүндүрүлүшү мүмкүн
- сатууларга салык – өсүш 275,3 сом, бул же ишкерлер структурасынын санынын көбөйгөнүн, же бизнес-структуралар көлөкөдөн чыга баштаганын билдирет
- роялти – 2012-жылга салыштырмалуу 228,2 сомго көп. Бул ӨАБО үчүн жаңы салык эмес жана азыркы кезде бул айыл округунда көмүр кендерин иштетүү маселесине байланыштуу проблемалар курч коюлууда. ӨАБО өкүлдөрүнүн айтымында, ишкерлер бардык салыктарды жергиликтүү бюджетке төлөөгө даяр, бирок, алар үчүн өз бизнесин легалдаштырып, лицензия алуу өтө чоң көйгөй;
- «Административдик тоскоолдуктар жана төлөмдөр» статьясы боюнча жыл бою эч кандай киреше түшкөн эмес. Демек, жергиликтүү кеңеш же бул киреше булагын пайдаланууда билими, тажрыйбасы жетишпейт, же маалымат кампаниясын өткөрүп, элге бул салыкты төлөөнүн маанисин жана зарылдыгын түшүндүрүп, калкты аныңдыруу үчүн саясий эрк жетишпейт. Мисалы, акыр-чикирди ташып кеткендиги үчүн салык. Азырынча айыл өкмөтү бул багытта кызмат көрсөтпөйт, бирок, мектептердин территориясын, борбордук көчөлөрдү, аялдамаларды ж.б. коомдук жайларды тазалоо иштери жүргүзүлөт.
- Азыркы кезде актуалдашып калган дагы бир киреше булагы – бул автотранспорттун парковкасы үчүн төлөмдөр. Тилекке каршы, жергиликтүү кеңештин депутаттары бул тууралуу ойлонуша элек.

**Жыйынтыктар**

2013-жылы жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн өсүшү салык чогултуу ишиндеги жакшы өзгөрүүлөр менен да байланышкан. Транспорт ээлерин эсепке алуу жана роялти ӨАБО деңгээлинде салык кирешелеринин өсүшүнө өбөлгө болду.

Жыл өткөн сайын ӨАБО киреше табуунун улам жаңы булактарын таап, өз каражаттарын башкарууну өздөштүрө башташты.

Бул багытта жергиликтүү бюджетти коомдук экспертизадан өткөрүү жана экспертизанын найтыйжалары боюнча коомдук талкуу өткөрүү жергиликтүү бюджеттин эффективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн арттырууга өбөлгө болмок.

**Бюджеттин чыгымдар бөлүгүн талдоо**

Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгү функционалдык класиификациянын төмөнкү статьяларынан турат:

- Жалпы мамлекеттик кызматтар бөлүмү (код 701)
- Маданият (708)
- Билим берүү (709)
- Социалдык коргоо (710)
- Турак-жай, коммуналдык чарба (706)
- Башка чыгымдар

Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгү экономикалык класиификациянын төмөнкү статьяларынан турат:

- Эмгек акы
- Соц. чегерүүлөр
- Командировка чыгымдары
- Коммуналдык кызматтар
- Транспорт кызматы
- Башка турмуш-тиричилик кызматтары
- Жеңилдиктер
- Резерв фонду
- Имараттар жана курулмалар
- Башка шаймандар
- Атайын каражаттар.

Бул муниципалитет боюнча 2013-жылдын бюджетинин аткарылышы жөнүндө маалыматты алуу үчүн бир ай короттук, Бирок, бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн башка чыгымдары тууралуу маалыматты гана ала алдык.

2013-жылга «Башка чыгымдар» статьясы боюнча 5 773 820 сом пландалган, анын 4 852 730 сому чыгымдалды. 2012-жылга салыштырганда бул статья боюнча чыгымдар 1 602 112 сомго көбөйдү.

Бул статья боюнча чыгымдарды төмөнкүчө классификацияласа болот:

1. Календардагы ар кандай «кызыл күнөргө» арналган бир жолку, майрамдык иш-чараларды өткөрүүгө кеткен чыгымдар. Бардык башка чыгымдардын (алар 78) чейрегинен ашыгы – 175 миң сом ушул майрамдарга сарпталган. Алардын ичинде ооганчыларды коргоо күнү, муниципалдык кызматкерлердин, ал гана эмес, мамлекеттик

коопсуздук органдарынын, ИИМ кызматкерлеринин майрамы да бар. Кызыгы, бул статья боюнча пландалган мугалимдердин, социалдык кызматкерлердин күндөрүн, мамлекеттин көз карандысыздыгын белгилөө үчүн бөлүнгөн каражаттар өздөштүрүлбөстөн кала берген.

2. Социалдык объектилерди (мектептер, ФАПтар) кармоо, буга “ар түрдүү чарбалык муктаждыктар” жана жабдууларды, эмеректерди сатып алуу (мис., Темирбаев атындагы орто мектеп), социалдык объектилерди куруу жана оңдоо 572 окуучу билим-тарбия алып жаткан, 41 мугалим иштеген Б.Алыкулов атындагы орто мектептин суммасы 1 293 000 сомдук кошумча курулушу). Ушул эле катарда мектепке чейинки мекемелерди кармоо үчүн чыгымдар да ачылбай кала берген, былтыр бул максатка 320 400 сом пландалган болчу.

3. Айыл инфраструктурасын кармоо боюнча чыгымдар:

- Ички иригациялык системаларды кармоо үчүн чыгымдар 370 000 сом болду. Бул чыгымдарга иригациялык каналдарды жана арыктарды тазалоо үчүн акы төлөө кирет. Талданып жаткан жылы бөлүнгөн каражаттар селге каршы каналды тазалоого сарпталды, бирок, адатта бул чыгымдар өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу чаралары статьясы аркылуу өтөт. Ошол эле учурда маалымат чогултуу учурунда биз мурда пландалган Кыпчак-арыкты жана Тобой-арыкты тазалоо иштери каржыланбай калганын байкадык. Бирок объектилерди каржылоо боюнча чечимдерди кабыл алуунун критерийлерин түшүнүү мүмкүн болбоду.

- Ички жолдорду кармоого 188 000 сом сарпталган, бирок, бул акчалар кайда, же кимге берилгенин жана аны бөлүүнүн технологиясын билүүгө мүмкүн болбоду.

- Калкты иче турган таза суу менен камсыз кылууга байланышкан чыгымдарга 20 025 сом жумшалган.

- Жашылдандырууга – 50 000 сом. Ушундай эле сумма 2012-жылы да чыгымдалган, бирок, каржылоонун натыйжасын – тигилген бак-даракты биз таба албадык.

- Беш-Мойнок айылынын көчөлөрүн жарык кылууга 186 000 сом жумшалган. Кызыгы, бюджетте иш жүзүндөгү чыгымдар көрсөтүлгөнү менен Беш-Мойноктун көчөлөрүн жарык кылуу иши али башталган эмес (биз жабдуулар жана керектүү материалдар сатылып алынганын билдик, бирок, аларды качан жана ким орнотору белгисиз).

- Жаңы конуштарда электр устундарын орнотууга 277 200 сом бөлүнгөн. Бул сумма мурда бюджетте пландалган эмес, бирок, иш жүзүндөгү чыгымдардын арасында жүрөт.

4. Бир жолку иш-чараларды өткөрүүгө кеткен чыгымдар:

- Эпизоотия боюнча алдын алуучу чараларга жана жолбун иттерди жок кылууга. Бул каражат кимге берилгени жана аларды сарптоонун стратегиясы белгисиз;
- райондук аскер комиссариатынын кызматкерлери үчүн форма сатып алууга;
- долбоорлор үчүн АПЗ даярдоого;
- ички иштер Башкармалыгы үчүн баннерлерди даярдоого;

- учук менен ооругандарга жардамга (материалдык жардамды жана колдоонун башка формасын тактоого мүмкүн болбоду);
- Чокмор айылындагы ФАПтын такталбаган керектөөлөрүнө;
- Чойбеков атындагы спортклубдун такталбаган керектөөлөрүнө.

5. Муниципалитеттин ишин камсыз кылууга – канцелярия товарларын, компьютерлер үчүн чыгымдалуучу материалдарды сатып алууга жана айыл өкмөтүнүн чарбалык керектөөлөрүнө 116 400 сом сарпталган. Ошол эле учурда айыл өкмөтүнөн бир дагы кагазды акысыз алууга болбосун айылдын ар бир жашоочусу билет.

Кандай бюджеттик чаралар ишке ашырылганын талдоо да ой жүгүртүү үчүн көп маалымат берет. Маселен, "Башка чыгымдар" статьясы боюнча мамкызматкерлердин жана социалдык чөйрө кызматкерлеринин потенциалын, мугалимдердин квалификациясын жогорулатууга 10 000 сом каралган, бирок, иш жүзүндө бул максаттарга бир тыйын да бөлүнгөн эмес. КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына ылайык, бул иш-чараларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз каражаттарынын эсебинен жүргүзүүгө милдеттүү. Бирок жергиликтүү жетекчилер секторалдык мыйзамдарды билишпейт, бул сыяктуу иштерди өз ишмердигинин приоритеты катары эсептешпейт.

Колдо бар маалыматтар боюнча бюджеттин чыгымдар бөлүгүнүн канчалык деңгээлде ар бир айылдын жашоочуларынын керектөөлөрү эске алынганын аныктоо мүмкүн болбоду. Анткени бюджеттин статьяларында айылдар боюнча чыгымдар так көрсөтүлгөн эмес. Эгерде бардык трансферттер менен кошо жалпы сумманы ар бир адамга бөлө турган болсок, ар бир жашоочуга бир жылда 1 891 сомдон туура келет, ал эми өз каражаттарын бөлгөндө ар бир жашоочуга жыл сайын 398 сомдон тийет.

**Жыйынтыктар**

- Жергиликтүү бюджеттер гендердик жактан кош көңүл мүнөзгө ээ, алар адамдык чен-өлчөмдөн кур жалак.
- Чыгымдар бөлүгүндөгү каржылоонун приоритеттеринде өзгөрүүлөр байкалбайт, бюджет чыгымдары жергиликтүү жашоочулардын муктаждыктарына багытталбаган.
- Бюджеттин кирешелер бөлүгүнүн өсүшү менен адамдык чен-өлчөмдөрдү, чыгымдоо саясатына гендердик мамилени киргизүүнүн ортосунда түз көз карандылык жок. Бюджеттин киреше бөлүгү жыл санап өсүп жаткандыгына карабастан, жер-жерлерде эркектер менен аялдардын аярлуу топторунун муктаждыктары эсепке алынбайт.
- Киреше саясатын оптималдаштыруу жана жергиликтүү салыктар менен төлөмдөрдүн негизинде кирешенин кошумча булактарын пайдалануу үчүн жергиликтүү кеңеш жетишерлик тажрыйбасы жана билими жок.
- Техникалык жактан бюджеттин экономикалык жана функционалдык түрлөрү мурдагы эле статьяларды улам кайталап

туруугa мажбур, бюджеттин чыгашалар боюнча статьялары логикалык структурага ээ эмес.

- Бюджеттин чыгашалар бөлүгүнүн айрым статьяларын, мисалы, “Башка чыгымдар” статьясын, аткаруу боюнча отчетто бюджет чаралары деталдаштырылбайт жана конкреттештирилбейт.

# ОШ ОБЛАСТЫНДАГЫ КАРА-СУУ РАЙОНУНУН КЫЗЫЛ-КЫШТАК АЙЫЛ ӨКМӨТҮНУН 2013-ЖЫЛГА БЮДЖЕТИНГЕНДЕРДИК ТАЛДОО

**Изилдөөнүн максаты жана милдети:**

**Максат** – бюджеттик каражаттардын эркектер менен аялдардын социалдык-экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө тийгизген таасирин аныктоо; Ош областындагы Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүндө гендердик теңдикти алга жылдыруунун мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Милдет –** жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин гендердик мүнөзүн жана чыгымдардын өнүгүүгө жана эркектер менен аялдардын ресурстарга тең жетүүсүнө багытталышынын деңгээлин аныктоо.

**Изилидөөчү суроолор:**

• Калктын ар түрдүү топторунун гендердик ролдору жана муктаждыктары Жергиликтүү бюджетте кандай чагылдырылган?

• Бюджетте аялдар менен эркектердин камкордук жана багуу экономикасына катышуусу бюджетте эске алынабы?

**Түшүнүктөр:**

**Бюджет** – ар кандай мекемелерге алардын максатына жетүү үчүн акча каражаттарын бөлүп берүү.

**Гендердик бюджет** – бюджетти түзүүгө жана аткарууда гендердик мамиленин Комплексин колдонуу.

**Гендердик талдоо** – ресурстарга жана өнүгүүгө жетүү шарттарындагы, муктаждыктарындагы, катышуу деңгээлиндеги, чечимдерди кабыл алууга катышуусундагы айырмачылыктарды изилдөө.

**Гендердик сезимталдык**–жыныс белгилери боюнча дискриминациялоонун негизинде жаткан социалдык шартталган факторлорду түшүнүү жана көңүлгө алуу.

**Изилдөө усулу:**

• экинчи документтерди изилдөө;

•статистикалык маалыматтарды топтоо;

•Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн жетекчилери жана кызматкерлери менен интервью (айыл өкмөтүнүн башчысы Эргашов, социалдык бөлүмдүн кызматкери Э.Камчибекова, башкы бухгалтер Аширова Б.)

**Маалыматтык база**

• Кызыл-Кыштак а/ө 2013-жылдын 12 айы үчүн жергиликтүү бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн аткарылышы жөнүндө отчет отчет;

• 2013-жылдын 30-декабрына карата бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчет;

• 2013-жылдын 1-январына карата Кызыл-Кыштак а/ө демографиялык көрсөткүчтөрүнүн статистикалык маалыматтары;

• 2014-жылдын 1-январына карата Кызыл-Кыштак а/ө калкынын гендердик курамы жөнүндө статистикалык маалыматтар;

• 2013-жылдын 1-январына карата Кызыл-Кыштак а/ө калкынын жумуш менен камсыз болуусу жөнүндө маалымат.

**Негизги маалымат**

Ош областтык мамлекетик статистика башкармалыгынын маалыматтары боюнча, Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүндө 2014-жылдын 1-январына карата бардыгы болуп, 31 683 адам, анын ичинде 15 105 эркектер жана 16 578 аялдар жашайт. Пайыздык катыш менен алганда 47,7 % жана 52,3%.

**Эркектер** – 15 105 адам, анын ичинде: 15 жашка чейинки балдар – 4442 адам; 16-62 жаштагы бойго жеткен, эмгекке жарамдуу калк– 9 686 адам(анын ичинде: 16-17 жаштагы жаштар – 530 адам); 63 жаштан улуу улгайгандар жана карыгандар – 977 адам.

**Аялдар** –16 578 адам, анын ичинде: 15 жашка чейинки кыздар – 4 578 адам; 16-57 жаштагы бойго жеткен, эмгекке жарамдуу калк– 10 378 адам (анын ичинде: 16-17 жаштагы жаштар – 634 адам); 58 жаштан улуууулгайгандар жана карыгандар – 1 623 адам.

Маалыматтан көрүнүп тургандай, калк ичинде жашы жете элек кыздардын саны көптүк кылат. Бирок кийинки жылдары кыздарга караганда балдар көбүрөөк төрөлүүдө. Мисалы: 2010-жылы – 742 наристе; 2012-ж. – 823 наристе, анын 427си балдар, 396 кыздар; 2013-ж. – 751 наристе, анын 432си балдар, 319у кыздар. 2013-жылы 7 бала чарчаган, анын төртөө кыздар, үчөө – балдар. Эгерде эмгекке жарамдуу калкты алсак, анда аялдардын саны эркектерге караганда 700 адамга көп. Улгайган аялдар да улгайган эркектерге салыштырмалуу 700 адамга көптүк кылат. Кара-Суу районунун социалдык коргоо Башкармалыгынын маалыматы боюнча, Кызыл-Кыштак а/ө 2 187 пенсионер жашайт, анын 1 656сы улгайган адамдар: 1 014 аял жана 642 эркек. Бардыгы болуп, Кызыл-Кыштак а/ө боюнча пенсия алгандар:

| **Пенсионерлер** | **Аялдар** | **Эркектер** |
|---|---|---|
| Жаш курагы боюнча | 1014 | 642 |
| Майыптыгы боюнча | 212 | 183 |
| Багар-көрөрүн жоготкону боюнча | 120 | 16 |
| **Бардыны** | **1346** | **841** |

Пенсионерлер өз пенсияларын Кара-Суу районунун №18 и №15 поча бөлүмдөрүнөн алышат. Ай сайын жалпы керек сумма 8 538 048 сом (2014-жылдын башталышына карата). Пенсиялардын категориялар боюнча бөлүнүшү тууралуу маалыматтар жок.

Ош областтык мамлекеттик статистика Башкармалыгынын маалыматтары боюнча, Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүндө балдар бакчасы бар (2 мамлекеттик, 3 менчик), аларда 520

бала тарбияланат, анын ичинде 333 бала жана 187 кыз (64% жана 36%), бул мектепке чейинки жаштагы (бардыгы болуп, 6 жашка чейин 2 317 бала бар) балдардын 22 пайызын түзөт. Көрүнүп тургандай, балдар бакчасына барган балдардын саны кыздарга караганда 28 пайызга көп. Статистика Башкармалыгынын маалыматтары боюнча, Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүндө 9 жалпы билим берүүчү мектеп (7 мамлекеттик, 2 менчик) бар, аларда 2 543 окуучу тарбияланышат, анын ичинде 1 245 бала жана 1 298 кыздар (49% жана 51%). Б.а. мектептин деңгээлинде балдар менен кыздардын ортосунда гендердик баланс бар. Демек, мектепке чейинки мекемелерден кийин мектепке келгенде кыздарга караганда балдардын саны эки эсеге көптүк кылат.

Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүндө мектепке чейинки жана мектеп билим берүүсүн колдогонго жана өнүктүрүүгө бюджеттик каражаттар максаттуу бөлүнөрүн белгилеп кетүү керек. Мисалы, балдар бакчаларынын жана мектептердин инфраструктурасын өнүктүрүүгө чыгашалардын жалпы суммасынын 5 пайызына барабар каражаттар (2104500 сом) бөлүнгөн. Бул каражаттар билим берүү мекемелеринин шарттарын жакшыртууга жумшалды. 2013-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебинен 3 жаңы дааратканалар курулду: экөө эки балдар бакчасына жана бирөө орто мектеп үчүн; «Жаңы турмуш» балдар бакчасында жаңы жылытуучу система орнотулду, «Ойбек» мектебинин коросу цементтелди, Ахмадалиев атындагы балдар бакчасы үчүн эмеректер сатылып алынды. Мындан тышкары, «Сураташ» мектебинин стадионун реконструкциялоого кеткен каражаттын жалпы суммасынын 10 пайызы жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилди (жалпы суммасы 300 000 сом, анын 90 пайызын АРИС Программасы бөлдү). Салыштыруу үчүн: 2010-жылы жергиликтүү бюджеттен балдар бакчалары менен мектептердин инфраструктурасын жакшыртууга эч кандай каражат бөлүнгөн эмес. Болгону Ишкаван айылында «Эрайым» коомдук фондусунун колдоосу менен аянты 700 чарчы метр келген балдар аянтчасы курулган.

**Бюджеттин киреше бөлүгүн талдоо**

Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2013-жылдын 12 айындагы бюджетинин кирешелер бөлүгүнүн аткарылышы тууралуу отчетко ылайык, жалпы киреше жана алынган трансферттер 45 307,9 сом болду, бул планга карата 101,3%. Айыл өкмөтүнүн жетекчилеринин айтымында, бул транспорт салыгы боюнча пландын жогорулашы менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, бул аймакта транспорт кызматын (такси кызматы) көрсөткөн ишкерлер көп, экинчиден, областтык жол кайгуулунун кеңсеси ушул айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкандыктан, транспорт салыгы өз убагында жана көп чогултулат.

2013-жылы категориалдык грант пландын 100% түздү – 26 866,0 сом. Бирок ал 2012-жылы 44 301,9 сом болгонун, ал эми 2013-жылы бир кыйла азайганын белгилей кетүү керек. Кызыл-Кыштак айыл

өкмөтүнүн жетекчилеринин айтымында, 2012-жылы категориалдык гранттын көп болгонунун себеби ошол жылы мугалимдердин айлыгынын көбөйгөнүнө байланыштуу. Бирок 2013-жылдын 1-августунан баштап, мугалимдердин айлыгы үчүн жоопкерчилик райондук бюджетке өткөрүлүп, ушуга байланыштуу мугалимдерге категориалдык гранттан кошумчалар төлөнбөй калды.

Түзөтүүчү грант да 2013-жылы пландын 100% барабар болду – 943,4. Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтеринин айтымында, 2013-жылы түзөтүүчү грант орто мектептердин коммуналдык кызматын (жылуулук, элекроэнергия) колдоого жумшалган. 2014-жылга пландалган түзөтүүчү грант 2013-жылдын көрсөткүчүнөн бир нече эсеге көп – 6 966,1. Ал каражаттарды да орто мектептердин жана балдар бакчаларынын коммуналдык кызматын (жылуулук, элекроэнергия) колдоого жумшоо пландалган. Бирок гранттын чоң бөлүгү айыл өкмөтүнүн аппаратынын кызматкерлеринин айлыгына жумшалат. Анткени, 2013-жылы категориалдык гранттын суммасы акыркы кварталга жетпей түгөнүп калып, аппараттын кызматкерлерине айыл өкмөтүнүн өз каражаттарынын эсебинен айлык берилген болчу.

Салык кирешелеринен «Менчик салыгы» статьясы боюнча түшкөн киреше – 5 168,4 сом болду. «Мүлк салыгы» – 2 871,6 «Салыктан тышкары кирешелер» – 2 807,6, «Патент негизиндеги салык» 2 354,2 сом болду. Маалыматтардын жоктугунан улам эркектер менен аялдардын бул ишке кошкон салымдарынын үлүштөрүн аныктоо мүмкүн болбоду. Мындан тышкары, Кара-Суу райондук салык инспекциясынын жетекчилиги (начальниги Жээнбеков С.А.) мындай маалыматтарды берүүдөн баш тартты жана буга окшогон маалыматка болгон талап аткарылмак тургай каралбай турганын билдирди. Бул салык төлөөчүлөрдүн гендердик курамын системага келтирүү жана эсепке алуунун жок экендигине байланыштуу экени белгилүү болуп калды.

«2011-жыл үчүн Ош областынын өз алдынча башкаруу органдарынын аймактарынын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү» деп аталган статистикалык жыйнакта Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн иштеген калкынын саны көрсөтүлгөн, бирок, анда аялдар менен эркектердин саны жөнүндө маалымат жок. Ошондой эле патент боюнча иштеген аялдар менен эркектердин саны боюнча да маалыматтар жок. Андан тышкары, мамлекеттик эмес уюмдардын саны жөнүндөгү маалыматтар да түшүнүксүз, 39 уюм тууралуу маалыматтар жок болуп чыкты.

| Көрсөт-күчтөр | Баары | Мам. уюмдар | Мам. эмес уюмдар | Чакан ишкана лар | Орто ишкана лар | Маалы мат жок |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Иштеген адамдар дын саны | 658 | 479 | 171 | 54 | 78 | 39 |

**Бюджеттин чыгаша бөлүгүн талдоо**

(Социалдык чөйрө)

Ош областындагы Кара-Суу районунун Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2013-жылдын 12 айындагы бюджетинин чыгашалар бөлүгүнүн аткарылышы тууралуу отчетко ылайык, бардык чыгымдардын көлөмү 40 557 170,98 сом болду. «Эмгек акы» жана «Социалдык фондко» статьяларынан (булар категориалдык гранттын статьялары) башка бюджеттин бардык статьялары Кызыл-Кыштак а/ө кирешелеринен бөлүнөт. Маселен, эң көп суммадагы чыгымдар төмөнкү статьяларга бөлүнөт: «Тамактануу» статьясы боюнча – 1 257 324,00 сом, «Башка кызматтарды сатып алуулар» статьясы боюнча – 6 388 814,00 сом. «Башка кызматтарды сатып алуулар» статьясы боюнча чыгымдардын чечмелөөсү бар: күндөлүк ремонт, орто мектептердин, балдар бакчаларынын жана ооруканалардын инфраструктурасын жана шарттарын жакшыртуу, майрамдык иш-чараларды өткөрүү.

Өткөрүлгөн интервьюдан улам биз Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн 2013-жылдагы бюджетинен социалдык маселелерди колдоого бардыгы болуп 450 000 сом бөлүнгөнү белгилүү болду. Төмөнкү таблицада бул каражаттар кайсы социалдык жактан аяр топторду колдоого бөлүнгөнүн көрүүгө болот (табл. **)

Майрамдык иш-чараларды өткөрүүгө каражаттар “Башка кызматтарды сатып алуулар” статьясынан бөлүнөт. 2013-жылы майрамдык иш-чараларды өткөрүүгө 115 000 сом бөлүнгөн: майыптардын Бүткүл дүйнөлүк Күнүн өткөрүү – 20 000 сом; балдарды коргоо Күнү – 15 000 сом; 8 Март – 35 000 сом; Нооруз – 45 000 сом, бул статья боюнча баардык чыгымдардын 2 пайызын түзөт. Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн социалдык бөлүмүнүн адисинин айтымында, жогорудагы каражаттарга майрамдык иш-чаралар уюштурулуп, чакан белектер сатылып алынган, акчалай сыйлыктар берилген эмес.

Таблица 1. – Калктын аярлуу катмарларын колдоого жумшалган каражаттар (сом)

| **Соц. жардамдын түрү жана категориясы** | **Бир адамга** | **16 лет жашка чейинки ЛОВЗ** | **ЛОВЗ баары** | **Учук оорулар** | **Ул.Ата Мекендик согуштун ардагерлери** | **Тоголок жетимдери** | **Жалгыз бой карыялар** | **Баатыр Энелер** | **ВИЧ жукт-дар** | **Жарды бүлөлөр** | **Баары:** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Алгандардын саны | | 98 | 312 | 86 | 1 | 12 | 19 | 56 | | 16 | 600 |
| Медикамент-тер | 300/500 | 49000 | 93600 | | | | 5700 | | | | 148300 |
| Карыялар үчүн тамак-аш | 1200 | | | | | | 22800 | | | | 22800 |
| Дарылануу үчүн транспорт каражаты | 2000 | | | 4000 | | | | | | | 4000 |
| Ул.Ата-Мек. Согуш ардагерлеринин үйлөрүн оңдоого | 3500 | | | | 3500 | | | | | | 3500 |
| Жарды бүлөлөргө акчалай жардам | 1000 | | | | | 5000 | | | | 18600 | 23600 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Баатыр энелерге: тиш протезге жана дарылanууга транспорт чыгымы | 800 | | | | | | | 44800 | | | 44800 |
| 1-топтогу ЛОВЗ үчүн көмүргө | 1500 | | 72000 | 15000 | | | | | 7500 | | 94500 |
| 1-топтогу жалгыз бой карыялар үчүн көмүргө | 1500 | | | | | | 28500 | | | | 28500 |
| Тоголок жетимдерге кийим алуу үчүн акчалай жардам | 1500 | | | | | 18000 | | | | | 18000 |
| Майыптарга коляскага | 500 | | 2000 | | | | | | | | 2000 |
| Учук оорулардын тамак-ашына | 500 | | | 40000 | | | | | | | 40000 |
| ВИЧ-жуктургандарга жардам | | | 5000 | | | | | | 10000 | | 5000 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кулак аппараттары-на | 500 | | 5000 | | | | | | | | |
| **Жыйынтыгы:** | | **49000** | **177600** | **59000** | **3500** | **23000** | **57000** | **44800** | **17500** | **18600** | **450000** |

**Жыйынтыктар**

Маалыматтардан Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн кирешелеринен бөлүнгөн каражаттар айыл округунун түз функциялары боюнча сарпталары көрүнүп турат: балдар бакчаларын, мектептерди, ооруканаларды, айыл өкмөтүнүн аппаратын кармоого жана башка чыгымдарга. Мындан тышкары, калктын аярлуу катмарын колдоого жана сыйлоого (2013-жылы - 450 000 сом), мектеп жана мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүүгө (2 104 500 сом), бирок, ошондой болсо да, алардын муктаждыктары эске алынбайт, эркектер менен аялдардын, балдардын – кыздардын жана эркек балдардын муктаждыктарын – ар кимисиникин өз алдынча эсепке алуу киргизилген эмес. Албетте, Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнүн мүмкүнчүлүккө жараша калкка социалдык жардам берип жатканы колдоого татыктуу. Бирок, алынган маалыматтардан улам Кызыл-Кыштак айыл өкмөтү жүргүзүп жаткан саясатты гендердик жактан сезимтал жана гармониялуу деп айтууга болбойт.

Гендердик жактан сезимтал бюджет коомдун ар кыл социалдык топторунун жана катмарларынын кызыкчылыктарына жана муктаждыктарына тең карап, эске алат. Атап айтканда, мындай бюджетти түзүп жатканда аялдардын да, эркектердин да, кыздардын да, балдардын да кызыкчылыктары менен муктаждыктарын эске алуу керек. Иш жүзүндө тескерисинче, жеңилдиктерди бергенде жыныстык белгилери эмес, категориалдык белгилери эске алынат: майыптыгы, согуштарга катышкан-катышпаганы ж.б. Бир караганда Кыргызстанда пенсиялар менен жөлөкпулдарды дайындоо адамдардын жынысына карабай жүргүзүлөт, бирок, бир-эки, же андан көп жолу декретке чыккан аялдарга пенсия чегерүүнүн коефициенти төмөн болуп калат. Ал эми камкордук жана багуу экономикасы пенсия чегерүүгө негиз болбойт жана аялдар үчүн көптөгөн көйгөйлөрдү, кыйынчылыктарды жаратып, аялдардын да, эркектердин да укуктарын бузууга алып келет.

Бюджеттерди гендердик талдоо ресурстар канчалык адилеттүү жана эффективдүү бөлүштүрүлүп жатканын ачык көрсөтүп, өкмөттүн жоопкерчилигин жогорулатууга жана бул маселеге коомдун көңүлүн бурууга өбөлгө болот.

**Сунуштар:**

Гендердик теңчиликке жетишүү жана адам укуктарын сактоону камсыз кылуу максатында Кызыл-Кыштак айыл өкмөтүнө сунуш кылабыз:

- Салык төлөөчүлөрдүн да, кирешелер менен жеңилдиктерди алуучулардын да гендердик курамы боюнча статистикалык маалыматтарды системалуу түрдө чогултуп, аны талдап турууну;
- калктын аярлуу категорияларынын – эркектердин жана аялдардын өнүктүрүү, аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү процесстерине жигердүү жана

кеңири катышуусуна багытталган социалдык чараларды ишке ашыруу;

- социалдык камсыздоо, билим берүү жана саламаттык сактоо системасында баардык жыныстагы жана жаштагы жеңилдиктерди алуучулардын муктаждыктарына жараша кызыкчылыктарын эске алуу зарыл;
- камкордук жана багуу экономикасына катышкан аялдар менен эркектердин эмгегин баалоо жана аларга компенсация берүү мүмкүнчүлүктөрүн көз жаздымында калтырбоо керек.

# КАРАКОЛ ШААРЫНЫН 2014-ЖЫЛДЫН 9 АЙЫ ҮЧҮН БЮДЖЕТИНИН АТКАРЫЛЫШЫН ГЕНДЕРДИК ТАЛДОО

**Жалпы маалымат**

Аймакка кирген негизги калктуу пункттардын аталыштары: Каракол шаары жана пгт. Пристань-Пржевальск

Каракол шаары Ысык-көл областынын чыгыш тарабында деңиз деңгээлинен 1690-1850 м бийиктикте, Ысык-Көлдүн жээгинен 12 чакырым алыс жайгашкан. Шаар 1869-ж. Негизделген жана Ысык-Көл областынын борбору болуп саналат. Бишкек шаарына чейинки аралык – 420 чакырым, эң жакынкы Балыкчыдагы темир жол станциясына чейин -220 чакырым. Территориясы 48км$^2$ .

Шаардын этникалык курамы көп улуттуу: кыргыздар - 50 510 адам, шаар калкынын 71,6 пайызы орустар - 10 845 адам, же 15,4%, уйгурлар - 2 547 адам, же 3,6%, өзбектер – 2 116 адам, же 3 %, башка улуттар - 4 477 адам, же 6, 4%.

Жергиликтүү кеңеш 31 депутаттан турат, алардын 7 аялдар, же шаардык депуттардын жалпы санынын 22, 5 пайызын түзөт. 4 аял - депутат 3 жана 6 туруктуу комиссияларга киришет жана комиссиялардын катчысы болуп саналат, 1 аял - туруктуу комиссиянын төрайымы:

**1.** Мыйзамдуулукту сактоо, коомчулук жана ЖМК менен байланыш, депутаттык этика жана депутаттык ишмердик боюнча Туруктуу комиссия, аял – депутат комиссиянын катчысы;

**2.** Экономика, бюджет, соода, өнөр жай, инвестиция жана ишкердикти колдоо боюнча Туруктуу комиссия, аял - депутат – комиссиянын катчысы;

**3.** билим берүү, саламаттык сактоо, маданият жана социалдык маселелер боюнча Туруктуу комиссия, 1 аял-депутат – комиссия төрайымы, 1 аял-депутат – комиссия катчысы.

Аялдардын шаардык кеңештеги өкүлчүлүгү быйылкы жылы көбөйдү: 2014-жыл ичинде 3 аял мандатын тапшырып кеткен эркек депутаттардын ордуна Каракол шаардык Кеңешинин депутаттыгына шайланышты.

Жынысы жана жаш курагы боюнча шаар калкын үч негизги топко бөлүүгө болот (төм. Диаграмманы караңыз):

- 15 жашка чейинкилер шаар калкынын 32 пайызын түзөт, же 22 592 адам,эркектер менен аялдардын саны: 11369 жана 11223;
- Эмгекке жарамдуу курактагылар шаар калкынын 60 пайызын түзөт, же 42 327 адам, эркектер 19904, аялдар -22423;
- Эмгекке жарамдуу курактан улуулар (эркектер - 59 жаштан улуу, аялдар – 54 жаштан улуу), же шаар калкынын 8 пайызын түзөт жана 5576 адам, анын ичинде аялдар – 4099 адам, ал эми эркектер – 1477 адам.

Диаграмма 1.




**Калк арасындагы иштегендер менен жумушсуздук** даана байкалган гендердик айырмага ээ: 2014-жылдын 10 айында жумушсуздук боюнча каттоого 2 758 адам турган, алардын 1 552си аялдар (56,3%), бул 2013-жылдын 10 айына салыштырганда 107, 4 пайызга көп. 716 адам жумушсуз жаран статусун алган, алардын 445и, же 62,2 пайызы аялдар. Ишке орношуу жана консультация сурап, шаардык эмгек, ишке орноштуруу жана жаштар бөлүмүнө 2 473 адам кайрылган, алардын 1 417си аялдар (57,3%). Жумушсуздук боюнча жөлөкпул алган шаардыктардын (8 адам) тең жарымы аялдар (4 аял), ошондой эле быйылкы жылдын 10 айында акы төлөнүүчү коомдук иштерге тартылган 430 жумушсуздардын 202си аялдар[3].

**Калктын бакубаттуулугу жана турмушунун сапаты**. Каракол шаарында жашаган үй-бүлөлөрдүн жалпы саны 19 743 адам. Толтурулган социалдык паспортторго ылайык, 166 бүлө кепилденген минималдуу кирешенин деңгээлинде (жан башына 705 сом) жөлөкпул алат жана аз камсыз болгон бүлө катары таанылышкан. 752 бүлө – өтө жардылар (жан башына 705 сомдон 1 354 сомго чейин кирешеси барлар), 1 537 бүлө – жардылар (жан башына 1 354 сомдон 2 314 сомго чейин кирешеси барлар).

Эксперттик баалар боюнча, жан башына 2 314 сомго чейин кирешеси бар жарды бүлөлөрдүн көпчүлүгүн бюджеттик уюмдардын кызматкерлери түзөт. Ошентип, шаарда иши бар туруп, жарды жашагандардын феномени пайда болгон. Айлык акылардын системалуу түрдө кечиктирип берилиши кырдаалды ого бетер курчутууда. Маселен, статистика боюнча, 2014-жылдын сентябрына карата эмгек акы боюнча бюджеттик уюмдардын карызы 24 101,7 миң

[3]Данные отдела молодежи, труда, занятости и миграции

сомго жеткен. Салыштыруу үчүн: жергиликтүү бюджеттен берилүүчү эмгек акынын жылдык суммасы 20 860,4 миң сом. Маанилүү маалымат: шаарда орточо бир айлык эмгек акы 9 828,2. Бул республикалык орточо бир айлык эмгек акыдан бир кыйла төмөн (11 000 сомдон ашык).

**Каракол шаарынын жумуштуулук инфраструктурасы**

Шаардык эмгек рыногу - бул экономикалык ишмердиктин чектелген чөйрөлөрү менен жергиликтүү калктын негизинен соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө ишке орношуу мүмкүнчүлүгүнүн жыйындысы (диаграмма 2ни караңыз)

Диаграмма 2.




2014-жылдын 1-октябрына карата Каракол шаарында ар кандай формадагы 429 ишкана катталган:

| | Баары | Анын ичинде менчик формасы боюнча: | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Мамл. | Коммун. | Менчик |
| **Шаар боюнча: баары** | **429** | **113** | **40** | **276** |
| чакан | 313 | 47 | 17 | 249 |
| орто | 76 | 43 | 12 | 21 |
| ири | 40 | 25 | 11 | 6 |

Ири бюджеттик мекемелерге жана уюмдарга негизинен саламаттык сактоо, билим берүү мекемелери кирет, аларда иштегендердин басымдуу көпчүлүгү – аялдар.

Каракол шаарынын территориясында 11 мектеп бар, аларда 11 350 окуучу тарбияланат, алардын ичинде: балдар - 5 469 (48,2%), кыздар - 5 881, (51,8%). 11 мектептин тортөө адистештирилген мектептер: №2 орто мектеп - физика - математикалык, №3 - химия-биологиялык, №4 - гуманитардык мектеп - гимназия, №1-мектеп чет тмлдер боюнча профилдешкен. Башталгыч жана орто билим берүү системасы боюнча бардыгы болуп 364 класс комплектелген, класстагы окуучулардын орточо саны 31ден бир аз ашат. 8 мектепте эки тилде билим беришет: кыргыз жана орус тилдеринде; №4- школа – гимназия кыргыз тилинде гана окутат; №2 мектеп-гимназия жана №7 Пристань-Пржевальск мектеби орус тилинде гана окутат.

Мектептерде 614 мугалим иштейт, алардын 566сы – аялдар, же 92,2 %, 48 эркек, же 7,8%, 11 мектеп директорлорунун экөөсү эркектер жана тогузу аялдар. Мугалимдердин арасынан 576 адам жогорку кесиптик билими бар, атайын орто билимдүүлөр - 38.

55 мугалим, же мектептерде иштеген мугалимдердин жалпы санынын 8,9 пайызы пенсия жашындагылар.

Шаарда 14 мектепке чейинки мекемелер бар, аларда шаардагы 1 жаштан 6 жашка чейинки бардык 7 183 баланын (ОЦСМ маалыматы) 3 952си тарбияланышат, же 55 %. Балдар бакчаларында 315 тарбиячылар жана техникалык персонал иштейт, алардын 305и аялдар, же 96,8% 10 эркек.

Ошондой эле шаардык билим берүү инфраструктурага 3 мектептен тышкаркы билим берүү мекемелери кирет: «Билимстан» ДОЦу; балдардын спорт мектеби; олимпиадалык резервдин уландар мектеби. Кароосуз калган жана социалдык жетим балдар үчүн «Ирада» үй-бүлө тибиндеги балдар үйү бар, анда азыр 12 тарбиялануучу ( 7 бала жана 5 кыз) жашайт, анда 5 адам иштейт.

2014-жылдын октябрь айында зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабырланган балдарга жардам берүүчү муниципалдык борбор ачылган.

Шаардын саламаттык сактоо системасына 6 оорукана, 6 ГСВ кирет.

Областтык медицина-маалымат борборунун маалыматы боюнча, шаардын 67 256 жашоочуларынын ичинен 43 988 (камсыздоосу барлардын жалпы санынын 65,4%) адамдын медициналык камсыздоосу бар жана ооруканага, поликлиникага барганда андан пайдалана алышат, анын ичинде: пенсионерлер – 7 134 (10,6%), 15 жашка чейинки балдар -18 025 (26,8%), 1 жашка чейинки наристелер – 1 580 (2,3%); эркектер - 31 141 (46,3%), аялдар - 36 115 (53,4%), анын ичинде бойго жеткен аялдар (16-49 жаш) - 18 399 (27,4%).

2014-жылдын январь-октябрь айларында 1 163 наристе төрөлгөн, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 348 наристеге аз. 2014-жылдын 9 айында чарчап калган наристелердин саны - 344 адам, бул 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 29 наристеге аз. Жүрөк-кан тамыр ооруларынан:

инсульттан, онкологиялык оорулардан каза болгондор көбөйдү. Бир эне каза болду.

Эркектердин арасында каза болгондордун саны аялдарга караганда 12,7 пайызга көп. Калктын жалпы санында аялдар көптү кылат (53,4%).

Каракол шаарынын социалдык-маданий инфраструктурасына төмөнкү объектилер кирет:

- маданият үйү;
- Н.М. Пржевальский - К.Карасаев музей-мемориалдык комплекс;
- шаардык тарыхый крайтаануу музейи;
- борборлоштурулган китепканалар системасы (курамында 1 шаардык китепкана,

Гайдар атындагы Балдар китепканасы жана китепкананын 4 филиалы);

- балдардын музыкалык мектеби.

Бул системада 66 адистер иштешет: 27 музыкалык мектептин педагогдору, 14 музей кызматкерлери, 25и – китепканачылар. Социалдык- маданий инфраструктурасында иштегендердин басымдуу көпчүлүгү аялдар – 90 %.

**Шаардык эмгек рыногу** бейформал жана иш менен толук эмес камсыз болгондордун көптүгү менен мүнөздөлөт. Маселен, майрам алдындагы күндөрдө шаардык базардан айлана-тегерегинде стихиялуу соода-сатык кызуу жүрөт. Бирок экономиканын бул бөлүгү ачык эмес, аз изилденген, бул иш менен алектенген аялдардын саны канча экени да изилдене элек.

Чакан жана орто ишкердик шаар экономикасынын бардык секторлорунда бар, ал эми мейманкана кызматында, коомдук тамактанууда, тарспортто, соодада алардын үлүшү көп.

2014-жылдын январь-октябрь айларында шаарда 43 жаңы чарба субъекти ачылган, аларда 112 жумушчу оруну бар.

Чарба субъекттеринин көпчүлүгү жеке юридикалык жактар болуп эсептелет:

- микрокредит агентчиликтери – 5;
- коомдук бирикмелер – 8;
- билим берүү ишканалары– 5;
- өнөр жай -1
- курулуш кызматтары – 3;
- транспорт кызматтары - 2
- камсыздоо кызматтары– 2;
- туризм - 4;
- соода, базар – 1;
- айыл чарба кызматтары -3;
- калкты тейлөө – 6,
- башка тармактар -3.

Турмуш-тиричилик жактан кызмат көрсөтүүнүн структурасында чачтарачтар жана косметикалык кызмат көрсөтүү, автотранспорт

каражаттарын техникалык тейлөө кызматы жана турмуш-тиричилик техникаларын оңдоо кызматы, фото кызматтары, ошондой эле уюлдук телефон кызматы жана интернет кызматы жана башкалар активдүү өнүгүп жатат. Аялдардын бул секторго катышуусу ачык эмес жана алардын экономикага кошкон салымы көзгө көрүнбөйт.

**Бюджеттин киреше бөлүгүн талдоо**

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү

Таблица 2. Каракол шаарынын кирешелери, млн.сом

| | **2012** | **2013** | **2014** |
|---|---|---|---|
| кирешелер млн.сом | 247,11 | 232,72 | 174,44 |
| Салык жыйымдары | 114,60 | 142,22 | 152,90 |
| Салыктан тышкаркы жыйымдар | 22,51 | 21,40 | 21,50 |
| Гранттар (республикалык бюджеттен берилүүчү категориалдык гранттар) | 110,00 | 69,10 | 0 |

(Салыштырма таблица “Каракол шаарынын 2014-жылга жарандык бюджети” китебинен алынды.)

2014-жылы кирешелердин бир кыйла азайуу тенденциясы билим берүүгө берилип келген категориалдык гранттардын КР билим берүү Министрлигинин карамагына өткөрүлгөнүнө байланыштуу. Шаардын өз кирешелеринин түрлөрү:

- 2014-жылга салык жыйымдары - 152,9 млн. сом, анын ичинен:
- жеке кирешеге салык – 61,8 млн. сом – эмгек акыдан каралат, негизинен мамкызматчылардын эмгек акысы;
- атайын режимдер боюнча салык – 31,88 млн.сом – патенттер боюнча төлөмдөр;
- товарларга жана кызматтарга салык – 27,7 млн. сом;
- менчикке салык – 31,52 млн. сом – кыймылсыз жана кыймылдуу мүлккө салыктар

2014-жылга бекитилген план боюнча, өз каражаттарынан куралган кирешенин суммасы – 174 378,2, 9 ай үчүн такталган план – 132 269,1. Иш жүзүндө түшкөн киреше - 136 904,8 миң сом, бул мурунку жылга салыштырганда 4 635,7 миң сомго көп, же 103,5%.

Киреше боюнча пландын ашыра аткарылышы бир нече статьялардын эсебинен болду:

- жаңы ачылган ишканаларды каттоонун көбөйүшүнүн эсебинен кыймылсыз мүлккө салык 924,7 миң сомго ашыра аткарылды.
- Транспорт каражаттарына салык 707 миң сомго ашыра аткарылды. Бул шаардыктар эле эмес, тегеректеги райондордо жашаган автотранспорт ээлери салыктарды шаардык салык инспекциясына төлөшкөндөн улам жана автотранспорт каражаттарынын санынын өсүшүнө байланыштуу болду.
- Сатыкка салык 3 млн. 200 тыс. сомого ашыра аткарылды, шаардын аймагында иштеген бир жолку ишканалардын милдеттүү каттоодон өткөрүлө баштоосунун натыйжасында болду, алар салыкты катталган жеринде төлөй башташты.
- Бекитилген план боюнча, салыктан тышкаркы кирешелер 21 480 миң сомду түзөт., 2014-жылдын 9 айы үчүн такталган план – 15 231 тыс. сом.

2014-жылдын 10 айында Каракол шаары боюнча салык инспекциясы тарабынан берилген ыктыярдуу патенттер. Таблица. 3

| № | Ишмердик чөйрөсү | Берилген патенттер |
|---|---|---|
| 1. | Машина жана жабдууларды орнотуу | 340 |
| 2. | Курулуш | 18 |
| 3. | Дүң жана чекене соода | 8840 |
| 4. | Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо | 279 |
| 5. | Мейманканалар жана ресторандар ишмердиги | 279 |
| 6. | Билим берүү | 127 |
| 7. | Башка тейлөө ишмердиги | 3319 |
| 8. | 15 күнгө берилген патенттер | 49 |
| 9. | 30 күнгө берилген патенттер | 14030 |
| 10. | 90 күнгө берилген патенттер | 39 |
| 11. | 180 күнгө берилген патенттер | 15 |
| 12. | Ыктыярдуу патент субъекттеринде иштегендер | 842 |

(Каракол шаары боюнча ишкердиктин объектилерин патент боюнча иштеген жана өз алдынча ишкерлерди инвентаризациялоо жөнүндө 2014-жылдын 6-ноябрындагы справкадан)

Ишмердикти кыска мөөнөткө – 15 күндөн 30 күнгө чейин патенттөөдөн түшкөн каражаттардын көптүгү кыйыр түрдө бейформал экономиканын көлөмүн күбөлөндүрөт, анткени көпчүлүк учурда ишкерлер финансы-кредиттик мекемелерден кредит алуу үчүн кыска мөөнөттүү патенттерди сатып алышат.

Кредиттерди алгандардын арасында аялдардын көп экендиги алардын шаар бюджетинин киреше бөлүгүн өнүктүрүүгө кошкон салымын күбөлөндүрөт. Бирок салык төлөөчүлөр боюнча гендердик жактан жеткилең иштелген так маалыматтардын жоктугу аялдардын

жергиликтүү экономиканын өнүгүшүнө кошкон салымын аныктоого мүмкүндүк берген жок.

Салыктан тышкаркы кирешелер боюнча жыйымдар 550 миң сомго аткарылбай калган. Бул мурда белгиленген божомолдордун так эместигинен кабар берет. Салык инспекциясынын кызматкерлеринин айтымында, КР финансы Министрлиги божомол пландарды өтө эле көтөрүп жиберген. Жеке кирешеге салыктар боюнча план аткарылбаганы менен мурунку жылга салыштырганда өсүү темпи 148,2 пайыз болгон.

Роялтиден салык жыйноо пландалган эмес. Бирок 9 айдын ичинде бул статья боюнча Спирт заводунан жана лимонад чыгарган жеке менчик ишканадан 11,2 миң сом түшкөн. Алар пайдаланган суу үчүн төлөшкөн.

Жалпысынан шаар бюджетинин кирешесин мындан ары көбөйтүү маселесинин кем изилденгенин жана бул багытта божомолдордун жок экени байкалды.

Салыктар жана салыктан тышкаркы кирешелер боюнча божомолдордун так эместигинен бюджеттин планында көрсөтүлбөгөнү менен айрым статьялар боюнча салык жыйноо жүрөт, бюджетке каражаттар тынымсыз келип турат. Контролдук сандар жок болгондуктан, салык жыйноо ишинин эффективдүүлүгүнө баа берүү мүмкүн болбоду.

Мисалы, «Башка төлөмдөр жана жыйымдар» статьясы боюнча эч кандай сумма пландалган эмес, бирок, бул багытта салык жыйноо жүрүп жатат. Ал эми «административдик айыптар» статьясы боюнча салык жыйноонун планы 2,4 тыс. сом болсо, иш жүзүндө 742,1 тыс. сом чогултулган, же пландагыдан 739,7 миң сомго көп.

**Чыгаша бөлүгүн талдоо**

Таблица. 4 Мамлекеттин негизги функциялары боюнча чыгымдар 10 топко бөлүнөт.

| Мамлекеттик негизги функциялар боюнча чыгымдар | Чыгымдын аталышы | Каржылоо булагы |
|---|---|---|
| | 1. Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар | Жергиликтүү бюджет |
| | 2. Оборона | Республикалык бюджет, Жергиликтүү бюджет |
| | 3. Коомдук тартип жана коопсуздук | Республикалык бюджет |
| | 4. Экономикалык маселелер | Республикалык бюджет |
| | 5. Айлана-чөйрөнү коргоо | Республикалык бюджет |
| | 6. Турак-жай-коммуналдык кызматы | Жергиликтүү бюджет |
| | 7. Саламаттык сактоо | Республикалык бюджет |


| | | |
|---|---|---|
| | 8. Эс алуу, маданият жана дин | Жергиликтүү бюджет |
| | 9. Билим берүү | Республикалык бюджет Жергиликтүү бюджет |
| | 10. Социалдык коргоо | Республикалык бюджет Жергиликтүү бюджет |

Каракол шаарынын бюджети аркылуу 10 мамлекеттик чыгымдардын негизги функцияларынын 3 тобу толук каржыланат жана 3 тобу жарым-жартылай, 4 тобу республикалык бюджеттен түз каржыланат.

2014-ж. 9 айында шаардык бюджеттин чыгаша бөлүгү 124 606,7 миң сом болду, анын ичинен чыгымдалганы:

- Жалпы багыттагы мамлекеттик кызматтар – 12 948 миң сом (10,4%)
- шаардык аскер комиссариатына –522,1 миң сом, (0,4%)
- ЖКХ кызматына – 52 789,9 миң сом (42,4%)
- социалдык сферага – 58 346,2 миң сом (46,8%)
- маданиятка – 8 677,6 миң сом,
- билим берүүгө – 46 895,0 миң сом,
- социалдык коргоого – 2 773,6 миң сом).

**Диаграмма 3. 2014-жылга Каракол ш. боюнча функциялар боюнча чыгымдардын үлүшү**




Шаардык бюджеттин чыгымдар боюнча статьяларында гендердик багыттагы чыгымдар бар экени көрүнүп турат. Маселен, бюджетте зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүүчү борборго жана Үй-бүлө тибиндеги балдар үйүнө колдоо көрсөтүүгө багытталган статьялар каралган. Бирок бул демилгенин прогрессивдүүлүгүнө карабастан, зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүү менен

чектелүүгө болбойт. Анткени зомбулуктан балдар эле эмес, аялдар да катуу жабыркашат.  Зомбулуктан жабыркаган балдар менен энелерди бири-биринен ажыратуу балдардын укуктарын коргоого өбөлгө боло албайт.

Белгилей кетчү нерсе, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында гендердик саясат маселелерин жакшы билген адистер жок, гендер саясатын ишке ашыруу жоопкерчилиги аппараттын кызматкерине кошумча милдет катары жүктөлгөн.

Жалпысынан бюджеттин форматы жарандардын чыгымдардын бардык статьялары боюнча так жана толук маалымат алуусуна өбөлгө боло албайт. Маселен, шаар боюнча жалпы суммасы 91 115,7 миң сомго барабар “Башка чыгымдар” статьясы мурдагыдай эле ачык-айкын эмес бойдон калууда. Ошол эле учурда кышында туруктуу жашаган жери жок адамдар башка калоочу жайды каржылоо боюнча статья бюджетте көрсөтүлгөн эмес, бирок, бул жай үзгүлтүксүз иштеп жатат.

Инфраструктуранын өнүгүшүнө инвестициялар салынып[4] (эл аралык уюмдардын долбоорлорун кошо финансылоо формасында) жатат, бирок, тилекке каршы,   ал каражаттар “бош калдыктардын” эсебинен жүргүзүлөт. Шаардын өзүнүн бюджеттик чаралары экономиканын жана инфраструктуранын өнүгүшүнө өбөлгө боло албайт. Ошол эле учурда мэрдин резервдик фонду[5] эч кандай плансыз, стихиялуу түрдө чыгымдалат. Ал көбүнчө ар кандай акцияларга (майрамдарды белгилөө жана шаардын тигил же бул структураларын урматтоого) багытталган жана кайрымдуулукка сарпталат.

Ошондой эле мэрдин резервдик фонду көбүнчө маморгандардын: күч жана укук коргоо органдарынын, сот структураларынын  пайдасына сарпталганы да көзгө урунат. Андан тышкары, мэрдин резервдик фондунан мечиттин курулушуна жана медреседе окуу жылынын башталышына каражат бөлүнгөн. Бул КР мыйзамдарына карама-каршы келет.

Шаардык башкаруу органдарын (3 структуралар – мэрия, шаардык кеңеш жана жергиликтүү салыктар бөлүмү)  каржылоонун суммасы эс алуу инфраструктурасын, маданиятты жана динди

---

[4]Бош калдыктардын каражаттары 2014-жылы мектептердин инфраструктурасын жакшыртууга, мугалимдердин жана окуучулардын эс алуусуна бөлүштүрүлгөн:

- Каракол шаарынын 11 мектебинин тогузуна  АБРдин бул мектептердин санитария жана гигиена обьектилерин карй калыбына келтирүү боюнча долбоорун кошо финансылоо үчүн – 2, 5 млн. сом;
-  83 мугалимдин “Түп-Маяк” пансионатында жайкы эс алуусу үчүн – 100 миң сом;
- 40 жетим окуучунун, жарым жетимдердин, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарынын, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарынын, отличникьердин жайкы эс алуусу үчүн –  200 миң сом;
- шаардык билим берүүгө стимулдаштыруучу ж.б. гранттарды кошо финансылоого – 1500,0 миң сом;
-  мугалимдерге коммуналдык кызматтарды төлөө үчүн бир жолку компенсация –  1029, 0 миң сом;
- бир жолку, майрамдык иш-чараларды өткөрүүгө – 566, 5 миң сом.

[5]Резервдик фонд жергиликтүү бюджеттин эсебинен бюджеттин жалпы көлөмүнүн 1 пайызынын көлөмүндө күзүлөт. 2014-жылга карата Каракол шаарынын мэринин Резервдик фонду 1 млн. сом; шаардык Кенештики – 700 миң сом.

(музейлер, музыкалык мектеп жана борборлоштурулган китепканалар системасы) каржылоонун көлөмүнөн ашып түшөт: 17 661,9 миң сом жана 13 047,8 миң сом. Шаардык аскер комиссариатын жана Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментинин каржылоонун көлөмдөрүн салыштырсак: 813 миң сом жана 1 643,4 миң сом.

**Жыйынтыктар**

Жалпысынан шаар бюджетинин кирешесин мындан ары көбөйтүү маселесинин кем изилденгенин жана бул багытта божомолдордун жок экени байкалат. Салыктар жана салыктан тышкаркы кирешелер боюнча божомолдордун так эместигинен бюджеттин планында көрсөтүлбөгөнү менен айрым статьялар боюнча салык жыйноо жүрөт, бюджетке каражаттар тынымсыз келип турат. Контролдук сандар жок болгондуктан, салык жыйноо ишинин эффективдүүлүгүнө баа берүү мүмкүн эмес.

Киреше саясатын оптималдаштыруу жана жергиликтүү салыктар менен төлөмдөрдүн негизинде кирешенин кошумча булактарын пайдалануу үчүн жергиликтүү Кеңештин жетишерлик тажрыйбасы жана билими жок.

Шаардык бюджеттин чыгымдар боюнча статьяларында, албетте, гендердик багыттагы чыгымдар бар, бирок, алар адамдык чен-өлчөмдөрдөн куржалак.

Бюджеттин чыгашалар бөлүгүнүн айрым статьяларынын, мисалы, “Башка чыгымдар” статьясынын, деталдаштырылбаган жана конкретсиз. Ошондуктан, жарандар шаар бюджетинин чыгымдары боюнча так жана толук маалымат ала алышпайт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында гендердик саясат маселелерин жакшы билген адистер жок, гендер саясатын ишке ашыруу жоопкерчилиги аппараттын кызматкерине кошумча милдет катары жүктөлгөн.

